# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ ТАЖРЫЙБАЛАРЫН ИЗИЛДӨӨ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ

## (2014–2018-ж.)

Бул басылмада берилген ойлор Бириккен Улуттар Уюмунун, анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз караштарын чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын же алардын чек араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз караштарды чагылдырбайт.

УДК 347.9
ББК 67.99 (2 Ки) 90
К 97

К 97 **Кыргыз Республикасындагы терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларын изилдөө тууралуу отчет** / Ч. А. Айдарбекова, И. Асланова, Ж. Асангулова, Г. С. Дуйшенбекова, Р. А. Каримова, Б. Ж. Качикеева, З. С. Турумбекова. Б.: 2021 — 96 б.

ISBN 978-9967-9297-7-7

Кыргыз Республикасындагы терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттерди көрүүгө байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларын изилдөө тууралуу бул отчет Бириккен Улуттар Уюмунун Тынчтыкты орнотуу фондунун техникалык колдоо көрсөтүүсүнүн алдында БУУнун Өнүктүрүү Программасы, БУУнун – Аялдар Тузуму, БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссардын башкармалыгы (БУУ АУЖК) жана БУУнун Баңги заттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы (БУУ БЗКБ) тарабынан ишке ашырылып жаткан ««Зомбулуктуу экстремизмдин алдын алуу үчүн инклюзивдүү башкаруу жана сот адилеттүүлүгү системасы» долбоорунун жана «Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасы органдарында жана мекемелеринде зомбулукка радикализациялоонун алдын алуу» долбоорунун алкагында «Кыргыз аял сотторунун ассоциациясы» Коомдук бирикмеси тарабынан даярдалды.

Бул отчет Кыргыз Республикасынын Жогорку соту үчүн даярдалып чыкты жана соттордун, прокурорлордун, адвокаттардын, юристтердин ишмердүүлүктөрүндө колдонулушу мүмкүн, ошондой эле Кыргыз Республикасында экстремизмге жана терроризмге байланыштуу кылмыштар боюнча сот тажрыйбалары тууралуу маалыматтуулуктарын жогорулатуу максатында башка кызыкдар тараптар тарабынан дагы колдонулушу мүмкүн.

Отчетто ошондой эле, сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүүдө колдонулган усулдамалык материал жана курал дагы камтылган, алар жогоруда белгиленген кесипкөй топтордун илимий-практикалык кызыгуусун жаратуусу мүмкүн.

Бул басылмада келтирилген пикирлер Бириккен Улуттар Уюмунун, анын программа/долбоорлорунун, же өкмөттөрдүн көз карашын милдеттүү түрдө билдирбейт. Колдонулуучу белгилер тигил, же бул өлкөнүн, аймактын, же райондун, же алардын чек арасынын укуктук макамына тийиштүү кандайдыр бир пикирди билдиргендик катары кабылданбайт жана көрсөтүлгөн уюмдардын расмий көз карашын чакылдырбайт.

УДК 347.9
ISBN 978-9967-9297-7-7 ББК 67.99 (2 Ки) 90

Дизайн, компьютердик калыптоо: «Триада Принт» ЖЧК

Тиражы: 300

«Триада Принт» басмаканасында басылды.

# МАЗМУНУ

**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ** .... **4**

**КИРИШҮҮ** .... **5**

**1. ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕРДИ КӨРҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ** .... **11**

1.1. Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттерди көрүүнүн эл аралык-укуктук стандарттары .... 11

1.2. Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттерди көрүү боюнча улуттук мыйзамдары .... 18

**2. ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ ТАЖРЫЙБАЛАРЫНЫН ОБЗОРУ** .... **23**

2.1. Терроризмге байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларынын обзору .... 23

2.2. Экстремизмге байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларынын обзору .... 34

2.3. Терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштердин апелляциялык жана кассациялык инстанцияларда каралышы жөнүндө обзордук маалымат .... 46

2.4. Терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча сот адилеттигинин башка институттарынын ролу .... 50

**3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНИН АЛКАГЫНДА ТЕРРОРИЗМ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА ЭКСПЕРТИЗАЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАЖРЫЙБАСЫНЫН ОБЗОРУ** .... **52**

3.1. Жалпы маалымат .... 52

3.2. Жалпы статистикалык көрсөткүчтөр .... 55

3.3. Экспертизаны жүргүзүү тажрыйбасына анализ жасоо .... 57

3.4. Эл аралык ченемдер жана тажрыйба .... 64

**4. ИЗИЛДӨӨНҮН КОРУТУНДУЛАРЫ ЖАНА СУНУШТАМАЛАР** .... **68**

Корутундулар .... 68

Сунуштамалар .... 74

**5. ТИРКЕМЕЛЕР** .... **78**

1-тиркеме. Терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча сот процесстеринин катышуучуларынын ой-пикирлеринин обзору .... 78

2-тиркеме. Экстремизмге байланыштуу иштер боюнча бейнелик изилдөө усулунун жыйынтыктары .... 94

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **КР ЖС** | Кыргыз Республикасынын Жогорку соту |
| **САЖМ** | Сот адилеттигинин жогорку мектеби |
| **УКМК** | Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети |
| **ДИМК** | Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы |
| **МСЭК** | Мамлекеттик соттук-эксперттик кызмат |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **ИИМ** | Ички иштер министрлиги |
| **КАУБ** | КРнын Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борбору |
| **ИИО** | Ички иштер органдары |
| **«КАСА» КБ** | «Кыргыз аял сотторунун ассоциациясы» коомдук бирикмеси |
| **СД** | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти |
| **КР КЖК** | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси (1997-жылдагы редакциясында) |
| **КР КПК** | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-процесстик кодекси (1999-жыл) |
| **КИ** | Кылмыш иши |

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасындагы терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттерди көрүүгө байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларын изилдөө тууралуу бул отчет Бириккен Улуттар Уюмунун Тынчтыкты орнотуу фондунун техникалык колдоо көрсөтүүсүнүн алдында БУУнун Өнүктүрүү Программасы, БУУнун – Аялдар Тузуму, БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссардын башкармалыгы (БУУ АУЖК) жана БУУнун Баңги заттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы (БУУ БЗКБ) тарабынан ишке ашырылып жаткан ««Зомбулуктуу экстремизмдин алдын алуу үчүн инклюзивдүү башкаруу жана сот адилеттүүлүгү системасы» долбоорунун жана «Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасы органдарында жана мекемелеринде зомбулукка радикализациялоонун алдын алуу» долбоорунун алкагында «Кыргыз аял сотторунун ассоциациясы» Коомдук бирикмеси тарабынан даярдалды.

Терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүү зарылдыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, биздин коомдогу терроризм жана экстремизм сыяктуу салыштырмалуу жаңы көрүнүштөргө каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жооптуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программалык документтеринен келип чыкты[1].

Жалпыга маалым болгондой, терроризм жана экстремизм коомдун коопсуздугу үчүн өзгөчө коркунучтуу көрүнүш катары, аймактык куралдуу карама-каршылыктардын пайда болуу шарттарында, аны менен катарлаш миграциялык агымдардын көбөйүшүнөн улам өзүнүн таасир этүү чөйрөсүн өзгөчө ылдамдыкта кеңейтип жатат, өзүнүн усулдарын, тажрыйбаларын дайыма жакшыртууда жана мына ушундайча бүткүл дүйнө жүзүндөгү тынчтыкка коркунуч жаратып жатат. Мамлекеттин пайдубалын, коомдун баалуулуктарын дестабилизациялоого багытталган туруктуу террористтик жана экстремисстик уюмдар менен топтордун ишмердүүлүктөрү, мамлекеттердин өз жарандарынын коопсуздуктарына карата пайда болуучу коркунучтардын алдын алуучу ар түрдүү чараларды кабыл алууга түртүүдө, ошондой эле дүйнөлүк коомчулуктун тынчсыздануусун жаратууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет болуп саналат, терроризм жана экстремизм менен күрөшүү процессинде улуттук коопсуздукту коргоо, коомдук тартипти сактоо, адамдын укуктарын өлчөөсүз чектөөгө жана бийликтин өзүм билемдигине жол бербөө максаттарында анын бардык мамлекеттик органдарынын ишмердүүлүктөрү мыйзам тарабынан жөнгө салынышы керек.

Мына ушуга байланыштуу, «Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө», «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү» мыйзамдары кабыл алынган, жазык мыйзамында террордук жана эксремисттик багыттагы кылмыштардын курамдары караштырылган. Мындай категориядагы кылмыштар жасалган учурда каралган укуктук механизмдердин таасирдүүлүгү, кылмышкерлерди жазык жоопкерчилигине тарта турган укук коргоо органдары жана соттор ишке ашырган укукту колдонуу тажрыйбасы аркылуу гана текшерилет.

Мына ушуга байланыштуу, мындай категориядагы иштерди кароо боюнча калыптанып калган соттук тажрыйба, терроризм жана экстремизм менен күрөшүүдө мыйзамдаштырылган укуктук механизмдердин (усулдардын) натыйжалуулугун,

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, 21-июнь, 2017-жыл, №394, 2017–2022-жылдарга карата Экстремизмге каршы аракеттерди көрүү боюнча программа бекитилген.

өлкөдөгү мындай кылмыштуулуктун деңгээлин, кылмышкерлердин социалдык портретин, бул кылмыштарга аялдардын тартылуусун, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана соттордун кесипкөйлүктөрүн, укукту колдонуудагы көйгөйлөрдү, ошондой эле адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушун ж.б. көрсөтөалат. Сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүүнүн жыйынтыктары, терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты өзгөртүү, укук коргоо органдары менен соттордун ишмердүүлүктөрүн жакшыртуу, адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоону күчөтүү үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасында террордук жана экстремисттик ишмердүүлүлүккө каршы күрөшүү процессине катышкан башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын жана башка органдардын ишмердүүлүктөрүнүн натыйжалуулуктарын жакшыртуу үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

Терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүүдө, «Кыргыз аял сотторунун ассоциациясы» КБ Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, жергиликтүү соттор, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Жогорку сот адилеттиги мектеби менен тыгыз байланышта иштеди, алар бул Отчетто баяндалган, анализденген маалыматтарга жеткиликтүүлүктү уюштурууда салымдарын кошушту.

Отчетту даярдоодо сот иштеринин материалдары, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары, сот процесстеринин түздөн түз катышуучуларынын маалыматтары, буга үндөш темалар боюнча изилдөө жүргүзгөн башка уюмдардын отчеттору жана ачык булактардан алынган башка маалыматтар колдонулду.

Бул Отчетту даярдоого Дуйшембекова Г. С., Каримова Р. А., Айдарбекова Ч. А., Асланова И., Асангулова Ж., Качикеева Б., Турумбекова З. С. жана башкалар катышышты.

# СОТ ТАЖРЫЙБАЛАРЫНА ИЗИЛДӨӨ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Бул изилдөөнүн максаты, мындай категориядагы иштер боюнча сот тажрыйбаларын жакшыртуу боюнча сунуштамаларды даярдоо үчүн 2014–2018-жылдар аралыгындагы терроризмге жана экстремизмге байланыштуу сот тажрыйбаларына анализ жүргүзүү болуп эсептелет (КРнын 1997-жылкы редакциясындагы Кылмыш-жаза кодексинин (мындан нары КР КЖК) 226, 226-1, 226-2, 226-3, 226-4, 226-5, 226-6, 227, 228, 229, 299-1, 299-2, 299-3, 375-беренелери).

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. Терроризм жана экстремизм менен байланыштуу кылмыш иштерин соттор караган учурда адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин, эл аралык стандарттардын бузулган учурларын аныктоо, ошондой эле процесстик ченемдерге ылайык укукту колдонуудагы көйгөйлөрдү аныктоо.
2. Соттордун мындай категориядагы кылмыш иштерин (КИ) иликтөөдө колдонгон ыкмаларын аймактарга бөлүп аныктоо жана өйдөкү сот инстанцияларынын ылдыйкы сот инстанцияларынын чечимдерин жокко чыгарууларынын негизги себептерин аныктоо.
3. Мындай категориядагы иштерди кароодо укук коргоо органдарынын, сот адилеттиги институттарынын, адвокаттардын ортосундагы, ошондой эле бул чөйрөдө иштеген мамлекеттик уюмдардын жана мекемелердин, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын (ЖӨӨБО) ортосундагы өз ара аракеттенишүүлөрдө орун алган көйгөйлөрдү аныктоо;
4. Терроризмдин жана экстремизмдин алдын алуу жана токтотуу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашырган башка мамлекеттик органдарга жана сотторго, укуктук ченемдерди бирдей колдонуу боюнча сот тажрыйбаларын мындан нары жалпылаштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна сунуштамаларды иштеп чыгуу.

# СОТ ТАЖРЫЙБАЛАРЫНА ИЗИЛДӨӨ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН УСУЛУ

Терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүүнүн усулу өйдөкү инстанциядагы соттор караган, күчүнө кирген сот актыларын эске алуу менен, биринчи инстанциядагы соттор караган кылмыш иштеринин материалдарын түздөн түз изилдөөгө негизделген. Сот тажрыйбаларына анализ жүргүзүү мындай категориядагы иштер боюнча сот процесстеринин катышуучулары менен түздөн түз маектешүүлөрдү эске алуу аркылуу ишке ашырылды.

Мындай изилдөө үчүн 2014–2018-жылдар аралыгында (2018-жылдын 8 айы) КР КЖКсынын 226, 226-1, 226-2, 226-3, 226-4, 226-5, 226-6, 227, 228, 229, 299-1, 299-2, 299-3, 375-беренелери боюнча соттордун кароосуна келип түшкөн бардык иштерди изилдөө караштырылган.

Белгиленген убакыт аралыгынын ичинде, соттор тарабынан мындай иштердин каралышы боюнча сот статистикасы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти тарабынан алынды, ага ылайык бул жүргүзүлгөн изилдөөнүн географиялык алкагы аныкталды.

**1-таблица.** Изилдөөдө каралган кылмыш иштеринин статистикасы

| Аймактар | Сот департаментинен алынган КИ саны | Чек барагы боюнча каралган КИ саны | Каралган КИ боюнча соттолгондордун саны |
|---|---|---|---|
| **Ош** | 303 | 160 | 200 |
| **Жалал-Абад** | 167 | 125 | 125 |
| **Баткен** | 56 | 40 | 40 |
| **Чүй** | 32 | 11 | 11 |
| **Талас** | 7 | 9 | 11 |
| **Нарын** | 15 | 17 | 17 |
| **Ысык-Көл** | 19 | 22 | 22 |
| **Бишкек** ш. | 107 | 70 | 70 |
| **Баары** | **706** | **454** | **496** |

Сот тажрыйбаларына изилдөө 2019-жылдын март айынан сентябрь айына чейин жүргүзүлдү.

Сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүүдө объективдүү жана максималдуу түрдө реалдуу маалыматтарды табуу, аныктоо үчүн изилдөөнүн сандык жана сапаттык ыкмаларына негизделген аралаш усулдук ыкма колдонулду.

Сандык усулдун жардамы менен кылмыш иштеринин мазмундарына контент-анализ жасалды, бул изилдөө тобу тарабынан иштелип чыккан статистикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө жана кылмыштардын динамикасын, башка көрсөткүчтөрдү аныктоо үчүн сандык мааниге которулган кылмыш иштеринин материалдары менен соттук чечимдердин мазмундарын изилдөө дегенди түшүндүрөт.

Сандык маалыматты чогултуунун ыңгайлуулугу үчүн андан ары аларды кайрадан карап чыгуу жана анализ жүргүзүү боюнча маалыматтын 24 так аныкталган бөлүмүн өзүнө камтыган курал – чек баракчасы даярдалган.

Изилдөө чөйрөсүнө өзүнө мамлекеттик купуя сырды камтыган, ошондой эле 2019-жылдын 1-январында мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын жаңы Жазык кодексинин кабыл алынышына байланыштуу кайра кароого жөнөтүлгөн сот иштери кирген жок.

Укук колдонуу тажрыйбасында орун алып келе жаткан көйгөйлөрдү (кемчиликтерди) тереңирээк түшүнүүгө жол ачкан изилдөөнүн сапаттуу усулдарынын жардамы менен, сот процесстеринин түздөн түз катышуучулары менен тереңдетилген маектешүүлөр, терроризмдин жана экстремизмдин алдын алуу жана күрөшүү үчүн жарандар менен аныкталган бир аракеттерди аткарууну жазуу жүзүндө көрсөтүп турган ченемдик-укуктук актыларды укуктук жактан колдонуу процессине катышкан башка жарандар менен дагы тереңдетилген маектешүүлөр жүргүзүлдү (бейнелик усул жана ченемдик-укуктук актыларга укуктук анализ). Тереңдетилген маектешүүлөрдү жүргүзүү үчүн респонденттердин эки тобу бөлүнүп алынды: (1) түз, сот процессинин түздөн түз катышуучулары болуп саналгандар; (2) кыйыр, сот адилеттигине жөнөтүүдө ой-пикирлери сот тарабынан эске алына турган жарандар. Түз респонденттерге киргизилди; мындай категориядагы иштерди кароо боюнча тажрыйбага ээ соттор; мындай категориядагы иштерге катышуу тажрыйбаларына ээ прокуратуранын кызматкерлери; Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин (УКМК) кызматкерлери; ички иштер

органдарынын (ИИО) кызматкерлери; адвокаттар; мындай категориядагы иштер боюнча соттолгондор.

Кыйыр респонденттерге киргизилди: КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени); Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борбору; КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы (ДИМК); КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызмат (МСЭК); бул чөйрөдө иштөө тажрыйбасына ээ укук коргоо уюмдары; мындай иштердин категориялары боюнча экспертиза жүргүзгөн көз карандысыз эксперттер; академиялык чөйрөдөгү эксперттер; Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы.

Тереңдетилген маектешүүлөрдү берүүчү жарандарды тандоо «Кыргыз аял сотторунун ассоциациясы» КБ расмий түрдө кайрылган жогоруда аты аталган ар бир мамлекеттик уюмдан же бул уюмдар сунуштаган талапкерлердин сунуштары эске алынды жана изилденген сот иштеринен алынган маалыматтарга негизделген. Потенциалдуу респонденттердин тизмесин түзүүдө, акыркы учурларда терроризмге же экстремизмге байланыштуу иштерге дайыма катышышкан же тартылган жарандар тандалып алынды. Усулга ылайык, соттолгон адамдар менен дагы тереңдетилген маектешүү жүргүзүү пландаштырылган, бирок болгону бир гана соттолуучу маек берди, башкалары болсо таптакыр баш тартышты.

Потенциалдуу респонденттердин тизмелерин түзүүдө гендердик жана этностук тиешелүүлүгү, жаш курагы жана географиялык алкагы эске алынган. 36 жаран менен тереңдетилген маектешүүлөр жүргүзүлдү, алардын ичинен соттор (8), прокурорлор (6), адвокаттар (5), укук коргоо органдарынын тергөөчүлөрү (11), КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин өкүлдөрү) (2), Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борбору (3), адам укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик эмес уюмдардын өкүлдөрү (3), соттолгондор (1). Изилдөөнүн алкагында, КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын, КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматынын, Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын өкүлдөрү менен маектешүү өткөрүлгөн жок. Бул акыркы саналып өткөн уюмдардын баары биздин уюмга маектешүү өткөрүү үчүн өздөрүнүн кызматкерлеринин жеткиликтүү болушу жаатында, расмий түрдө баш тарткан жоопторду беришти.

Белгилей кетчү нерсе, бул изилдөөнүн алкагында бейнелик усул боюнча дагы изилдөө жүргүзүү пландаштырылган, ага ылайык конкреттүү тандалып алынган кылмыш иштеринин негизинде адам укуктарынын процесстик жана стандарттык ченемдеринин бузулуусун аныктоо ниети болгон (соттук коргоого ээ болуу укугу, адвокат алуу укугу, кыйноолордон эркин болуу укугу, котормочу алуу укугу ж.б.), мында алардын үч инстанциялар боюнча кыймылдары аркылуу сот адилеттигинин бардык циклдерин изилдөө мүмкүн эле. Бейнелик ыкма усулу боюнча бейне анализденди деп эсептелет, эгерде маектешүүнүн жүрүшүндө бардык үч инстанцияны кошкондогу сот процесстеринин катышуучуларынын 70 проценттен аз эмеси сурамжылоого катышып маек беришсе, ошону менен катар соттолгон жарандын маектешүүгө катышуусу милдеттүү деп эсептелген. Бул усулду жүргүзүү үчүн 2 бейне тандалып алынган (түндүктө жана түштүктө), бирок бул 2 бейнени изилдөөнүн жүрүшүндө бул бейнелердин түздөн түз катышуучулары менен зарыл маектешүүнү алуу, чогултуу кыйынчылыкты туудурду. Соттор КРнын Конституциясынын «соттор каралган иштер боюнча отчет берүүгө милдеттүү эмес» деген ченемине таянуу менен маек берүүдөн

баш тартышты, бул иштерди иликтеген тергөөчүлөр жумуштан бошонуп кетишиптир, соттолгондар дагы өздөрүнүн иштери боюнча кандайдыр бир комментарийлерди берүүдөн баш тартышты.

Изилдөөнү жүргүзүүнүн сапатына жалпы көзөмөл жүргүзүү, КРнын Жогорку сотунун сотторун жана КРнын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментинин өкүлдөрүн, КРнын Жогорку сотунун алдындагы Сот адилеттигинин жогорку мектебинин, мамлекеттик органдардын жана мамлекеттик эмес уюмдардын өкүлдөрү курамына кирген жумушчу топ тарабынан ишке ашырылды[2], көзөмөл ошондой эле «Кыргыз аял сотторунун ассоциациясы» КБ тарабынан ишке ашырылган долбоордун менеджери тарабынан дагы ишке ашырылды.

Сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүү усулунун чек баракчалары, терендетилген маектешүү үчүн суроолордун топтому сыяктуу куралдарынын сапаттарына көзөмөл жүргүзүү, жогоруда аталган жумушчу топ тарабынан сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүүнүн усулун бекитүү учурунда аткарылды, ошондой эле Бишкек шаарынын райондук сотторунун бирөөсүндө пилот катары текшерүү, ага ылайык жакшыртып иштеп чыгуу жолу менен көзөмөлдөндү.

Бул изилдөөнү жүргүзүүдө кездеше турган тобокелчиликтер (коркунучтар, кыйынчылыктар) катары кийинкилер белгиленди: (1) контент анализде КРнын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментинин статистикасы боюнча сунуш кылынган бардык иштер камтылбайт, себеби КРнын жаңы Жазык кодекси кабыл алынганына байланыштуу көптөгөн кылмыш иштери экинчи же үчүнчү инстанцияда кайрадан каралып жатышы мүмкүн; (2) контент анализ тарабынан гриф купуялуулукка ээ кылмыш иштери камтылбайт, бул дагы изилдөөнүн алкагында түздөн түз иликтенген иштердин статистикасын төмөндөтүшү мүмкүн; (3) изилдөөнүн бейнелик усулунда бир бейненин алкагында соттолгон жарандын, соттордун, прокурорлордун, адвокаттардын катышуусу мүмкүн эместиги жана ар бир бейне боюнча процесстин 70% дан аз эмес идентификацияланган катышуучулары сурамжылоого катышышат жана дал мына ушул учурда мындай изилдөө токтоп калат (себептери ар түрдүү болушу мүмкүн: аймактарга ротацияланып кетүү, башка мамлекеттик же укук коргоо органдарына өтүү, кызматы боюнча жогорулоо ж.б.); (4) укук коргоо жана башка органдар тарабынан берилген респонденттердин талапкерлери мындай категориядагы иштер боюнча жеткиликтүү тажрыйбаларга ээ эмес болуп чыгышат, бул болсо алынган маалыматтардын толук эместигине алып келет; (5) тереңдетилген маектешүүлөрдө респонденттердин «гендердик өкүлчүлүгү» критерийинин аткарылбай калышы, себеби мындай категориядагы кылмыш иштерин эрежеге ылайык эркек жарандар алып барышат ж.б.

Изилдөөнүн усулу боюнча, сот тажрыйбаларына анализ жүргүзүү өзүнө эл аралык жана улуттук мыйзамдарды аларды гармонизациялоо жаатында сыпаттоону жана анализдөөнү камтыйт: сот тажрыйбаларынын көрсөткүчтөрүн динамикасы, аймактарга бөлүнүшү, соттолгондор жөнүндө демографиялык көрсөткүчтөрү боюнча анализдөө; мыйзамдардын соттор тарабынан ар түрдүү колдонулушун сыпаттоо; укук ченемин колдонуудагы табылган мыйзам бузууларды жана алардын пайда болушунун себептери жана шарттары.

Чогултулган маалыматтарды анализдөөнүн жыйынтыгында иштелип чыккан корутундулар жана сунуштамалар сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр менен негизделген, ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө мындай категориядагы иштердин соттор тарабынан каралышында табылган көйгөйлөрдү чечүүдө жана четтетүүдө иш билгиликтүү тиешелүү мамлекеттик органдарга даректелди.

2. «Эл аралык толеранттуулук үчүн» КФ, «Жаштарды өнүктүрүү институту» КФ.

# 1. ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕРДИ КӨРҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕРДИ КӨРҮҮНҮН ЭЛ АРАЛЫК-УКУКТУК СТАНДАРТТАРЫ

«Терроризм» укуктук түшүнүгү технологиялардын жана коомдук мамилелердин өнүгүшүн эске алуу менен кубула өзгөрүп жаткан адамдарга, уюмдарга, мамлекеттик түзүлүшкө каршы зомбулуктуу актылардын массалык көрүнүштөрүнө тынчсызданган эл аралык уюмдардын жана мамлекеттердин ишмердүүлүктөрүнүн жыйынтыгында калыптанды.

«Терроризм» заманбап түшүнүгү негизинен, 1963-жылдан баштап Бириккен Улуттар Уюму жана анын адистешкен мекемелери тарабынан кабыл алынган бир катар эл аралык келишимдер менен макулдашуулардын негизинде куралып аныкталды, ал эл аралык укуктун ченемдерин жана жалпы кабыл алынган принциптерин тааныган документтердин катышуучусу болуп эсептелген өлкөлөр үчүн арналган протоколдордо, резолюцияларда жана башка актыларда такталган, деталдашкан жана интерпретацияланган.

Демек, БУУнун 1979-жылдын 17-декабрындагы Барымтага алууларга каршы күрөшүү жөнүндө конвенциясына (КРнын 2003-жылдын 15-апрелиндеги №78 мыйзамы менен ратификацияланган) ылайык, үчүнчү тарапты, тактап айтканда: мамлекетти, өкмөттөр аралык эл аралык уюмду, кайсы бир жеке же юридикалык тарапты, же болбосо тараптардын тобун – барымтага алынган адамды бошотуу үчүн түз же кыйыр шарт түзө турган бардык актыларды жасоого же жасабоого мажбурлоо үчүн, башка жаранды барымтага алган же кармаган жана өлтүрөм, зыян келтирем деп коркуткан же барымга алууну уланткан кайсы гана адам болбосун, бул Конвенциянын мааниси боюнча барымтага алуу кылмышын жасады деп таанылат (1-бер.) [3].

*1994-жылдын 9-декабрында кабыл алынган эл аралык терроризмди жоюу боюнча чаралар жөнүндө декларация,* терроризм актылары, усулдары жана тажрыйбалары БУУнун максаттарына жана принциптерине карата өтө орой этибарсыз кайдыгер мамиле катары таанылаарын карап чыкты, ал эл аралык тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч жаратышы мүмкүн, мамлекеттердин ортосундагы ынтымактуу мамилелерге коркунуч туудурушу, эл аралык кызматташтыкка тоскоол болушу, адам укуктарын, негизги эркиндиктерин жана коомдун демократиялык негиздерин талкалашы мүмкүн. Адамдардын тобунун, же болбосо конкреттүү адамдардын саясий максатта кеңири коомчулуктун арасында террор жагдайын жаратууга багытталган же жасоо ниетин билдирген кылмыштуу актылары жактырылышы (акталышы) мүмкүн эмес, аларды актоого багытталган кандай гана саясий, философиялык, идеологиялык, расалык, этностук, диний же бардык башка мүнөздөгү ойлор болбосун эч качан колдоо таппайт (2-3-пунктулары)[4].

*1997-жылдын 16-декабрында кабыл алынган Бомбалык терроризм менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция* «терроризм» түшүнүгүн «жардыруучу же дагы башка өлүмгө дуушар кылган түзүлүш», «коомдук колдонулуучу жайлар» жана башка жаңы

3. «Токтом» маалыматтык-укуктук порталы.

4. Терроризмди каржылоо менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция. – https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/terfin.shtml

укуктук түшүнүктөр менен толуктайт (1-бер.)[5]. Бул Конвенциянын 2-беренесине ылайык, кайсы гана адам болбосун ал кылмыш жасады деп эсептелинет, эгерде ал коомдук колдонулуучу жайлардын, мамлекеттик же өкмөттүк объектилердин, коомдук транспорттун же инфраструктура системасынын объектисинин чектеринде жарылуучу же өлүмгө дуушар кылуучу түзүлүштү атайылап жеткирсе, жайгаштырса, аракетке киргизсе же жардырса же, дал ушул сыяктуу мындай жайларга, объектилерге же системаларга каршы өлүмгө дуушар кылуу же олуттуу зыян келтирүү, же болбосо ири көлөмдөгү талкаланууга дуушар кылуу ниетинде багытталса, мындай талкалоолор ири экономикалык зыяндарга алып келсе же алып келиши мүмкүн болсо дагы кылмыш жасады деп таанылат.

Террордук ишмердүүлүктүн булактарын токтотуу үчүн *1999-жылдын 9-декабрында* Терроризмди каржылоо менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция кабыл алынган.[6] Бул Конвенциянын мазмунуна ылайык, кайсы гана адам болбосун кылмыш жасады деп эсептелинет, эгерде ал бардык усулдар менен, түз же кыйыр, мыйзамсыз же атайылап каражаттарды берсе, же болбосо аларды чогултууну ишке ашырса, ал каражаттар толугу менен же бөлүк бөлүгү менен төмөнкү аракеттер үчүн колдонуларын түшүнүп, билип туруп ишке ашырса: а) келишимдердин, анын тиркемелеринде саналып көрсөтүлгөндөрдүн жана алар камтыган аныктамалардын бирөөнү колдонуу чөйрөсүндө өзүнө кылмышты камтыган кайсы бир аракетти; b) кайсы бир катардагы адамды же болбосо куралдуу карама-каршылыктар кырдаалында аскердик аракеттерге активдүү катышпаган кайсы гана адамды болбосун өлүмгө дуушар кылууга, же болбосо ага оор дене бойлук зыян алып келүүгө багытталган болсо, бул аракеттердин максаты, анын мүнөзү же контексти калкты коркутуу, же өкмөттү болбосо эл аралык уюмду кайсы бир аракеттерди жасоого же аны жасоодон алыс болууга мажбурлоого багытталган болсо (2-бер.).

«Терроризм» түшүнүгүн калыптандырууга маанилүү салым кошуучу *2008-жылдын 6-майында (Рабат) кабыл алынган Терроризм менен күрөшүү максатында өз ара* укуктук жардам берүү жөнүндө конвенция болду, анда терроризмге каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндөгү бардык эл аралык келишимдер жана макулдашуулар саналып берилген, террордук багыттагы ж.б. кылмыштарды жасаган адамдарды сот адилеттиги органдарына өткөрүп берүү субъектилери жана тартиби аныкталган. Муну менен чогуу эле, бул Конвенцияда сот адилеттиги органдарына террордук багытка тиешелүү кылмыштарды жасоого шектелген адамдардын аракеттерин туура квалификациялоого багыт берген бир катар маанилүү жоболор каралган. Мисалы, Конвенциянын 5-беренесинде катышуучу-мамлекеттердин ортосунда терроризм менен күрөшүү жөнүндө жалпы документтерде[7] каралган кылмыштар менен күрөшүүдө өз ара укуктук

5. Терроризмди каржылоо менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция– https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/terfin.shtml
6. Терроризмди каржылоо менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция– https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/terfin.shtml
7. Терроризм менен күрөшүү жөнүндө жалпыга таандык документтер төмөнкүлөр:
    a) Аба учактарынын ичинде жасалган кылмыштар жана башка актылар жөнүндө конвенция (Токиодо кол коюлган, 14-сентябрь, 1963-жыл)4
    b) Аба учактарын мыйзамсыз барымтага алуу менен күрөшүү жөнүндө конвенция (1970-жылдын 16-декабрында Гаагада кол коюлган);
    c) Жарандык авиациянын коопсуздугуна каршы багытталган мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндө конвенция (1971-жылдын 23-сентябрында Монреалда түзүлгөн);
    d) Эл аралык коргоодон колдонгон жарандарга, анын ичинде дипломатиялык агенттерге каршы кылмыштарды жазалоо жана токтотуу жөнүндөгү конвенция (Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тараыбнан кабыл алынган, 14-декабрь, 1973-жыл);
    e) Барымтага алуу менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1979-жылдын 17-декабрында кабыл алынган);
    f) Ядердик материалды физикалык коргоо жөнүндө конвенция (1980-жылы 3-мартта Венада кабыл алынган);

жардам жана аны берүү максаты саясий кылмыш, саясий кылмыш менен байланыштуу кылмыш же саясий максаттардан улам жасалган кылмыш деп эсептелбейт, ошондой эле каржылык кылмыш же каржылык кылмыш менен байланыштуу кылмыш деп эсептелбейт. Мына ушундан улам, мындай кылмыштарга (терроризм жана экстремизм кылмыштарына) байланыштуу өз ара укуктук жардам көрсөтүү же берүү жөнүндө сураныч, ал саясий же каржылык кылмыштарга тиешелүүлүгүнүн негизинде четке кагылышы мүмкүн эмес.

Ошондой эле, бул Конвенциянын жоболорун чечмелөөдө, эгер адамды расасы, дини, улуту, этностук келип чыгуусу, саясий ишенимдерине байланыштуу жазалоо же болбосо соттук куугунтуктоо, ушул себептердин кайсынысы болбосун ал адамдын абалын начарлатуу максатында, терроризм менен күрөшүү жөнүндө жалпы документтерде каралган кылмыштардын бирөөсүн жасоого же кылмыш көйгөйлөрүнө байланыштуу өз ара укуктук жардам көрсөтүүгө же жардам берүү жөнүндө сураныч канааттандырылбоосу зарыл, мындай түшүнүк таптакыр болбоосу керек.

Кылмыштуулуктун алдын алуу чөйрөсүндөгү Жетектөөчү принциптерге, жаңы эл аралык экономикалык тартип жана өнүгүү контекстиндеги жазыктык сот адилеттигине ылайык, (БУУнун Кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга кайрылуу боюнча жетинчи конгрессинде кабыл алынган Милан аракеттер планына тиркеме. Милан (Италия), 26-август, 1985-ж.) терроризм баңги заттарын мыйзамсыз айлантуу, апартеид сыяктуу кылмыштар менен бир катарда каралып, укук тартибине жана өзгөчө олуттуу масштабда ички коопсуздукка кол салуу менен байланышкан өзгөчө коркунучтуу кылмыш деп таанылды (6-п.).

Терроим менен күрөшүү үчүн иштелип чыккан жогоруда аты аталган БУУнун негизги эл аралык документтеринин маанисинен алганда, «терроризм» ар түрдүү квалификациялоочу белгилерге, чогултуучу мүнөзгө ээ көрүнүш болуп эсептелет жана БУУнун катышуучу мамлекеттеринин суверинитеттерине ылайык террордук багыттагы кылмыштардын бир нече курамынан калыптанышы мүмкүн.

Муну менен катар эле, террордук багыттагы кылмыштарды квалификациялаган эл аралык келишимдердин жогоруда аты аталган жоболору, катышуучу мамлекеттерди өздөрүнүн улуттук мыйзамдарын кабыл алууда кармануунун милдеттендилген эл аралык стандарттар болуп эсептелет.

g) Эл аралык жарандык авиацияны тейлеген аэропорттордогу мыйзамсыз зомбулук актылары менен күрөшүү жөнүндө протокол, 1971-жылдын 23-сентябрындагы Конвенцияны толуктоочу (1988-жылы 24-февралда Монреалда түзүлгөн);
h) Деңиз жолдорунун коопсуздугуна каршы багытталган мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндө конвенция (1988-жылы 10-мартта Римде түзүлгөн);
i) 1988-жылдын 10-мартындагы Континенттик шельфте жайгашкан стационардык платформалардын коопсуздуктарына каршы багытталган мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндө конвенцияга карата протокол (1988-жылдын 10-мартында Римде кол коюлган);
j) Пластикалык жардыруучу заттарды табуу максатында аларды маркерлөө жөнүндө конвенция (1991-жылдын 1-мартында Монреалда түзүлгөн);
k) Бомбалык терроризм менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган, 1997-жылдын 15-декабры);
l) Терроризмди каржылоо менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган, 9-декабрь, 1999-жыл);
m) Ядердик терроризм актылары менен күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2005-жылдын13-апрелинде кабыл алынган);
n) Ядердик материалды физикалык коргоо жөнүндө конвенцияга түзөтүү (2005-жылы 8-июлда Венада кабыл алынган);
o) Деңиз жолдорунун коопсуздугуна каршы багытталган мыйзамсыз актылар менен күрөшүү жөнүндө конвенцияга карата Протокол (2005-жылы 14-октябрда Лондондо кол коюлган);
p) Континенттик шельфте жайгашкан стационардык платформалардын коопсуздуктарына каршы багытталган мыйзамсыз актылар менен көрүшүү жөнүндө конвенцияга карата Протоколго тиешелүү Протокол (2005-жылдын 14-октябрында Лондондо кол коюлган)

Аймактык конкреттүү жамаатта мындай кылмыштардын пайда болушунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, «терроризм» түшүнүгүн иштеп чыккан башка аймактык эл аралык уюмдардын ролдорун белгилеп кетүү керек. Демек, 2009-*жылдын 16-июнундагы* Шанхай уюмдарынын кызматташтыгынын Терроризмге каршы Конвенциясына ылайык, «терроризм» жеке адамга, коомго жана мамлекетке зыян келтирүүгө багытталган жана калкты коркутуу менен байланыштуу зомбулуктуу коркунучтарды жана (же) башка кылмыштуу аракеттердин жасалышы же жасоо корунучтарын жаратуу жолу менен, бийлик органдарынын же эл аралык уюмдардын чечим кабыл алуу процессине таасир этүү тажрыйбасы, зомбулук идеологиясы катары аныкталды. «Террордук акты» — саясий, диний, идеологиялык жана башка максаттарга жетишүү үчүн бийлик органдарынын же эл аралык уюмдардын чечимдерине таасир этүү жолу, калкты коркутуу менен байланышкан жана адамдын жашоосу менен ден соолугуна коркунуч жараткан, олуттуу мүлктүк зыян келтирүүгө, же болбосо экологиялык кыйроонун, башка оор зыяндардын болушуна багытталган аракеттер, ошондой эле бул аракеттердин жасала тургандыгы менен коркутуу. «Террордук уюм» деп түшүнөбүз: а) Бул Конвенцияда көрсөтүлгөн кылмыштарды жасаган жана (же) жасоо үчүн түзүлгөн кылмыштуу топ, мыйзамсыз куралдуу топтор, банда, кылмыштуу жамаат; б) Юридикалык тарап, эгерде анын атынан же көрсөтмөсү боюнча, же болбосо анын кызыкчылыгынын негизинде бул Конвенцияда көрсөтүлгөн кылмыштардын эң жок дегенде бирөө жасалса жана уюштуруу пландаштыруу, даярдануу ишке ашырылса.

Бул Конвенциянын преамбуласында, анын жоболору БУУнун Терроризм менен күрөшүү жөнүндө жогоруда саналып өткөн жалпыга таандык документтерине толугу менен жооп берген 2001-жылдын 15-июнундагы терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүү жөнүндөгү Шанхай конвенциясынын жоболорун өнүктүрүүнүн негизинде даярдалды деп белгиленип турат. Бирок, 2009-жылдын 16-июнундагы Шанхай кызматташтык уюмунун терроризмге каршы Конвенциясы «терроризм» түшүнүгүн абдан кеңири интерпретациялана турган зомбулук идеологиясы деп колдонду.

«Терроризм» түшүнүгү менен чогуу «экстремизим» түшүнүгү көп колдонулууда, анын мазмуну биринчисинен айырмаланып турат.

Экстреми́зм (extremus лат. тил. — аша чапкандык, чектен тышкары) — аша чапкан көз караштарга, аракеттердин усулдарына берилгендик (адатта саясатта)[8].

«Экстремизм» түшүнүгүн калыптандырган эл аралык актылардын ичинен ачык булактарда, 2003-жылы кабыл алынган Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын Резолюциясы (ЕКПАР)[9]

Бул Резолюциянын 3-пунктуна ылайык, «экстремизм ачык же купуя түрүндө парламенттик демократиянын принциптерин четке каккан, иш жүзүндө сабырсыздык, ажыратуу, ксенофобия, антисемитизм жана ультранационализм идеологиясына негизделген саясий ишмердүүлүктү өзүнө камтыйт». ЕКПАР айрым экстремисттик кыймылдар өз аракеттерине динден негиз табууга умтулуп жатышкандыктарын жана мындай агым эки кабаттуу коркунучту өзүнө камтый тургандыгын баса белгилейт: бир тараптан, бул сабырсыздыкты тутандырууга, диний фанатизмге жана фундаметализмге жол ачат, экинчи тараптан – диндин жалпы адамзаттык баалуулуктарынан кыянаттык менен колдонгон айрым адамдардын кесепетинен бүтүндөй бир диний жамааттарды четтеп кетүүгө жетелейт.

8. Россиялык энциклопедиялык сөздүк/Башкы ред. А. М. Прохоров. — М.: Илимий басылма «Россиялык ири энциклопедия», 2000. — Т. 2. — С. 1832. — 1023 б. — ISBN 5-85270-292-7.
9. 1344-резолюция (2003). Европадагы экстремисттик партиялар жана кыймылдар тарабынан демократияга келтирилген коркунучтар жөнүндө. – https://www.coe.int/t/r/parliamentary_assembly/[russian_documents]/[2003]/[Sept_2003]/Res%201344%20Rus.asp

Резолюцияда ошондой эле, экстремизм калктын социалдык жактан нааразылыгын өзүн азыктандыруучу кыртыш катары колдонот жана өткөөл шарттарда бир катар социалдык топтордо орун алуучу белгисиздик жана тынчсыздануу сезимдерине жооп катары жөнөкөйлөштүрүлгөн, стереотиптик чечимдерди жетекчиликке алат. Мындай учурларда экстремисттер болуп жаткан кыйынчылыктар үчүн жоопкерчиликти «заманбап учурдун чакырыктарын кабыл алууга жөндөмсүз» ошол учурдагы өкүм сүрүп турган демократияга, анын тандалма өкүлдөрүнө жана «адамдардын мүдөөсүн канааттандыра албаган мамлекеттик институттарга оодара салышат, же болбосо потенциалдуу коркунучтардын булактарына же ошол учурда өкүм сүрүп турган кыйынчылыктарга калктын тигил же бул тобун күнөөлүү кылып коюшат деп белгиленет (5-п.).

Экстремисстик ишмердүүлүк эрежеге ылайык, демократиялык принциптерди четке каккан, бир эле адам башкарган олигархиялык түзүлүштөрдөн кабар берген экстремисстик партиялар, кыймылдар тарабынан ишке ашырылат. Алар өзгөчөлүүлүк, популисттик жана жөнөкөйлөштүрүлгөн идеологияга жашынган биригүүнү жар салышат. Экстремисттер бардык демократиялык мамлекеттер үчүн коркунуч жаратышат, себеби алардын фанатизми зомбулукту колдонуу жана актоо үчүн себеп катары кызмат кылышы мүмкүн. Эгер алар зомбулукту өздөрү жар салышпаса дагы, алар зомбулуктун өсүшүнө шарт түзгөн климатты пайда кылышат. Бул конституциялык тартипке жана эркиндикке түздөн түз коркунуч жарата, саясий жашоонун ченемдеринин бузулушуна кыйыр түрдөгү коркунучтарды жаратат. Шайлоочулардын арасында популярдуулуктун өсүүсүн нейтралдаштыруу үчүн, салттык саясий партиялар экстремисттик партиялар тарабынан колдонулган көйгөйлүүлүктү жана демагогдук жолдорду негизги курал катары кабыл алууга азгырылуулары мүмкүн. Ассамблея экстремизм менен күрөшүү демократияны диллеманын алдына коюп жатканын түшүнүп турат: ал бир тараптан ой-пикирлерди ачык билдирүү, жыйындар менен бирикмелердин эркиндигин камсыз кылууга, бардык саясий топтордун өкүм сүрүүсүнө кепилдик берүүгө чакырык таштайт, ал эми экинчи тараптан – өзүн өзү сактоо, өзүн адам укуктарынын жана демократиялык принциптерди четке каккан айрым бир экстремисттик топтордун ишмердүүлүктөрүнөн алыс курчап кармоо үчүн күрөшүүгө чакырык таштайт (Резолюциянын 6-8-п.п.). ЕКПАРдын позициясы «экстремизм» түшүнүгүнүн чектери, анын субъектилери, объектилери жана ишмердүүлүктөрүнүн жолдору жөнүндө аныкталган бир түшүнүктү калыптандыра алды.

«Экстремизм» түшүнүгүнүн чектерин детализациялоо эл аралык уюмдардын башка документтеринде дагы орун алган, мисалы, «Басмырлоого, душмандашууга же зомбулукка түрткү болууну өзүнө камтыган улуттук, расалык же диний жек көрүүчүлүктү жар салууга тыюу салуу боюнча Рабат аракет планы»*, 2012-жылдын 5-октябры,* улуттук деңгээлдеги мыйзамдар шайкеш келиши керек болгон адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык стандрттарга ылайык, «Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын» (ЖСУЭП) 18-19-беренелерине ылайык, башкалардын укуктарын сыйлоо, коомдук тартип, ал тургай кээде улуттук коопсуздук түшүнүгү сыяктуу ар түрдүү орундуу негиздерден улам «душмандашуу тилине» чек коюлушу мүмкүн; мамлекеттер дагы басмырлоону, душмандашууну же зомбулукту ж.б. «козутууга» алып келген ой-пикирлерге «тыюу салууга» милдеттүү. БУУнун Башкы Ассамблеясынын Резолюциясы, 2013-жылдын 18-декабры, № 68/127, анда зомбулуктуу экстремизм анын бардык формалары, көрүнүштөрү кандайдыр бир дин, улут, цивилизация же этникалык топ менен ассоциацияланбашы керек деп белгиленген; расизмге, расалык басмырлоого, ксенофобияга жана аны менен байланыштуу сабырсыздыкка каршы күрөшүүдөгү өз ишенимдерин эркин билдирүүлөрдү таанып, аларды ишке ашыруудагы позитивдүү салымдарды тааныйт, өзгөчө маалымат жана жаңы технологиялар каражаттарын, анын ичинде Интернетти колдонуу менен жаңы маалыматты издөө, алуу жана жайылтуу эркиндигин толук

сыйлайт жана ушуга байланыштуу редакциялык көз карандысыздыкты сыйлоо жана маалымат каражаттарын автономдоштуруу зарылдыгы жөнүндө кайрадан жар салат; басмырлоого, душмандашууга жана зомбулукка алып келе турган, улуттук, расалык же диний жек көрүүнү пропагандалоонун бардык түрүн чечкиндүү түрдө сынга алат[10]. *2015-жылдын 17*-декабрындагы БУУнун Башкы Ассамблеясынын Резолюциясы, № 70/157, «Сабырсыздык, диндин же ишенимдердин негизинде зомбулукка жана адамдарга карата зомбулукка алып келген терс стереотиптик көз караштарды, стигматизацияны, басмырлоону калыптандыруу менен күрөшүү», анда Ассамблея маалымат каражатынын басма, аудиовизуалдык, электрондук же башка бардык кайсы каражаттар колдонулуп жаткандыгына көз карандысыз түрдө, өзүнө басмырлоого, душмандашууга же зомбулукка алып келген диний жек көрүүчүлүктү пропагандалоонун бардык түрүн сынга алат; мамлекеттерди мамлекеттик кызматкерлердин өздөрүнүн мамлекеттик милдеттерин аткарууда диндин же ишенимдердин ж.б. негизинде айрым бир жарандарды басмырлоого жол бербөөлөрү үчүн натыйжалуу чараларды кабыл алууга чакырат деп жазылган[11].

Жалпысынан, жогоруда аты аталган эл аралык-укуктук документтер, экстремизмди пайда кылуучу кандайдыр бир диний, улуттук, этностук ж.б. тиешеси жок эле зомбулукка чакырган жек көрүүгө, басмырлоого, душмандашууга алып келүүнүн бардык формалары кылмыштуу деп тааныла тургандыгын белгилейт жана мамлекеттерди өздөрүнүн экстремизмге каршы мыйзамдарын калыптандырууда, диний же ишенимдердин негизинде жеке жарандарды басмырлабоого негизделүүгө чакырат.

Ошондой эле, Шанхай кызматташтык уюмунан башка эл аралык уюмдар бүгүнкү күнгө чейин «экстремизм» түшүнүгүнүн бир жактуу аныктамасын иштеп чыгышкан жок, бул алардын өкүлдөрү тарабынан айрым бир талкууларды жаратат. Демек, *2001-жылдын 15-июнундагы Терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүү жөнүндөгү* Шанхай конвенциясы аныктады, ага ылайык «экстремизм» - бул бийликти зомбулуктуу жол менен басып алууга же бийликти зомбулуктуу жол менен кармоого багытталган, ошондой эле мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн зомбулуктуу жол менен өзгөртүүгө багытталган кандай гана аракет болбосун, анын ичинде бул аталган максаттарда тараптардын улуттук мыйзамдарына ылайык жазык тартибинде жоопкерчилик караштырылган мыйзамсыз куралдуу түзүмдөрдү түзүү же аларга катышуу коомдук коопсуздукка зомбулуктуу кол салууга барабар. Бул Конвенцияга ылайык, тараптар бул жоруктар кандай гана жагдай болбосун саясий, философиялык, идеологиялык, расалык, этностук, диний түшүнүктөрдөн улам актоого жол бербөөнү камсыз кылуу үчүн зарыл чараларды, анын ичинде улуттук мыйзамдар чөйрөсүндө тиешелүү эң зарыл чараларды кабыл алышат жана алардын оордугуна карап жоопкерчиликке тартуу үчүн дагы чараларды көрүшөт.

2017-жылдын 9-июнунда кабыл алынган Шанхай кызматташтык уюмунун Экстремизмге каршы туруу боюнча кийинки Конвенциясы (Астана) «экстремизм» түшүнүгүн тактады, ага ылайык бул зомбулуктуу жана конституцияга каршы башка аракеттер аркылуу саясий, социалдык, расалык, улуттук жана диний карама-каршылыктарды чечүүгө багытталган идеология жана тажрыйба деп таанылды. Конвенцияда «экстремисттик акт», «экстремисттик материалдар», «экстремисттик

10. БУУнун Башкы Ассамблеясынын Резолюциясы, 2013-жылдын 18-декабры, № 68/127, «Дүйнө зомбулукка жана зомбулуктуу экстремизмге каршы» – https://undocs.org/ru/A/RES/68/127.

11. БУУнун Башкы Ассамблеясынын Резолюциясы, 2015-жылдын 17-декабры, № 70/157 «Диндин же ишенимдердин негизинде зомбулукка жана адамдарга карата зомбулукка алып келген терс стереотиптик көз караштарды, стигматизацияны, дискриминацияны калыптандыруу менен күрөшүү» – https://undocs.org/pdf?symbol=ru/A/HRC/40/L.3 – https://undocs.org/pdf?symbol=ru/A/HRC/40/L.3

уюмдар» ж.б.[12] түшүнүктөрүнө аныктамалар берилди. Анда ошондой эле, тараптар өздөрүнүн укуктук системаларынын негизги принциптерин эске алуу менен төмөнкү аракеттерди жасагандыгы үчүн жарандык-укуктук, административдик же башка кылмыш жоопкерчилигин караштыруу үчүн зарыл мыйзамдык чараларды кабыл алышат деп белгиленген: 1) экстремисттик акт; 2) бардык тараптар катышуучулары болуп эсептелген экстремизмге каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдердин бирөөсүндө кылмыш катары таанылган кандайдыр бир жорук; 3) экстремизмди каржылоо; 4) экстремисттик актыларды жасоо, азгырууларды уюштуруу, пландаштыруу максатында жарандарды экстремисттик актыларды жасоого окутуу, же даярдоого катыштыруу үчүн тартуунун башка жолдору же вербовкалоо; Конвенцияда камтылган жоруктарды жасоо максатында чет өлкөлөргө чыгуу жана (же) пландаштыруу, башка жарандарды азгыруу, даярдоо; 6) экстремизмди пропагандалоо максатында атрибутиканы жана эмблемаларды, желектерди, белгилерди даярдоо, жайылтуу, демонстрациялоо; маалыматтык-телекоммуникациялык түйүндөрдүн, анын ичинде Интернеттин жеткиликтүүлүгү боюнча иш алып барган адамдын ыйгарым укуктуу органдын экстремисттик материалдардын жеткиликтүүлүгүн чектөө жөнүндөгү талаптарды аткарбоосу; саясий, социалдык, расалык, улуттук жана диний душмандашуу же каршылашуу мотиви боюнча массалык баш аламандыктарды уюштуруу жана (же) катышуу. Тараптар өздөрүнүн улуттук мыйзамдарына ылайык, жогоруда каралып өткөн кайсы бир кылмышты жасоого катышуу, даярдоо жана кол салууну кылмыш жазасы караштырылган жосун катары тааный алышат (9-бер.).

Мына ошентип, Шанхай кызматташтык уюмунун бул Конвенциясы өзүнүн катышуучуларынын баарына экстремисттик багыттагы кылмыштарды квалификациялоодо, эгер алар улуттар аралык же аймактар аралык мүнөздө болсо, аларга биргеликте чара көрүү үчүн аныктоочу багыттарды берди.

Шанхай кызматташтык уюмунун 2017-жылдын 9-июнунда кабыл алынган Экстремизмге каршы аракеттерди көрүү боюнча Конвенциясынын «экстремизмге» жаңы аныктамасы бул түшүнүктүн ЕКПАР берген аныктамасына бир топ жакындады, бирок ошентсе дагы сот адилеттиги институттары тарабынан айрым учурларда адамдын субъективдүү укуктары менен эркиндиктерин абдан маанилүү деңгээлде чектөөгө жөндөмдүү терроризмге каршы ыкмаларды камтыйт. Конвенциянын экстремизмди аныктоо боюнча мындай «терроризмге каршы» ыкмасы, БУУнун жана Европа Кеңешинин бир катар актыларында камтылган «басмырлоого каршы» ыкмаларынан маанилүү деңгээлде айырмаланып турат.

Мына ошентип, «терроризм» менен «экстремизмдин» эл аралык-укуктук түшүнүгү жосундун белгилерин квалификациялоочу өзүнүн укуктук чектерине ээ, дайыма трансформациялоо процессинде жана бул аркылуу жогоруда аталган уюмдардын катышуучу мамлекеттеринин улуттук мыйзамдарына түздөн түз таасирин тийгизүү менен эл аралык уюмдар тарабынан дайыма такталууда.

12. Шанхай кызматташтык уюмунун Экстремизмге каршы аракеттерди көрүү боюнча конвенциясы, 9-июнь, 2017-жыл. http://ecrats.org/upload/iblock/349/%D0%9A%D0%BE%D0%BD%D0%B2%D0%B5%D0%BD%D1%86%D0%B8%D1%8F%20%D0%BF%D0%BE%20%D1%8D%D0%BA%D1%81%D1%82%D1%80%D0%B5%D0%BC%D0%B8%D0%B7%D0%BC%D1%83%20(%D1%80%D1%83%D1%81%D1%81%D0%BA%D0%B8%D0%B9).pdf

## 1.2. ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕРДИ КӨРҮҮ БОЮНЧА УЛУТТУК МЫЙЗАМДАР

Кыргыз Республикасы жогоруда аты аталган эл аралык келишимдерди жана макулдашууларды ишке ашырууда, террористтик жана экстремисттик мүнөздөгү айрым кылмыштарды аныктаган өзүнүн бир катар ченемдик-укуктук актыларын кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 8-ноябрындагы «Терроризмге каршы туруу жөнүндө» мыйзамы терроризмге каршы аракеттерди көрүүнүн негизги принциптерин, терроризмдин алдын алуунун жана аны менен күрөшүүнүн уюштуруучулук-укуктук негиздерин, терроризм менен күрөшүүнү ишке ашырган мамлекеттик органдардын ишмердүүлүктөрүн координациялоонун тартибин, жеке менчигинин түрүнөн көз карандысыз түрдө терроризмге каршы күрөшүү аракеттерин ишке ашырган жеке жана юридикалык тараптардын укуктары менен милдеттерин, ошондой эле терроризмге каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтыктын тартибин аныктайт.

Бул мыйзамдын 1-беренесине ылайык, **терроризм** - бул зомбулук идеологиясы жана калкты коркутууга же коомдук коопсуздукту бузууга байланышкан зомбулук жана (же) башка кылмыштуу аракеттерди жасоо практикасы, ошого тете конституциялык түзүлүштү бузуу же болбосо мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же эл аралык уюмдар тарабынан кабыл алынуучу чечимдерге таасир этүү максатында мындай иш-аракеттерге чакыруу. Белгилей кетчү нерсе, «терроризмдин» бул аныктамасы 2009-жылдын 16-июнунда ШКУнун Терроризмге каршы конвенциясынын аныктамасына мазмуну жагынан окшош. Терроризмге каршы аракеттерди көрүүнү «Терроризимге каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзамда каралган мамлекеттик органдар өздөрүнө берилген ыйгарым укуктарынын алкагында ишке ашырышат.

Кыргыз Республикасынын терроризмге каршы аракеттенүү жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты жана терроризмге каршы аракеттенүүнү жүзөгө ашыруучу башка субъекттердин ишин координациялоону жүргүзүүчү, ошондой эле террористтик иштин алдын алуу, айкындоо, бөгөт коюу, анын кесепеттерин минималдаштыруу боюнча алардын өз ара иш аракетин камсыз кылуучу ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук органы болуп саналат. Алар менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабы, ички иштер, коргонуу органдары, жазык-аткаруу тутуму, өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу, мамлекеттик чек араны кайтаруу жана коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, ошондой эле финансылык чалгындоо органы болуп саналат.Тизмесин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган башка мамлекеттик органдар дагы өз иш билгиликтеринин чегинде террористтик иштин алдын алууга, аны айкындоого жана ага бөгөт коюуга катышуучу субъекттер болуп саналышат.

Терроризм идеологиясын тараткандыгы үчүн укуктук баа берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде ишке ашырылат. Терроризм идеологиясын таратууга кирет: (1) улуттар аралык, конфессиялар аралык жана социалдык карама-каршылыктарды козутуу; (2) террористтик мүнөздөгү кылмыштарды жасоого чакыруулар; (3) согушка, коомдук жана мамлекеттик ишмерлерди өлтүрүүгө, массалык баш аламандыкка жана кыйратууларга чакыруулар. Терроризм идеологиясын ачык жана маскировкалоо жолу менен жайылтуу тактикасы жана формалары, субъектилер Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук органынын Терроризмге каршы борбору тарабынан изилденет, анын ишине мыйзамга ылайык

маалыматтарды жыйноо жана чогултуу кирет. Терроризм идеясын аныктоо жана токтотуу боюнча чаралардын системасын иштеп чыгууну Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органынын Терроризмге каршы борбору аткарат. Объектилерди мүмкүн болуучу террористтик кол салуулардан коргоо максатында (объектилерди антитеррордук коргоо) Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилген жалпы мамлекеттик система ишке ашырылат.

Террордук ишмердүүлүктүн алдын алуу ишмердүүлүгү терроризмге каршы аракеттенүүнү ишке ашыра турган мамлекеттик органдар тарабынан комплекстүү саясий, социалдык-экономикалык, укуктук жана башка алдын алуучу чараларды жүргүзүү аркылуу ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын аймагында тыюу салынат: (1) террордук ишмердүүлүккө тиешеси бар юридикалык тараптардын, алардын бөлүмдөрүн (филиалдарын) жана өкүлчүлүктөрүн (анын ичинде чет жердик жана эл аралык уюмдардын) тизмесин түзүү, каттоо (аккредитация) жана функциялоо; (2) терроризм идеологиясын пропагандалоо менен байланыштуу ишмердүүлүк; (3) террордук ишмердүүлүктү ишке ашыруу үчүн адамдарды окутуу жана даярдоо; (4) террордук ишмердүүлүккө катышкан же ага тиешеси бар катары шектелип жаткан адамдарды Кыргыз Республикасынын аймагына транзит аркылуу киргизүү, чыгаруу жана өткөрүү; (5) террордук актыларды даярдоо же жасалган фактылар жөнүндө маалыматтар менен фактыларды жашыруу; (6) террордук ишмердүүлүктүн башка түрлөрү жана формалары.

Улуттук коопсуздук жаатында иш алып баруучу Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан террордук деп таанылган уюмдардын, анын ичинде чет жердик жана эл аралык уюмдардын (юридикалык тараптардын, алардын бөлүмдөрүнүн (филиалдарынын) жана өкүлчүлүктөрүнүн бирдиктүү тизмесин жетекчиликке алат. Аталган тизмени мезгилдүү басып чыгарылуучу басмаларга, ошондой эле мамлекеттик органдардын расмий сайттарында жылына бир жолу чыгарууга болот. Чындыгында эле, айрым мамлекеттик органдардын расмий сайттарында соттордун чечимдери менен ишмердүүлүктөрүнө тыюу салынган уюмдар жөнүндө маалымат жарыяланган[13].

Жогоруда саналып өткөн террордук багыттагы кылмыштуу жосундарды квалификацияланган кылмыштуу аракеттер КРнын Кылмыш-жаза кодексинде каралган (1997-жылдагы редакциясында): 226-бер. (терроризм актысы), 226-1 (террордук ишмердүүлүктү каржылоо), 226-2 (террорчулук же экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарды жасоого тартуу же аларды жасоого башка көмөктөрдү көрсөтүү), 226-3 (көпчүлүк алдында террорчулук иш-аракеттерди жүзөгө ашырууга чакыруу же көпчүлүк алдында террорчулукту актоо), 226-4 (Кыргыз Республикасынын жаранынын чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу кагылыштарга же согуш аракеттерине катышуусу же террорчулук жана экстремисттик даярдыктан өтүшү), 226-5 (чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу кагылыштар же согуш аракеттери жүрүп жаткан чөлкөмгө жашы жетпегендерди чыгарып кетүү), 226-6 (террористтик же экстремисттик ишти ачык жактыруу) 227 (барымтага кармоо), 228 (терроризм актысы жөнүндө билип

13. КРнын аймагында ишмердүүлүгүнө тыюу салынган уюмдардын тизмеси. – http://religion.gov.kg/ru/religion_organization/blocked, Кыргызстандын аймагында ишмердүүлүгүнө тыюу салынган 20 экстремисстик уюмдардын тизмеси. _ https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=294:%D1%81%D0%BF%D0%B8%D1%81%D0%BE%D0%BA-%D1%8D%D0%BA%D1%81%D1%82%D1%80%D0%B5%D0%BC%D0%B8%D1%81%D1%82%D1%81%D0%BA%D0%B8%D1%85-%D0%BE%D1%80%D0%B3%D0%B0%D0%BD%D0%B8%D0%B7%D0%B0%D1%86%D0%B8%D0%B9,-%D0%B4%D0%B5%D1%8F%D1%82%D0%B5%D0%BB%D1%8C%D0%BD%D0%BE%D1%81%D1%82%D1%8C-%D0%BA%D0%BE%D1%82%D0%BE%D1%80%D1%8B%D1%85-%D0%B7%D0%B0%D0%BF%D1%80%D0%B5%D1%89%D0%B5%D0%BD%D0%B0-%D0%BD%D0%B0-%D1%82%D0%B5%D1%80%D1%80%D0%B8%D1%82%D0%BE%D1%80%D0%B8%D0%B8-%D0%BA%D1%8B%D1%80%D0%B3%D1%8B%D0%B7%D1%81%D1%82%D0%B0%D0%BD%D0%B0&catid=18&lang=ru&Itemid=330

туруп жалган билдирүү жасоо), 229 (мыйзамсыз түрдө куралдуу кошуундарды уюштуруу жана ага катышуу) жана КРнын Жазык кодексинин 239, 240, 241, 242, 243, 244, 245, 246, 250-беренелери (2017-жылдагы редакциясында). Белгилей кетчү нерсе, КРнын Кылмыш-жаза кодексиндеги (1997-жылдагы редакциясында) террордук багыттагы кылмыштардын курамы экстремисттик актылар катары мүнөздөлгөн аракеттер менен аралаш болчу. Кылмыштардын мындай курамын калыптандыруу 1999-жылдын 21-октябрындагы «Терроризм менен күрөшүү жөнүндө» мыйзамдын, андан кийин 2006-жылдын 8-ноябрындагы жаңыртылган «Терроризмге каршы туруу» мыйзамынын жана 2005-жылдын 17-августундагы «Экстремисстик ишмердүүлүккө каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамдын жоболоруна негизделген. Мына ушуга байланыштуу укук колдонуу тажрыйбасында аларды квалификациялоо адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна алып келүүсү мүмкүн болгон айрым бир көйгөйлөрдү жаратмак, себеби «терроризм» жана «экстремизм» аныктамаларынын өзү кичине аныкталбаган мүнөзгө ээ.

Азыркы учурдагы КРнын Жазык кодекси (2017-жылдагы редакциясында) террористтик мүнөздөгү кылмыштарды жана экстремисттик багыттагы кылмыштардын ар бирин эки башка өз алдынча аныктап, мурунку курамдарын бөлүштүрдү.

Кыргыз Республикасынын *2005-жылдын 17-августундагы «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамы* адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин коргоо, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максаттарында кабыл алынган, экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүүнүн укуктук жана уюштуруу негиздерин аныктайт, аны жүзөгө ашыруунун жоопкерчилигин белгилейт. Бул мыйзамга ылайык, экстремисттик аракет (экстремизм): 1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан, дагы башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштурууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери: (1) Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүү жана бүтүндүгүн бузууга; (2) Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга; (3) бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алууга же ээлеп алууга; (4) мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрүн түзүүгө; (5) террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга; (6) расалык, улуттук (этностор аралык) же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга; (7) улуттук ар-намысты кемсинтүүгө; (8) идеологиялык, саясий, расалык, улуттук (этностук) жүйөөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого, уурдап, талап-тоноого; (9) динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого; 2) нацисттик атрибутиканы же символиканы же болбосо нацисттик атрибутикага же символикага аралашуу деңгээлине чейин окшош болгон атрибутиканы же символиканы пропагандалоого жана эл алдында көрсөтүүгө; экстремисттик уюмдардын атрибутикаларын же символикаларын пропагандалоого; 3) аталган аракеттерди жасоого элди үндөө же аталган аракеттерди жасоого; 4) аталган аракеттерди каржылоо же аны жасоого көмөк көрсөтүүгө же аталган аракеттерди жасоого, анын ичинде аталган аракеттерди жасаганга финансы каражаттарын, кыймылсыз мүлктү, окуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык базаны,

телефон, факсимилдик жана байланыштын башка түрлөрүн берүү, маалымдоо кызматтарын көрсөтүүгө, дагы башка материалдык-техникалык каражаттарды берүүгө (1-бер.). Мыйзам ошондой эле, кийинкидей мазмундагы экстремисстик уюмдардын жана экстремисттик материалдардын аныктамаларын бекитет: экстремисттик уюм - ушул Мыйзам менен каралган негиздер боюнча экстремисттик аракеттерди жасаганга байланыштуу болгон иштерди жоюу же тыюу салуу тууралуу соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген коомдук бирикме же диний уюм же башка уюмдар; экстремисттик материалдар - экстремисттик аракеттерди жасаганга үндөгөн, мындай аракетти ишке ашыруунун зарылдыгын негиздеген улуттук жана (же) расалык артыкчылыкты негиздеген же актаган, кандайдыр бир этникалык, социалдык, расалык, улуттук (этностук) же диний топту толук же жарым-жартылай жок кылууга багытталган согуштук же дагы башка кылмыштарды жасоону актоого арналган жарыялоолор, документтер же башка сактагычтардагы маалыматтар (1-бер.). Мыйзамдагы жогоруда саналып өткөн түшүнүктөрдү эл аралык стандарттар менен салыштырмалуу анализ жүргүзгөндө, жазык мыйзамынын жана экстремисттик ишмердүүлүктөргө каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдын ченемдерин калыптандырууда, мыйзам чыгаруучу коомдук уюмдарды жана диний уюмдарды түз көрсөтүп, аларды экстремисттик актыларды жасоого жөндөмдүү потенциалдуу кылмыштуу уюмдардын катарына киргизүү менен экстремисттик мүнөздөгү кылмыштардын субъектилерине акцент кылганы аныкталды. Укуктук ченемдерди калыптандырууга мындай ыкма, экстремисттик мүнөздөгү максаттарды көздөбөгөн коомдук жана диний уюмдардын ишмердүүлүктөрүн ишке ашырууларына таасирин тийгизет, ошондой эле жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан кепилдикке алынган ой-пикирлердин эркиндиги, биригүү, дин тутуу эркиндиги жана башка укуктарын ишке ашырууга тоскоол болот. Жаңы жазык мыйзамы бул көйгөйдү жокко чыгарат, анда «коомдук бирикмелер», «диний уюмдар» деген түшүнүктөр колдонулбайт, аларды «экстремисттик уюм» деген түшүнүк менен алмаштырган. Бирок, «Экстремисстик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамда дагы бар (13-бер.) бул түшүнүктүн мазмуну КРнын эски Кылмыш-жаза кодексинин 299-1-бер. редакциясында дагы сакталып калды жана өзгөртүүгө муктаж.

«Экстремисстик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзам ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын экстремизмге каршы аракеттерди көрүү жөнүндөгү ишмердүүлүктөрүн, тактап айтканда экстремисттик ишмердүүлүктү ишке ашырган коомдук уюмдардын, диний уюмдардын, массалык маалымат каражаттарынын жана башка жарандардын ишмердүүлүктөрүн токтотуунун тартибин жеткиликтүү түрдө жөнгө салат (8-12-бер.).

Мыйзамга ылайык, маалыматтык материалдар иштин өзүнчө категориясы боюнча өндүрүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, ал материалдарды экстремисттик деп таануу жөнүндө билдирген прокурордун арызынын негизинде ал материалдардын табылуу же жайылтылуу орду боюнча, ошондой эле мындай материалдарды өндүрүүнү ишке ашырган уюм жайгашкан жердеги сот аркылуу экстремисттик деп таанылат. Соттун маалыматтык материалдарда экстремисттик ишмердүүлүктүн белгилери бар экендигин аныктоо жөнүндөгү чечими тираждын чыгарыла элек бөлүгүн алып коюу үчүн негиз болуп эсептелет, ал эми мындай материалдарды чыгарууну кайталаган басмакана басып чыгаруу ишмердүүлүгүн жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат (13-бер.).

Экстремисттик материалдардын тизмеси массалык маалымат каражаттарына чыгарылат, ошондой эле экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттерди көрүүнү ишке ашырган юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын расмий интернет сайттарына дагы басып чыгарылат. Экстремисттик материалдардын тизмесине киргизилген материалдар Кыргыз Республикасынын аймагына таратууга жараксыз деп таанылат. Аталган материалдарды андан нары таратуу максатында мыйзамсыз даярдагандыгы, жайылткандыгы, ташып жеткиргендиги жана сактагандыгы үчүн күнөөлүү жарандар кылмыш жоопкерчилигине тартылышат.

Жогоруда саналып өткөн экстремисттик мүнөздө квалификацияланган кылмыштуу жосундар КРнын Кылмыш-жаза кодексинин (1997-жылдагы редакциясында) кийинки беренелеринде каралган: 299-бер. (улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутуу), 299-1-бер. (улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутууга багытталган уюшкан иш-аракет), 299-2 (экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, жайылтуу, ташуу жана жиберүү, ошондой эле экстремисттик же террористтик уюмдардын символдорун же атрибуттарын атайылап колдонуу), 299-3 (экстремисттик ишти каржылоо), 375 (жалданмачылык) жана КРнын Жазык кодексинин 313, 314, 315, 395-беренелеринде каралган (2017-жылдагы редакциясы). Жогоруда саналып өткөн кылмыштардын ичинен КРнын жаңы Жазык кодексине «экстремисттик ишти каржылоо» курамга кирген эмес.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган экстремисттик жана террордук мүнөздөгү кылмыштардын курамы өзгөчө коркунучтуу кылмыштар болуп эсептелет, коомдук айып тагуу колдонула турган иштердин категориясына тиешелүү, бул жалпысынан эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын катышуучу өлкөлөрдөн аларды (кылмыштарды) өзгөчө коркунучтуу деп таанууга чакырган эл аралык стандарттарга жооп берет[14].

Изилдөөнүн мурунку бөлүмүндө белгиленген Шанхай кызматташтык уюмунун стандарттарына Жогоруда аталган кылмыштардын курамынын мазмундуу бөлүгү дал келет.

Белгилей кетчү нерсе, жаңы кылмыш мыйзамы кылмыштардын жогоруда аталган курамынын ичинен экстремисттик ишмердүүлүккө дал келе турган аракеттерди өзүнчө бөлүп, кылмыштардын бул курамдарын аныкталган бир деңгээлде оптималдаштырды, бул болсо соттордун жана башка укук коргоо органдарынын кылмыштардын курамдарын так аныктоо түшүнүктөрүн, террордук жана экстремисттик ишмердүүлүктүн укуктук чектерин айырмалай билүүлөрүн жакшыртуусу мүмкүн. Мисалы, КРнын эски Кылмыш-жаза кодексинин 226-2, 226-4-226-2, 226-4-беренелери жана КРнын жаңы Жазык кодексинин 241, 243-беренелери.

Кыргыз Республикасынын учурда иштеп жаткан мыйзамына киргизилген террордук жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштардын аныктамасын жана алар менен күрөшүүнүн жолдорун иштеп чыгуу ыкмалары боюнча талкууларды эске алуу менен, өлкөнүн улуттук коопсуздугун коргоо менен жарандардын укуктарын эркиндиктеринин өлчөөсүз чектелишине жол бербөөнүн ортосундагы тең салмактуулукту толук сактоо үчүн Кыргыз Республикасынын учурда иштеп жаткан мыйзамы трансформацияланышы мүмкүн.

14. Өнүгүү жана жаңы эл аралык экономикалык тартип контексинде кылмыштуулукту жана жазык сот адилеттигинин алдын алуу чөйрөсүндөгү жетектөөчү принциптер (БУУнун Кылмыштуулуктун алдын алуу жана мыйзам бузуучуларга мамиле кылуу боюнча жетинчи конгрессинде кабыл алынган Милан аракеттер планына тиркеме), Милан (Италия), 26-август, 6-сентябрь, 1985-ж.).

# 2. ТЕРРОРИЗМ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ ТАЖРЫЙБАЛАРЫНЫН ОБЗОРУ

## 2.1. ТЕРРОРИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ ТАЖРЫЙБАЛАРЫНЫН ОБЗОРУ

Бул изилдөөдө кылмыштардын шарттуу түрдө террордук жана экстремисттик деп бөлүнүшүнө шилтеме келтирүү менен, изилдөөгө алынган сот иштеринин мисалында ал иштердин соттор жана башка укук коргоо органдары тарабынан каралышына анализ жүргүзүү чечими кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти берген статистикага ылайык (мындан ары – Сот департаменти), 2014–2018-жылдар аралыгында КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 226–229-беренелери боюнча (1997-ж. редакциясында) соттор тарабынан 44 иш каралган. Бул изилдөөнүн алкагында баары болуп 35 иш изилденди.

Мындай иштердин ичинен көбү КРнын КЖКсынын 228-беренеси боюнча (Терроризм актысы жөнүндө билип туруп жалган билдирүү жасоо) (16 иш). Бул иштердин көбү 2016-жылы каралган (баары 7 иш).

**2-таблица.** Каралган иштер аймактар боюнча

| | Ош | Жалал-Абад | Баткен | Чүй | Ысык-Көл | Нарын | Талас | Бишкек ш. | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **КРнын КЖКсынын 228-беренеси** | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 2 | 13 | 16 |

16 иш боюнча 16 адам соттолгон, алардын көбү 40-49 жашта (6 адам), орточо билимге ээ (8 адам), 6 – жогорку билимге ээ жана 2 – бүтпөгөн жогорку билимге ээ. 16 соттолгон адамдардын ичинен 14 эркек, 2 аял. 2 – мурда соттолгон, 16 соттолгон адамдардан алтоо - үй-бүлөсү жоктор, ал эми 10 иштебегендер, 2 – жекече эмгектенүү ишмердүүлүгү менен алектенишкен, 2 – мамлекеттик мекемелерде иштешкен. Соттолгон адамдар артыкчылыктуу түрдө кыргыз улутундагылар (13 адам) 2 орус, 1 өзбек.

КРнын КЖКсынын 226-бер. боюнча изилденген убакыт аралыгынын ичинде соттор түздөн түз 13 ишти карашкан, бул изилдөөнүн алкагында 6 иш изилденген.

**3-таблица.** Каралган иштер жылдары боюнча

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **КЖКнын 226-беренеси** | 2 | 1 | 0 | 3 | 0 | 6 |


**4-таблица.** Каралган иштерди облустар боюнча бөлүштүрүү

| | Ош | Жалал-Абад | Баткен | Чүй | Ысык-Көл | Нарын | Талас | Бишкек ш. | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **КЖКнын 226-беренеси** | 1 | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 2 | 6 |

Изилдөөгө алынган 6 иш боюнча баары болуп 6 адам соттолгон, алардын ичинен 3 (үчөө) 30-39 жаш курактагылар, алардын көбү орто билимге ээ (4 адам). Алардын баары эркектер - Кыргыз Республикасынын жарандары, үй-бүлөлүк абалдары боюнча - үй-бүлөлүү, иштебегендер (5 адам). Соттолгон адамдардын ичинен бирөө мурда дагы соттолгон. Бардык соттолгон адамдардын арасынан 4 кыргыз, 2 өзбек.

Башка, КРнын КЖКсынын 226-1, 226-2, 226-3, 226-4, 226-5-беренелери боюнча соттордун тжрыйбалары анча чоң эмес, 1 же 2 иш каралган. КРнын 226-6-беренеси боюнча (террористтик же экстремисттик ишти ачык жактыруу) соттор бир дагы ишти карашкан эмес. КРнын КЖКсынын 227-беренеси боюнча (барымтага кармоо) соттор 7 ишти карашкан, бирок аларды жогору турган инстанцияга кайра кароого бергендигине байланыштуу бул изилдөөнүн алкагында мындай иштер изилденген жок.

**1-диаграмма**




## Мындай кылмыштардын жасалуу орду жана жасоо жолдору

Мындай кылмыштар көпчүлүк учурда айыпкерлердин, соттолгон адамдардын жашаган жерлери боюнча жасалат (24 окуя), калктуу пункттун аймагында (4 окуя), чет мамлекеттин аймагында (Сирия, Турция, Россия) – 5 окуя.

Мындай категориядагы иштер боюнча кылмыштар коомдук жайларда жардыруучу түзүлүштүн коюлгандыгы жөнүндө билип туруп жалган маалымат берүү жолу аркылуу жасалган (9), башка мамлекеттердин аймактарында куралдуу карама-каршылыктарга жана согушчул аракеттерге катышуу (Сирия, Россия, Турция ж.б.) (6), «Хизбут Тахрир» жана «Якин Инкар» сыяктуу тыюу салынган уюмдардын идеяларын пропагандалоо жана агитациялоо (2), экстремисттик мүнөздөгү маалыматтарды

электрондук сактагычтарда (ДВД, СД, флеш карталар ж.б.) жана социалдык түйүндөр аркылуу жайылтуу (8).

**5-таблица.** Террордук багыттагы кылмыштардын жасалуу орду

| | Жашаган жери боюнча | Коомдук жайларда (интернет клубдар, базарлар, райондордун жана шаарлардын борборлору, эс алуу парктары) | Район-н борборлорунда шаарларда жайгашкан мечиттерде | КИ жасалган орду көрсөтүлгөн эмес (бир гана калктуу пункт, мисалы, Ош ш., Араван а, КР аймагында ж.б.) | Укук коргоо органдарынын имараттарында (ИИБ, ИИО) | Башка мамлекеттердин аймактарында (Сирия, Турция, Россия) | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **КЖК 226-берене** | 5 | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | **6** |
| **КЖК 226-1-берене** | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | **2** |
| **КЖК 226-2-берене** | 1 | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | **2** |
| **КЖК 226-3-берене** | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **2** |
| **КЖК 226-4-берене** | 1 | 0 | 0 | 1 | 1 | 2 | **5** |
| **КЖК 226-5-берене** | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **1** |
| **КЖК 226-6-берене** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **0** |
| **КЖК 227-берене** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **0** |
| **КЖК 228-берене** | 13 | 0 | 0 | 2 | 0 | 1 | **16** |
| **КЖК 229-берене** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | **1** |
| **Баары** | **24** | **0** | **0** | **5** | **1** | **5** | **35** |

### 2.1.1. ТЕРРОРИЗМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ КЫЛМЫШ ИШТЕРИН ТЕРГӨӨ

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-процесстик кодексине ылайык, террордук багыттагы кылмыштарды иликтөө кандайдыр бир өзгөчөлүктөргө ээ эмес (1999-ж. редакциясында) (мындан ары КПК). КПКнын 163-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, мындай кылмыштар улуттук коопсуздук органдары тарабынан иликтенет.

Бул изилдөөнүн алкагында соттук иштердин материалдарынан тергөө органдары тарабынан тергөө мөөнөттөрүнүн сакталышы, шектүүлөрдүн, айыпкерлердин квалификацияланган юридикалык жардам алуу укуктарынын, котормочуга ээ болуу укуктарынын, кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден эркин болуу укуктарынын сакталышын, баш коргоо чараларынын, экспертизаны жана башка укуктарды дайындоо тартиптери сакталышын кароо милдеттери коюлган.

**Иликтөө мөөнөттөрүнүн сакталышы**

Кылмыш-процесстик кодекстин 166-беренесине ылайык, мындай иштер боюнча тергөө кылмыш иши козголгон учурдан баштап, эки айлык мөөнөттө аягына чыгарылышы зарыл. Тергөөнүн мөөнөтүнө тергөө иштери КЖКнын 27-бөлүмүндө каралган негиздер боюнча токтотулган учурдагы убакыт кошулбайт. Тергөөнүн мөөнөтү облустун прокурору же Бишкек шаарынын прокурору тарабынан алты айга чейин, КРнын Башкы прокурорунун орун басары тарабынан тогуз айга чейин узартылат, эгерде иш өзгөчө татаалдыкты жаратса, жана өзгөчө учурларда мөөнөтүн андан нары узартуу КРнын Башкы прокурору тарабынан ишке ашырылат.

Тергөөнүн мөөнөтүн узартуу үчүн тергөөчү бул жөнүндө негиздеме токтом чыгарууга жана аны тергөөнүн мөөнөтү бүткөнгө чейин жети суткадан кем эмес мөөнөттүн ичинде ыйгарым укуктуу прокурорго өткөрүүгө милдеттүү.

Каралып чыккан 35 сот иштеринин ичинен, болгону 10 иш боюнча (29%) тергөө мөөнөтү сакталган, ал эми калган 25 иште (71%) – сакталган эмес. Иштин материалдарында тергөөнүн мөөнөттөрүн аныктоого жол бере турган материалдар табылган жок.

Бул изилдөөнүн алкагында респонденттердин ой-пикирлери алынды, алардын пикирлери боюнча мындай иштердин мөөнөттөрүнүн создуктурулуп кечиктирилишинин объективдүү себептери катары, тергөө органдарына жүктөлгөн жумуштарынын абдан көптүгүн, экспертизанын корутундусун күтүүнү, кызматкерлердин өз жумуштарына кайдыгер мамилелерин, ошондой эле алардын кесиптик иш-билгиликтеринин деңгээлинин анча жогору эместигин белгилешти.

> *«Тергөөчүлөргө жүктөлгөн милдеттер абдан чоң. Мисалы, экспертизадан өткөрүү үчүн Каракол шаарынын облустук борборуна баруу зарыл, ал эми кылмыш мисалы Балыкчыдан болгон. Өзүнүн эсебинен күйүүчү май куюу керек. Ошондуктан, бир жолу барганда баарын бүтүрүп келүү үчүн бир нече ишти чогултканга мажбурсуң.*
>
> *Аныкталган жарандар боюнча суроо талаптарга жооптор чет мамлекеттерден узак убакыттын ичинде келет (Узбекистан, Казахстан, Таджикистан)».*
>
> *Тергөө органдарынын кызматкерлеринин маектеринен*

**Квалификацияланган юридикалык жардам алуу укугунун сакталышы**

Кылмыш-процесстик кодексинин 20-беренесине ылайык, ар бир шектүү, айыпкер, соттолуучу коргоого ээ болуу укугу менен камсыз кылынат. Ар бир жарандын бул укугу КРнын Конституциясы тарабынан кепилдикке алынган (40-бер.). Тергөөчү, прокурор жана сот аларга мыйзам тарабынан берилген каражаттар жана жолдор менен коргонуу мүмкүнчүлүктөрүн берүүгө, ошондой эле алардын жеке жана мүлктүк укуктарын коргоого милдеттүү. Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуп жаткан адамдын кылмыш иши боюнча укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону адвокат ага юридикалык жардам көрсөтүү жолу менен камсыз кылат. Тергөөдө коргоочулар катары адвокаттар катышышат. Адвокат ишке шектүүнү (айыпкерди) биринчи суракка алган же ал кармалган учурдан баштап катышат. Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуп жаткан адамдын кылмыш иши боюнча өндүрүшкө адвокатын катыштыруу укугу тергөөчү же сот тарабынан камсыз кылынат.

Бардык 35 иш боюнча айыпкерлердин аларды шектүү же айыпкер катары кармаган учурдан баштап адвокаттары болгон. 25 иш боюнча адвокаттар айыпкерлердин өздөрү же алардын туугандары тарабынан чакырылышкан жана болгону 10 иште айыпкерлерге мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам линиясы боюнча адвокаттар берилген (МКЮЖ) (6-таблицаны карагыла).

**6-таблица.** Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам линиясы боюнча адвокаттардын берилиши

| | | | МКЮЖ линиясы боюнча адвокат берилгенби? | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | ооба | жок | |
| **КЖКнын беренеси** | КЖКнын 226-беренеси | Саны | 0 | 6 | **6** |
| | | % КЖК берене | 0 | 100,0% | **100,0%** |
| | КЖКнын 226-1-беренеси | Саны | 0 | 2 | **2** |
| | | % КЖК берене | 0 | 100,0% | **100,0%** |
| | КЖКнын 226-2-беренеси | Саны | 1 | 1 | **2** |
| | | % КЖК берене | 50,0% | 50,0% | **100,0%** |
| | КЖКнын 226-3-беренеси | Саны | 1 | 1 | **2** |
| | | % КЖК берене | 50,0% | 50,0% | **100,0%** |
| | КЖКнын 226-4-беренеси | Саны | 2 | 3 | **5** |
| | | % КЖК берене | 40,0% | 60,0% | **100,0%** |
| | КЖКнын 226-5-беренеси | Саны | 1 | 0 | **1** |
| | | % КЖК берене | 100,0% | 0,0% | **100,0%** |
| | КЖКнын 228-беренеси | Саны | 5 | 11 | **16** |
| | | % КЖК берене | 31,3% | 68,8% | **100,0%** |
| | КЖКнын 229-беренеси | Саны | 0 | 1 | **1** |
| | | % КЖК берене | 0,0% | 100,0% | **100,0%** |
| **Баары** | | **Саны** | **10** | **25** | **35** |
| | | **% КЖК берене** | **21,5 %** | **71,42 %** | **100,0%** |

Сурамжылоого катышкан респонденттердин, адвокаттардын пикирлери боюнча, Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча адвокаттарга адатта кармоо жана тергөө өндүрүшү стадиясында кайрылышат, ал эми соттук териштирүү стадиясында жеке адвокаттарды жалдашат. Эгер шектүүлөр, айыпкерлер жеке адвокаттарды жалдай алышпаса, алар үчүн мындай (мамлекеттик) адвокаттарды тергөөчүлөр чакырышат. Адвокаттар орточо 3-7 сааттын ичинде келишет. Бирок, айрым респонденттер адвокаттар тергөө иш-чараларына келбей койгон учурларды дагы белгилешкен, бирок телефон аркылуу тергөөчүлөр менен аларды өткөрө берүү мүмкүндүгү, ал эми алардын катышкандыгын тастыктаган документтерге кечирээк кол коё турушкандыгы жөнүндө макулдашышкан.

Жалпысынан респонденттердин көпчүлүгүнүн пикири боюнча, тергөө стадиясында шектүүлөрдү жана айыпкерлерди коргоо укугу сакталат, бирок берилген коргоонун сапаты менен укуктук жардамды ишке ашыруунун шарттары жаатында көйгөйлөр бар.

Айрым респонденттер, Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмүнүн адвокаттары көрсөткөн кызматтардын сапаты жетишсиз деп белгилешти. Эгер тергөөчүлөр башка адвокатты чакырса деле, баары бир алар иштин мазмунуна үңүлүп киришишпейт жана кардардан сыйлык акы сурашат. Алардын көпчүлүгү

далилдерге адекваттуу таасир этүү үчүн ошол эле далилдерди жеткиликтүү деңгээлде баалай алышпайт.

*«Адвокаттарды тартуу боюнча тажрыйбам бар, алар алсыз жана өз кесибине берилип иштешпейт. Чет тарапта эле олтуруп турушат, кайсы жерге кол коюу керек болсо, коюшат, анан кетишет».*

*«Жеке адвокат акча үчүн кармашат. Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам линиясы боюнча адвокат антпейт. Ар бир жеңилип калган иш кадыр-баркка жана аты-жөнүнө таасирин тийгизиши мүмкүн. Кылмыш, жарандык жана башка иштер боюнча адистештирүү керек».*

*Тергөө органдарынын кызматкерлери менен маектешүүдөн*

Сурамжылоого катышкан адвокаттар МКЮЖ түзүмү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугуна баа бере алышкан жок жана алардын аракеттерине карата кардарлардын даттануулары жөнүндө айта алышкан жок. Бул суроолорго алар мындай иштер ылдам иликтенгендиктен, алар кандайдыр бир өтүнмө кат өткөрүүгө үлгүрүшпөйт.

Адвокаттар МКЮЖ түзүмү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн эмгек акыны жогорулатууну жана өз убагында төлөп берүүнү, ошондой эле мындай категориядагы иштер боюнча Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча Адвокаттардын реестрине бир гана тажрыйбалуу жана стажга ээ адвокаттарды киргизүүнү, адвокаттардын квалификацияларын жогорулатууну, мындай иштер боюнча адистештирүүнү киргизүүнү сунушташты.

Берилген укуктук жардамдын сапатына адвокаттын ал коргоп жаткан адам менен байланышуу шарттары дагы таасирин тийгизет. Убактылуу кармоо изоляторунда (УКИ) жана тергөө изоляторунда (ТИ) адвокаттар менен сүйлөшүү үчүн бөлмөлөр бар, бирок алардын шарттары жакшыртууну талап кылат, себеби адвокаттын ал коргоп жаткан адам менен толук кандуу иштөөсүнө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн эмес.

**Котормочу алуу укугу**

КПКнын 23-беренеси талап кылгандай, сот иши мамлекеттик же расмий тилдеринде жүргүзүлөт. Сот иши жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген, ишке катышкан адамдарга эне тилинде билдирүү жасоо, көрсөтүү берүү, өтүнүч билдирүү, иштин бардык материалдары менен таанышуу, сотто чыгып сүйлөө жана котормочунун кызматынан пайдалануу укугу берилет. Сот иши жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген ар бир адамдын котормочунун кызматынан падалануу укугу басмырлабоо конституциялык принцибинен келип чыгат, ага ылайык мамлекет өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат, анын ичинде жынысы, расасы, тили жана башка өзгөчөлүктөрүнө көз карандысыз түрдө сотто коргоого ээ болуу укугун камсыз кылат (КРнын Конституциясынын 16-40-беренелери).

ЖПКнын 23-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, бардык токтомдордун көчүрмөлөрү айыпкерге эне тилине которулуп же ал билген тилде тапшырылат.

Мыйзамдын ушул талаптарын эске алуу менен, изилдөөнүн алкагында каралган иштердин материалдарында, соттолгон адамдардын котормочу алуу укуктарын олуттуу бузган учурлар табылган жок. Мындай категориядагы иштер боюнча кылмыш иштеринин өндүрүшү, негизинен мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлгөн, айыпкерлер болсо бул тилдерди билишкен.

Сурамжылоого катышкан респонденттердин көпчүлүгү дагы шектүүнүн, айыпкердин тергөө стадиясындагы котормочу алуу укуктары толук кандуу сактала тургандыгын бекемдешти, себеби котормочу менен камсыз кылбоо процесстик ченемди орой бузуу болуп саналат, бул жөнүндө бардык тергөөчүлөр билишет. Бирок, алар укук коргоо органдарынын штаттык бирдиктеринде жок болгон учурда, котормочуларды мотивациялоодо көйгөй жаралат. Адатта тергөөчүлөр бул кызматтарды акысыз көрсөтө ала турган ЖОЖдордун окутуучуларынын эсебинен котормочуну камсыз кылышат.

> *«Келгенде дароо кайсы тилде көрсөтмө бере тургандыгын сурайбыз. Айыпкер кайсы тилди тандаса, суракка алуу ошол тилде жүргүзүлөт. Тергөөдө котормочулук кызматтарды аткара турган милдеттүү түрдөгү котормочулар жок. Кээде орус тилинен кыргыз тилине которуп берүүлөрү үчүн университеттерге кайрылабыз».*
>
> *Тергөө органдарынын кызматкерлеринин маектеринен*

Сунуштама катары, жеке кампаниялардан котормочуларды жалдоо үчүн республикалык бюджеттен эмгек акы караштыруу сунушталды.

**Кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден эркин болуу укугу**

КПКнын 10-беренесине ылайык, кылмыштык сот ишинин жүрүшүнө катышкан бардык мамлекеттик органдар жана тараптар инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана кадыр-баркын урматтоого милдеттүү. Мыйзам суракка алууларды, ошондой эле башка тергөө же сот аракеттерин жүргүзүүдө коркутууга, зомбулук жана башка мыйзамсыз аракеттерди жасоого жол бербейт. Бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу тандалып алынган адамды, ошондой эле кылмыш жасоодо шектүү болуп кармалган адамды камакта кармоо анын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбей турган шартта жүзөгө ашырылууга тийиш. КЖКнын бул ченеми кыйноолорго, башка адамкерчиликсиз, мыкаачылык же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого туш болбоо конституциялык укугунан келип чыгат (КРнын Конституциясынын 22-бер.).

Каралып жаткан сот иштеринде айыпкерлердин тергөөчүлөр тарабынан кыйноолорго, башка адамкерчиликсиз, мыкаачылык же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого туш болгондугу табылганы катталган жок.

Жүргүзүлгөн маектешүүлөрдө прокурорлор тергөөчүлөр, ыкчам кызматкерлер, укук коргоо органдары тарабынан шектүүлөргө, айыпкерлерге ырайымсыз мамиле кылынгандыгын учурда иштеп жаткан система жеткиликтүү деңгээлде аныктай алат деп белгилешти (ишке тиркөөгө боло турган Убактылуу кармоо изоляторлорундагы журналдардын болушу, дене бойлук зыяндар жөнүндө тастыктама толтуруу ж.б.). Бирок, бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү жана айрым адвокаттар шектүү же айыпкер кыйноолор жөнүндө арызданган учурларда, тергөөчүлөр мындай кайрылууларды дайыма четке кагышат. Мындай арыз менен прокурорго кайрылган учурда алар дайыма тергөөнү колдошот, себеби «ал (айыпталуучу) буга татыктуу» деп ойлошот.

Мындай жагдайларда соттолуучулар көпчүлүк учурда бул жөнүндө сот залындагы териштирүү учурунда айтканга мажбур болушат, бирок убакыт өтүп кеткендиктен кыйноолордун издери жок болуп кеткен, далилдөө татаал. Мына ушуга байланыштуу, айыпкер Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборго (КАУБ) түз кайрылуу жаатындагы иштти жөнгө салуу сунушталды, ага ылайык кыйноолор болгон учурда медициналык текшерүү жүргүзүүгө жөндөмдүү адистешкен медициналык эксперттер иштеп баштамак.

КАУБдун кызматкерлеринин пикирлери боюнча, кыйноолор жөнүндө жазуу формасындагы арыздар КАУБга түшөт, алар дароо прокуратура органдарына

жөнөтүшөт, андан нары ошол жактан алардын кыймылын көзөмөлдөшөт. Айыпкерлер ооз эки сүйлөшүү учурунда аларга карата кыйноолор жасалгандыгы жөнүндө айтышкан, бирок аларды жазуу жүзүндө тастыктагандан коркушкан. Мындай баш тартуунун негизги себеби, тергөө изоляторлорунун, түзөтүү колонияларынын кызматкерлеринин өздөрүнө карата мамилелерин начарлатып алуудан кооптонуу болуп саналат. Кыйноолор жөнүндө даттануулар адатта ыкчам кызматкерлерге карата дагы түшөт. КАУБ бардык мындай окуяларды КРнын Жогорку Кеңешиндеги өзүнүн баяндамасында ачык айтышат.

Ырайымсыз мамилеге соттолгон адамдарды эркиндигинен ажыратуу жайларында кармоо шарттары дагы теңештирилет, респонденттердин көбүнүн пикирлери боюнча алар талаптарга жооп бербейт. Советтик мезгилдеги инфраструктура жаңылоону талап кылат. Мындай категориядагы иштер боюнча соттолгон адамдар үчүн өзүнчө бөлмө же жашай турган жай бөлүнүп берилет, бирок бул жетишсиз, кармоо шарттары начар жана оор бойдон калууда. Мындай мекемелерде иштөө усулдары катаал бойдон калууда жана соттолгон адамдарды ресоциализацияга багыттаган заманбап учурдун талаптарына жооп бербейт.

**Бөгөт коюу чарасын дайындоонун тартиптерин сактоо**

Тергөөдө айыпкер тергөөдөн же соттон жашынат, же болбосо башкача жол менен тергөөнү же ишти сотто териштирүүнү объективдүү жүргүзүүгө тоскоолдуктарды жаратат, же болбосо кылмыштуу ишмердүүлүк менен алектенүүнү улантат деген негиздер бар болсо, бөгөт коюу чарасы колдонулат. Өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн тергөөчү, прокурор жана сот өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде Кылмыш-процесстик кодексинин 101-беренесинде каралган бөгөт коюу чараларынын бирөөнү айыпкерге карата колдонууга укуктуу.

Бөгөт коюу чараларын дайындоонун тартиби КПКнын 12-бөлүмүндө жөнгө салынган, ага ылайык айыпкерге карата колдонула турган 7 бөгөт коюу чараларынын ичинен, 5 – тергөөчү тарабынан колдонулат, 2 – сот тарабынан (камакка алуу, үй камагы). Баш коргоо чарасын колдонуунун зарылчылыгы жөнүндө суроону чечүүдө, анын түрүн аныктоодо тергөөчү, прокурор, сот КПКнын 102-беренесинде көрсөтүлгөн жагдайлардан сырткары, ошондой эле сот жасалган кылмыштын оордугун, айыпкердин, соттолуп жаткан адамдын өздүгүн, алардын алектенген чөйрөсүн, жаш курагын, ден соолугунун абалын, үй-бүлөлүк абалын жана башка жагдайларын эске алышат.

Өтө катаал бөгөт коюу чарасы камакка алуу болуп эсептелет. Бөгөт коюунун бул чарасы кылмыш ишин иликтөөдө соттун чечими эки айлык мөөнөткө чейин тандалат жана улантылышы мүмкүн: алты айга чейин — көзөмөлдөгөн прокурорго макулдашуунун негизинде тергөөчүнүн өтүнүч каты боюнча; тогуз айга чейин — Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басарына макулдашуунун негизинде тергөөчүнүн өтүнүч каты боюнча; бир жылга чейин — Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна макулдашуунун негизинде тергөөчүнүн өтүнүч каты боюнча.

Каралып чыккан иштерде, айыпкерлерге карата сот тарабынан камакка алуу бөгөт коюу чаралары колдонулган. Терроризмге байланыштуу иштер боюнча бөгөт коюу чараларын колдонуунун тартиптерин сактоо боюнча кандайдыр бир олуттуу мыйзам бузуулар аныкталган жок.

**Экспертизаны дайындоонун тартибин сактоо**

Кылмыштарды иликтөө учурунда соттук экспертиза Кылмыш-процесстик кодексинин 25-бөлүмүндө бекитилген тартипке ылайык, тергөөчүнүн токтому менен дайындалат. Соттук экспертиза мамлекеттик сот эксперттери тарабынан, ошондой эле башка

жарандардын арасындагы атайын билимдерге ээ эксперттер тарабынан жүргүзүлөт. Экспертизанын корутундусу кылмыш иштерин соттордо кароодо далилдер катары кабыл алынат.

Изилденип чыккан 35 сот ишинин ичинен, 16 иште тергөөчүлөр тарабынан соттук экспертизалар дайындалган. Экспертизалардын баары Кыргыз Рсепубликасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы (ДИМК) тарабынан жүргүзүлгөн.

Мындай категориядагы иштер боюнча соттук экспертизаларды дайындоодогу жана жүргүзүүдөгү көйгөйлөр бул Отчеттун 3-бөлүмүндө жазылган.

**Тергөө стадиясындагы процесстик мыйзам бузуулар**

Тергөө стадиясындагы процесстик мыйзам бузуулар КПКнын 7-бөлүмүндө жөнгө салынган тергөө өндүрүшүнүн тартибин бузуу болуп эсептелет. КПКга ылайык, тергөөчүнүн аракеттерине жана чечимдерине тергөөнү жүргүзүү орду боюнча даттануулар берилиши мүмкүн (131-бер.). Сотко даттануу арыз тапшыруучу, анын коргоочусу, мыйзамдуу өкүлү же өкүлү тарабынан түз, же болбосо тергөөчү, прокурор аркылуу берилиши мүмкүн.

Изилденип чыккан иштердин материалдарында, тергөө органдары тарабынан КР КПК бузулушун тастыктаган даттануулар же башка документтер аныкталган жок.

## 2.1.2. ТЕРРОРИЗМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕРДИ СОТТОРДО ТЕРИШТИРҮҮ

Кылмыш иштери боюнча соттук териштирүүлөр КПКнын 8-бөлүмүнө ылайык ишке ашырылат жана террордук багыттагы иштерди кароо боюнча кандайдыр бир өзгөчөлүктөргө ээ эмес.

Каралып чыккан 35 иш боюнча Кыргыз Республикасынын соттору 35 жыйынтыктоочу сот актыларын чыгарышкан. Алардын ичинен 32 айыптоочу өкүмдөр, 3 – иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө токтомдор. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 228-беренеси (терроризм актысы жөнүндө билип туруп жалган билдирүү жасоо) боюнча козголгон иштер кыскартылган. Жыйынтыктоочу актылардын көбү Бишкек ш. (12), 5 - Ош облусунун, 4 - Жалал-Абад облусунун соттору тарабынан кабыл алынган. Иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө токтомдорду Талас облустук (2) жана Бишкек шаардык (1) соттору кабыл алышкан.

Өкүмдөрдү чыгарууда соттор далилдерди, анын ичинде экспертизалардын корутундуларын негиз катары карашкан. Далилдер катары дагы, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, соттолуп жаткан адамдардын күнөөлөрүн моюнга алуулары колдонулган.

**Соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүн сактоо**

Кылмыш-процесстик кодексинин 252-беренесине ылайык, мындай категориядагы иштер боюнча соттук териштирүүлөр эки айлык мөөнөттөн кечиктирилбей жүргүзүлүшү керек. КПКнын 250-беренесине ылайык соттук териштирүүнүн мөөнөтүнө тараптарга иштин бардык материалдары менен таанышууга берилген убакыт кирбейт, ошондой эле соттук териштирүү КПКнын 265-беренесинин негизинде токтотулган убакыт дагы кирбейт.

Каралып чыккан сот иштеринин материалдарында соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүн орой бузуулар аныкталган жок. Сурамжылоого катышкан респонденттер мындай

иштер боюнча соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрү бузулбай тургандыгын, тескеринче, буларды тезирээк кароого аракет кыла тургандыгын бекемдешти.

### Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун сакталышы

Соттолуп жаткан адамдын коргоого ээ болуу уктары толугу менен ишке ашырылууда, аларга бардык учурларда адвокат берилет. Респонденттердин пикирлери боюнча, соттук териштирүү стадиясында соттор адвокаттын катышуусун дайыма талап кылышат.

Бирок, бул жерде дагы адвокаттардын бат-баттан алмашуулары, өзгөчө өз милдеттерине өзгөчө кызыгуусуз мамиле кылган МКЮЖ түзүмү боюнча (өз кардарларына келишпейт, сот жыйындарына катышышпайт), соттолуп жаткан адамдын жеке адвокат жалдоого мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу сыяктуу (МКЮЖ түзүмү боюнча адвокатка макул болууга мажбур) көйгөйлөр бар.

### Котормочу алуу укугу

Соттолуп жаткан адамдын котормочу алуу укугу соттук териштирүүдө толугу менен ишке ашырылат, соттор сот өндүрүшү кайсы тилде өтүп жатса, ошол тилге которууну камсыз кылышат.

### Бөгөт коюу чарасын дайындоонун тартибин сактоо

Каралып чыккан иштерди бөгөт коюу чарасын дайындоонун тартибин бузуу табылган жок. Жогоруда белгиленгендей, мындай категориядагы иштер боюнча соттолуп жаткан адамдардын дээрлик баарына – райондук (шаардык) соттун токтомдору менен камакка алуу чаралары колдонулган. Мындай бөгөт коюу чаралары соттук териштирүүлөр учурунан баштап, соттун өкүмү чыкканга чейин алмаштырылган эмес.

### Экспертиза дайындоо тартибин сактоо

Соттук экспертизалардын көбү тергөө стадияларында дайындалган. Иштерде жүргүзүлгөн экспертизалардын сапаттарына карата даттануулар табылган жок.

Суроолорго жооп берген соттордун пикирлери боюнча, экспертизанын корутундусу сотту канааттандырбаган учурда, ал иш боюнча чечим кабыл алуу учурунда далилдерди баалоодо аны эске албайт.

Соттук экспертизаларды дайындоонун тартиптерин бузуу жана соттордо алардын жарактуулуктарына баа берүү бул Отчеттун 3-бөлүмүндө жазылган.

### Сот тарабынан соттолуп жаткан адамдардын аракеттерин кайра квалификациялоо окуялары жана алардын себептери

Каралып чыккан иштерде соттор тарабынан КРнын 226-229-беренелери боюнча соттолуп жаткан адамдардын аракеттерин кайра квалификациялоо окуялары катталган жок.

### Процесстик мыйзам бузуулар

Каралып чыккан иштерде процесстик мыйзам бузуулар табылган жок. Бирок, айрым респонденттер мындай категориядагы иштер боюнча соттолуп жаткан адамдар эрежеге ылайык, камакка алуу чарасы дайындалганда залдарда колдоруна кишен салынып олтурушат жана бул алардын пикири боюнча, бардык мамлекеттик органдар сактоолору керек болгон күнөөсүздүк презумпциясы принцибин бузат.

Соттор иштердин мындай категорияларын кароодо соттордун ишмердүүлүктөрүн жакшыртуу үчүн коңшу өлкөлөрдүн тажрыйбаларын иликтөө боюнча иш-чараларга, эксперттердин катышуусу менен тренингдерге жана семинарларга, тегерек үстөлдөргө сот тажрыйбаларын жалпылаштырууну жүргүзүүнү сунушташты.

Көптөгөн респонденттер тарабынан терроризмдин алдын алуу үчүн, мындай көрүнүштөрдүн мааниси менен мазмунунун, анын зыяндарын түшүндүрүү боюнча соттордун пресс-катчыларынын ролун жогорулатуу сунушталды.

**Укукту колдонуу**

Соттор мындай иштердин категорияларын кароодо КРнын Кылмыш-жаза кодексин жана КРнын Кылмыш-процесстик кодексин колдонушат. Бардык өкүмдөрдүн сыпаттоочу-мотивациялык бөлүгүндө башка мыйзамдарга, эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга бир дагы шилтеме келтирилген эмес.

Соттор жыйынтыктоочу сот актыларынын көбүнүн мотивациялык бөлүгүндө, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин тиешелүү ченемдерине шилтеме келтирип, мыйзамды колдонуунун логикасын аныктоого жол ача тургандай кылып, өз корутундуларынын укуктук негиздерин келтиришпейт (түшүндүрмө беришпейт). Бул болсо, соттордун бул ченемдерди түшүнүүсүнүн жана колдонуусунун тууралыгын баалоодо айрым бир кыйынчылыктардын пайда болушуна алып келет.

Мындай иштердин категориясы боюнча соттор жана башка респонденттер, мыйзамдын жетиликтүү эместиги же аны колдонуудагы кыйынчылыктар боюнча орчундуу наразычылыктарды айтышкан жок.

Муну менен катар эле, айрым бир сот актыларында, өзгөчө КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 226-4-беренесин (Кыргыз Республикасынын жаранынын чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу кагылыштарга же согуш аракеттерине катышуусу же террорчулук жана экстремисттик даярдыктан өтүшү) колдонуу боюнча соттор айыптоо актыларын сынчыл көз караш менен карабагандыктары жана өлкөнүн аймагынан четке чыкпаган адамдарды кылмыш кылган деп таанышкандыктары аныкталды.

*А.С. 2015-жылы социалдык түйүндөр аркылуу эки эркек адам менен таанышкан, жана алар менен сүйлөшкөн, анын ичинде Сириядагы аскердик кагылышуу жөнүндө дагы сүйлөшкөн, Сириянын эркиндиги үчүн күрөшкөндөргө кошулууну чечкен. Бул максат үчүн ал өзүнүн үй-бүлөсүн, жашы жетелек баласын калтырган жана Москва шаарына учуу үчүн Ош шаарына келген.*

*Ош ш. аэропортунан каттоодон өткөндөн кийин, ал кармалган.*

*Аялга КРнын КЖКсынын 266-4-беренеси боюнча айып тагылган, ага ылайык, Кыргыз Республикасынын жаранынын жалдануу белгилери болбостон чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу кагылыштарга же согуш аракеттерине катышуусу, террорчулук же экстремисттик кылмыштарды жасоо шыктарын жана жөндөмдөрүн алууга багытталган даярдыктан Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жакта өтүшү, - беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.*

*Сот аялды КРнын КЖКсынын 226-4-беренеси боюнча 5 жылга эркиндигинен ажыратуу менен, баласы 14 жашка толгонго чейин жазасын өтөөнү кийинкиге калтырган.*

*Экинчи инстанциядагы сот биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн күчүндө калтырган*

## 2.2. ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ ТАЖРЫЙБАЛАРЫНЫН ОБЗОРУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти (мындан ары – Сот департаменти) берген статистикага ылайык, 2014-2018-жылдар аралыгында соттор тарабынан КРнын КЖКсынын 299-299-3, 375-беренелери боюнча (1997-жылдагы редакциясында) 616 иш каралган. Бул изилдөөнүн алкагында баары болуп, 461 иш изилденди.

Каралган иштердин ичинен, КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча иштер абдан көп (экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, жайылтуу, ташуу жана жиберүү, ошондой эле экстремисттик же террористтик уюмдардын символдорун же атрибуттарын атайылап колдонуу) (329 иш).

Таң калычтуу, 2014-жылдан баштап, 2017-жылга чейин КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча соттор тарабынан каралган иштердин саны болжолдуу түрдө бирдей эле болгон, орточо эсеп менен алганда жылына 60-65 иш жана бир гана 2018-жылы алардын саны дээрлик эки эсеге азайган (7-таблицаны караңыз).

**7-таблица.** Каралган иштердин жыйынтыктары жылдары боюнча

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **КЖКнын 299-2-беренеси** | 71 | 87 | 59 | 75 | 37 | 329 |


**8-таблица.** Каралган иштердин жыйынтыктары аймактар боюнча бөлүнүшү

| Облусу | Ош | Жалал-Абад | Баткен | Чүй | Ысык-Көл | Нарын | Талас | Бишкек ш. | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **КЖКнын 299-2-беренеси** | 110 | 106 | 38 | 9 | 21 | 6 | 7 | 32 | 329 |

Изилдөөнүн жүрүшүндө КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча 329 иш каралды. Алардын ичинен иштердин көбү Ош облусунун (110) жана Жалал-Абад облусунун (106) соттору тарабынан каралган (8-таблицаны карагыла).

КРнын КЖКсынын 299-2-беренесине ылайык козголгон 329 кылмыш иши боюнча жоопкерчиликке 329 адам тартылган, алардын көбү орто билимдүү 30-39 жаштан 40-49 жаштагылар. Алардын ичинен 268 эркек жана 61 аял. Анын ичинен 65 мурда соттолгондор, 264 – мурда соттолгон эмес. Алардын ичинен алып карасак, 6 – чет жердик жарандар, 255 – үй-бүлөлүүлөр, 74 – үй-бүлөлүү эмес, 301 – жумушсуздар, 18 – жеке ишкерлер, 2 – пенсионерлер, 2 – фермерлер, 5 – мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери. Алардын көп бөлүгү өзбек (176 адам) жана кыргыз улутундагылар (132 адам) (2, 3, 4-диаграммаларды жана 9, 10-таблицаларды карагыла).

**2-диаграмма.** Көрсөткүчтөрдү жаш курактары боюнча бөлүштүрүү (саны)





**9-таблица.** Көрсөткүчтөрдү билим деңгээли боюнча бөлүштүрүү (саны)

| | Толук эмес орто (базалык) | Жалпы орто | Атайын орто | Бүтпөгөн жогорку | Жогорку | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **КЖКнын 299-2-беренеси** | 14 | 270 | 11 | 3 | 31 | 329 |


**10-таблица.** Көрсөткүчтөрдү жаш курактары боюнча бөлүштүрүү (саны)

| Соттолгон адамдын жарандыгы | Кыргыз Республикасы | Башка мамлекеттин жараны | 299-2-беренеси боюнча баары |
|---|---|---|---|
| **КЖКнын 299-2-беренеси** | 323 | 6 | 329 |

**3-диаграмма.** Көрсөткүчтөрдү жынысы жана мурда сот жообуна тартылгандыгы боюнча бөлүштүрүү (саны)




**4-диаграмма.** Көрсөткүчтөрдү улуту боюнча бөлүштүрүү (саны)



КРнын КЖКсынын башка 299, 299-1, 299-3, 375-беренелери боюнча соттордун тажрыйбалары анча чоң эмес. КРнын КЖКсынын 299-беренеси боюнча (улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутуу) соттор 288 ишти карашкан, бирок изилдөөнүн алкагында 11 иш каралды. КРнын КЖКсынын 299-1-бер. боюнча (улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутууга багытталган уюшкан иш-аракет) 106 иш каралган, КРнын КЖКсынын 299-3-беренеси боюнча (экстремисттик ишти каржылоо) соттор бир дагы ишти карашкан эмес, КРнын КЖКсынын 375-беренеси боюнча (жалданмачылык) – 45 иш, алардын ичинен 15 иш каралды (1-диаграмманы карагыла).

**Мындай кылмыштар жасалган жерлери (орду) жана аларды жасоонун жолдору**

Көпчүлүк учурда мындай кылмыштар шектүүлөрдүн, соттолуп жаткан адамдардын (338 окуя) жашаган даректери боюнча, райондордун, шаарлардын борборлорунда жашаган мечиттерде (38 окуя), калктуу пункттардын аймактарында (31 окуя), чет мамлекеттердин аймактарында (Сирия, Турция, Россия) – 12 окуя (11-таблицаны карагыла) жасалат.

Экстремисттик мүнөздөгү кылмыштар «Хизбут Тахрир» жана «Якин Инкар» уюмдарынын экстремисттик мүнөздөгү адабияттарын сактоо жана жайылтуу (153), электрондук сактагычтарда жайылтуу (ДВД, СД, флеш карталар ж.б.) жана экстремисттик мүнөздөгү маалыматты социалдык түйүндөр аркылуу жайылтуу (134), «Хизбут Тахрир» жана «Якин Инкар» тыюу салынган уюмдарынын идеяларын пропагандалоо (60) ж.б.

**11-таблица.** Экстремисттик багыттагы кылмыштардын жасалган орду

| | Жасаган жери боюнча | Коомдук жайларда (интернет клубдар, базарлар, райондордун жана шаарлардын борборлору, эс алуучу парктар) | Райондордун, шаарлардын борборлорунда жайгашкан мечиттерде | Кылмыш ишинде орду көрсөтүлгөн эмес (бир гана калктуу пункт, мисалы, Ош ш., Араван а., КРнын аймагында ж.б.) | Укук коргоо органдарынын мекемелеринде (ИИБ, ИИО) | Башка мамлекеттердин аймактарында (Сирия, Туркия, Россия) | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **КЖКнын 299-б.** | 9 | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | **11** |
| **КЖКнын 299-1-б.** | 46 | 2 | 34 | 22 | 0 | 2 | **106** |
| **КЖКнын 299-2-б.** | 281 | 25 | 4 | 15 | 4 | 0 | **329** |
| **КЖКнын 299-3-б.** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **0** |
| **КЖКнын 375-б.** | 2 | 2 | 0 | 1 | 0 | 10 | **15** |
| **Баары** | **338** | **31** | **38** | **38** | **4** | **12** | **461** |

## 2.2.1. ЭКСТРЕМИЗМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ КЫЛМЫШ ИШТЕРИ БОЮНЧА ТЕРГӨӨ

Кылмыш-процесстик кодексине ылайык, экстремисттик багыттагы кылмыштарды иликтөө кандайдыр бир өзгөчөлүктөргө ээ эмес. КПКнын 163-беренесинин 14-бөлүгүнө ылайык, мындай иштер боюнча тергөө ички иштер жана улуттук коопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлгөн.

Бул изилдөөнүн алкагында сот иштеринин материалдарынан, тергөө органдары тарабынан иликтөө мөөнөттөрүнүн сакталышын, шектүүлөрдүн, айыпкерлердин квалификациялуу юридикалык жардам алуу, котормочу алуу, кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден эркин болуу укуктарынын сакталышын, бөгөт чараларын, экспертизаларды дайындоонун тартиптеринин сакталышын ж.б. карап чыгуу милдеттери коюлган.

**Иликтөө мөөнөттөрүнүн сакталышы**

Каралып чыккан экстремизмге байланыштуу 461 сот иштеринин ичинен, 115 иш боюнча (24,9%) тергөөнүн мөөнөттөрү бузулган. Иликтөөнүн мөөнөттөрүнүн бузулушу баарынан мурун КЖКнын 299-2-беренеси боюнча иштерде табылды. Көп учурларда мөөнөттөр соттук экспертизаны дайындоо жана аткарууга байланыштуу бузулган.

Бул кылмыш ишинин алкагында респонденттер мындай категориядагы иштер боюнча иликтөөлөрүн мөөнөттөрү создуктурулуп кечиктирилбейт деген пикирлерин билдиришти. Тергөөнүн мөөнөттөрүн кечиктирүүнүн объективдүү себептери: тергөө органдарынын иштеринин абдан көптүгү, экспертизалардын корутундуларын күтүү, кызматкерлердин өздөрүнүн милдеттерине шалаакы мамилелери, ошондой эле алардын кесипкөйлүк иш билгиликтеринин деңгээлинин анча жогору эместиги. Мисалы, айрым респонденттер белгилегендей, ыкчам кызматкерлер тинтүүнү кылдаттык менен жүргүзүшпөйт жана абдан көп материалдарды алышат, алардын көбүнүн ишке тиешеси жок, бирок буюмдук далилдерге тиркеп коюшат (CD дисктер – кинотасмалар, мультфильмдер, китептер, брошюралар, башка материалдар). Бул материалдардын ичинен зарыл болгондорун табуу үчүн аларды талдоого жана иликтеп чыгууга көп убакыт талап кылынат. Бул материалдардын баары экспертизага жөнөтүлөт, ал жерден эксперттер бардык жиберилген материалдарды изилдешет.

Мына ушуга байланыштуу, респонденттер ыкчам кызматкерлердин жана тергөөчүлөрдүн кесипкөйлүк таанымдары, алар экстремисттик мүнөздөгү материалдарды дароо аныктоолору үчүн, ал аркылуу иликтөө жүргүзүүнүн мөөнөтүнүн алкагында аяктай билүүлөрү үчүн маанилүү экендигин белгилешти.

Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укуктарынын сакталышы

Бардык 461 соттук иштер боюнча айыпкерлердин кармалган учурларынан баштап адвокаттары болгон. МКЮЖ түзүмү боюнча адвокаттар 397 иш боюнча (86%) айыпкерлерге кызмат көрсөтүшкөн (12-таблицаны карагыла).

**12-таблица.** МКЮЖ түзүмү боюнча адвокаттарды берүү

| | | | МКЮЖ линиясы боюнча адвокат берилгенби? | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | ооба | жок | |
| КЖКнын беренеси | КЖКнын 299-б. | Саны | 1 | 10 | **11** |
| | КЖКнын 299-1-б. | Саны | 22 | 84 | **106** |
| | КЖКнын 299-2-б. | Саны | 38 | 291 | **329** |
| | КЖКнын 375-б. | Саны | 3 | 12 | **15** |
| **Баары** | | **Саны** | **64** | **397** | **461** |
| | | **% КЖКнын беренелери** | **13,9%** | **86,1%** | **100,0%** |

Айрым респонденттердин пикирлери боюнча, шектүүлөрдүн жана айыпкерлердин көбү, өзгөчө КРнын КЖКсынын 299-1, 299-2-беренелери боюнча баш тартышкан, мында алар өздөрүнүн диний ишенимдерине шилтеме келтиришип, алар светтик мыйзамдарга баш ийбейбиз деп эсептешип, адвокаттарга ишенбестик көрсөтүшкөн. Мындай учурларда тергөөчүлөр алар үчүн МКЮЖ түзүмү боюнча адвокаттарды чакырышкан.

Жалпысынан көпчүлүк респонденттердин пикирлери боюнча, тергөө стадиясында шектүүлөрдүн жана айыпкерлердин коргоого ээ болуу укуктары сакталат, бирок көрсөтүлгөн коргоонун сапатында көйгөйлөр бар. Айрым респонденттер МКЮЖ түзүмү боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын сапаттары жетишсиз экендиктерин белгилешти, алардын көбү далилдерге адекваттуу таасир этүү үчүн тиешелүү деңгээлде баа бере алышпайт, алардын башка процесстерден колдору бошобойт, көпчүлүк учурда ишке даярданышпайт. Респонденттер ошондой эле, МКЮЖ түзүмү боюнча көптөгөн адвокаттар менен тергөөчүлөрдүн ортосунда өз ара тыгыз байланышуу бар экенин белгилешти, бул айыпкерге көрсөтүлгөн коргоонун сапатына түздөн түз таасирин тийгизген, мындай иштердин жарымына чукулу коргоочулар тарабынан утулду. Бул факты мындай адвокаттарга карата ишенимге таасирин тийгизет, аларды айыпкерлер жалдоону каалашпайт, тергөө стадиясынан кийин алардан баш тартышат.

МКЮЖ түзүмү боюнча иштеген адвокаттардын көрсөткөн кызматтарына даттануулар КРнын Акыйкатчысына (Омбудсменине), КАУБга дагы түшкөн, алардын негизги мааниси мындай, адвокаттар тергөөчүлөрдүн көрсөтмөлөрүн унчукпай угушат жана албетте кызыгышпайт деле, өздөрү коргоп жаткан адамдын укуктарын тиешелүү деңгээлде коргой алышпайт. Сурамжылоого катышып суроолорго жооп берген соттолгон адам ага адвокат берилгендигин, ал аны тергөөнүн аяктагандыгы жөнүндө документтерге кол коюу керек болгондо гана көргөнүн айтып берди. Айыпкерлер адвокаттардын аракеттерине карата даттануу жазышпайт, себеби сот адилеттигине ишенишпейт.

> *«Адвокат документтерди алган, документтерге кол койгон жана кетип калган. Мени менен сүйлөшкөн эмес. РИИБдин жетекчиси менен кирди жана аны менен кетти. Адвокат өз ишин кылуусу керек да».*
>
> *Соттолгон адам менен маектешүүдөн*

**Котормочу алуу укугу**

Мындай иштердин категориялары боюнча кылмыш иштерин өндүрүү, негизинен мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлгөн, айыпкерлердин көпчүлүгү бул тилдерди билишкен.

Шектүүнүн, айыпкердин котормочуга карата укуктары иштин материалдары боюнча толук сакталган. Бул факты мындай категориядагы иштерде тергөө стадиясында котормочуга ээ болуу укуктары сакталды деп билдиришкен респонденттердин пикирлери менен бекемделди, анткени бул талапты аткарбоо ишти кайрадан тергөөгө жөнөтүүгө алып келет, муну болсо ар бир тергөөчү билет. Бирок араб, кытай тилдеринен которууну камсыз кылуу боюнча көйгөйлөр бар. Тергөөчүлөр мындай котормочуну ЖОЖдордун, медреселердин окутуучуларынын арасынан, же болбосо бул тилдерди билген жөнөкөй адамдардын арасынан издешет, бирок тергөөчүлөрдүн жана прокурорлордун өздөрүнүн пикирлери боюнча, алар камсыз кылынган котормонун сапатына баа бере алышпайт. Аларды ар бир котормочу эгер ал билип туруп так эмес которгондугу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылары жөнүндө эскертилгендиги тууралуу тил кат бергендиги тынчтандырат.

**Кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден эркин болуу укугу**

Каралган сот иштеринен, 5 айыпкерден аларга карата тергөө органдары тарабынан кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер жасалгандыгы аныкталды. Баары уруп сабоо жана айыпкерлерге карата ырайымсыз мамилелер фактылары боюнча даттануулар (13-таблицаны карагыла).

*Айыпкердин даттануусу Ош гарнизонунун аскер прокуратурасына жөнөтүлгөн, анын негизинде Ош ш. УКМКБ ыкчам кызматкерлери тарабынан айыпкерди уруп сабоо фактысы боюнча КРнын КЖКсынын 305-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункту боюнча кылмыш иши козголгон.*

*УКМКнын кызматкерине карата кылмыш ишин козгоо четке кагылды, себеби сотто териштирүүнүн жүрүшүндө зомбулук колдонулгандыгы жөнүндө даттануу тастыкталган жок, анткени видеого тартуу жүргүзүлгөн.*

*Тергөөчүлөрдүн аракеттери даттанылган эмес, медициналык корутунду жок болчу, жабырлануучу медициналык жардамга кайрылган эмес.*

*Иштин материалдарынан*

**13-таблица.** Кыйноолорго же ырайымсыз мамилеге карата даттануулардын саны аймактар боюнча

| | | Айыпкер ага карата кыйноолор жана/же ырайымсыз мамилелер колдонулгандыгы жөнүндө прокуратура органдарына даттанганбы? | | Баары |
|---|---|---|---|---|
| | | ооба | жок | |
| **Облустар** | Ош облусу | 3 | 197 | **200** |
| | Жалал-Абад облусу | 0 | 125 | **125** |
| | Баткен облусу | 0 | 40 | **40** |
| | Чүй облусу | 0 | 11 | **11** |
| | Ысык-Көл облусу | 0 | 22 | **22** |
| | Нарын облусу | 0 | 17 | **17** |
| | Талас облусу | 0 | 11 | **11** |
| | Бишкек шаары | 2 | 68 | 70 |
| **Баары** | | **5** | **491** | **496** |

Респонденттердин көбү тергөө стадияларында моюнга алуучу көрсөтмөлөргө жетишүү үчүн кыйноолор бар экендигин белгилешти. Адвокаттардын пикирлери боюнча, шектүүлөргө карата кыйноолор көпчүлүк учурда биринчи суракка алуулар учурунда жасалат. Бул пикирди ушул изилдөөнүн алкагында суроолорго жооп берген соттолгон адам дагы бекемдейт, ал тергөө учурунда аны сабашкандыгын, өзгөчө кармоо учурунда андан моюнга алган көрсөтмө алууга жетишүү максатында сабашкандыгын айтты. Ал эч жерге кайрылган эмес, бул жөнүндө адвокатка айткан эмес, себеби кантип кайрылуу керек экендигин билген эмес.

> *«Процесстик мыйзам бузуулар көп. Кармоонун алгачкы 9 сааты – бул кыйноолор боюнча иштердеги эң көйгөйлүү учур. Стамбул протоколунун формасы толтурулбайт жана талаптарга жооп бербейт. Жөн гана «жаңы жаракаттар жок» деп жазышат.*
>
> *Адвокат менен маектешүүдөн*

Коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү жана айрым адвокаттар шектүүлөр же айыпкерлер кыйноолор жөнүндө арызданган учурларда, тергөөчүлөр мындай кайрылууларды дайыма четке кагышат, ал эми ушундай эле арыздар менен прокурорго кайрылганда, алар көбүнчө тергөө тарапта болот. Мындай жагдайларда соттолуп жаткан адамдар бул жөнүндө КАУБ жана сот залында сотко айтууга мажбур болушат, бирок убакыт өтүп кеткендигине байланыштуу жасалган кыйноолор жөнүндө далилдөө алар үчүн татаал.

> *«Адвокат баары биригип бир пикирди карманышкан процесстин башка катышуучуларына карата өзү жалгыз каршы иштейт».*
>
> *Адвокат менен маектешүүдөн*

КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлдөрүнүн пикирлери боюнча, алардын байкоолоруна ылайык, кыйноолордун саны кыскара баштады, себеби укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин көбү дагы намаз окуп баштапты жана бул алардын экстремисттик мүнөздөгү кылмыштар боюнча айыпкерлерге карата мамилелерин өзгөрттү.

Белгилей кетчү нерсе, айрым респонденттердин пикирлери боюнча, аялдардын катышуусундагы мындай кылмыштарды иликтөөдө аларга карата мамиле адаттагыга караганда катуураак болгон. Тергөөчүлөр «баласы бар аял үйдө олтурса болмок» деп эсептешет жана ошон үчүн аларга карата кечиримдүүлүк көрсөтүшкөн эмес.


Респонденттер шектүүлөргө карата кыйноолорду жасоонун негизги себептери катары, укук коргоо органдарындагы паракорчулукту, кол менен санаган отчеттуулук системасын белгилешти.

Ырайымсыз мамилеге айыпкерлерди, соттолуп жаткан адамдарды, соттолгон адамдарды эркиндигинен ажыратуу жайларында кармоо шарттары дагы теңештирилет, алар респонденттердин көбүнүн пикирлери боюнча талаптарга жооп беришпейт. Акыйкатчынын (Омбудсмендин) жана КАУБдун өкүлдөрүнүн пикирлери боюнча, айыпкерлер, соттолуп жаткан адамдар жана соттолгон адамдар аларды кармоо жайларынын шарттарына көп даттанышат.

**Бөгөт коюу чарасын дайындоонун тартибин сактоо**

Каралган иштерде айыпкерлерге карата негизинен кийинкидей баш коргоо чаралары тандалган – эч жакка кетпөө жөнүндө кол кат алуу, камакка алуу, үй камагы, жеке кепилдик. Экстремизмге байланыштуу иштер боюнча бөгөт коюу чараларын колдонуунун тартиптерин сактоо боюнча кандайдыр бир олуттуу мыйзам бузуулар табылган жок.

**5-диаграмма.** Каралган иштер боюнча колдонулган бөгөт коюу чаралары




## Экспертизаларды дайындоо тартибинин сакталышы

Изилдөөнүн жүрүшүндө тергөө стадиясында соттук экспертизаларды дайындоонун тартибин сактоодо маанилүү көйгөйлөр аныкталды, алардын сыпаттамасын бул Отчеттун өзүнчө бөлүгүндө баяндоону чечтик (3-бөлүм).

Бул Отчеттун 3-бөлүгүндө сыпатталган көйгөйлөрдүн негизгилери катары, тергөө органдары, өзгөчө аймактардагы тергөө органдары эксперттердин жетишсиздиги көйгөйлөрүнө кабылышкан. Мындай учурларда укук коргоо органдарында эксперт эмес адистерден турган топтор түзүлгөн, алар бир гана ишке байланышы бар материалдарды текшерүү консультацияларын беришкен.

Дайындалган экспертизалар КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматка жиберилген (МСЭК), бирок кээде эксперттер экспертизаны аткаруудан баш тартышкан. Эксперттер материалдар алар билбеген тилде болгон учурларда баш тартышкан, бул ошондой эле эксперттердин жүктөрүнүн көп болгондугуна, алардын корккондуктарына байланыштуу дагы, себеби эксперттерди коргоо системасы жок, анан дагы электрондук сактагычтар ачпай койгон учурларда дагы баш тартышкан.

Бул категория боюнча адистердин жетишсиздигинен кылмыш иштерин иликтөөнүн мөөнөттөрү созулуп кечиктирилген.

Респонденттер тарабынан сунуштамалар катары, мындай категориядагы иштер боюнча окутуу модулдарын иштеп чыгуу жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн атайын семинарларды, окутуу тренингдерин өткөрүү сунушталды, анткени алардын арасында адистердин бат-баттан алмашуусу жогору экендиги байкалууда.

## Тергөө стадиясындагы процесстик мыйзам бузуулар

Каралган иштердин материалдарында, КРнын Кылмыш-процесстик кодексин бузган тергөөчүлөрдүн аракеттерине карата 11 даттануу жана акты аныкталды. Даттануулар тинтүү жана документтерди алуу тартибин (тинтүү үчүн үйгө жулунуп кирип келишет, кармаганга чейин эле аңдууну уюштурушат, маалыматтарды социалдык түйүндөрдөн ж.б. чогултушат), суракка алууну жүргүзүүнүн тартибин (суроолорду туура эмес беришет, диний терминдерди билишпейт, материалдардын мазмундарын чечмелей алышпайт), кармоо тартибин (туугандарына кармалгандыгы жөнүндө эскерткенге

мүмкүнчүлүк беришкен эмес жана бул жөнүндө аларга кармалгандан кийин 4 айдан соң гана белгилүү болгон) бузган тергөөчүлөрдүн аракеттерине карата келип түшөт.

Айрым респонденттердин пикирлери боюнча, тергөө процессиндеги процесстик мыйзам бузуулар адаттагы эле иш жана бул укук коргоо органдарынын кызматкерлери өздөрүн жазасыз сезгендиктери менен байланыштуу, ал эми прокурорлор менен соттор мындай укук бузууга дайыма эле таасир эте беришпейт. Жаңы Жазык-процесстик кодекстин күчүнө кирүүсү менен тергөөчүлөрдө, өздөрүнүн укуксуз аракеттерин мыйзамдаштырган жаман тажрыйба пайда болду, андан соң ага жол берилерин же берилбестигин сотто далилдөөнүн кереги жок болуп калат.

## 2.2.2. ЭКСТРЕМИЗМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕРДИ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮ

Каралып чыккан иштер боюнча, соттор 461 жыйынтыктоочу сот актыларын чыгарышкан. Алардын ичинен 439 айыптоочу акты, 10 актоочу акты, 12 иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө токтом. КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча (10 иш), КРнын КЖКсынын 299-беренеси боюнча (2 иш) токтотулган.

Жыйынтыктоочу сот актыларынын көбү Ош облусунун – 194, Жалал-Абад облусунун – 121, Бишкек ш. – 50 соту тарабынан кабыл алынган. Иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндөгү токтомдорду баарынан көп Ош облусунун (6) жана Чүй облусунун (4) соттору кабыл алышкан. Иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндөгү токтомдорду кабыл алуунун негиздери КПКнын 28-бер. 1-бөлүгүнүн 9-пунктунда каралган КРнын Кылмыш-жаза кодексинин өзгөчө бөлүгүнүн жоболорунда каралган жагдайдар болгон; соттолуп жаткан адамдын көз жумгандыгына байланыштуу; кылмыш жоопкерчилигине тартуу мөөнөтү эскиргендигине байланыштуу.

Соттор өкүмдөрдү чыгарууда далилдерге таянышкан, анын ичинде экспертизалардын корутундуларын негиз катары алышкан. Далилдер катары күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, соттолуп жаткан адамдардын күнөөлөрүн моюнга алуулары, соттук экспертизалардын корутундулары, жана башка буюмдук далилдер колдонулган. Айрым иштерде соттор жыйынтыктоочу актыларды чыгарууда бир гана соттук экспертизанын корутундуларын негиз катары алышкан.

Сурамжылоого катышкан респонденттердин пикирлери боюнча, соттор мурда өкүмдөрдү кабыл алууда сунуш кылынган далилдерден күмөн санашчу жана кайрадан кайталап экспертизадан өткөрүүгө жөнөтүшчү, азыр болсо бул өтө сейрек көрүнүш болуп болуп калды. Алардын пикирлери боюнча, соттор эксперттик корутундуларга «жеңил» мамиле кылышат, бул документтин болушу аларга өкүм чыгаруу үчүн кызмат кылса болду, соттордун көбү эксперттик корутундунун мазмунун кунт коюп өздөштүрүшпөйт деле. Экспертизаларды колдонуу боюнча сот тажрыйбалары жөнүндө бул Отчеттун 3-бөлүмүндө сыпатталып жазылган.

**Соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрүн сактоо**

Каралган сот иштеринин материалдарында соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрүн өтө орой бузуулар болгону катталган жок. Сурамжылоого катышкан респонденттер иштердин мындай категориялары соттор тарабынан бекитилген мөөнөттө каралып жаткандыгын айтышты, бирок соттук териштирүүлөр баары бир эле узак мөөнөткө чейин созулууда.

Сот жыйындары көпчүлүк учурда күбөлөрдүн, соттолуучунун келбегендиктерине, адвокаттардын, прокурорлордун бошобогондуктарына ж.б. байланыштуу себептер менен көп жолу артка жылдырылат (14-таблицаны карагыла).

Ошондой эле респонденттер мындай себептер катары сотторго кароо үчүн жүктөлгөн иштердин көптүгүн жана иштердин мындай категориясын кароо боюнча алардын билим деңгээлдеринин жетишсиз экендиктерин белгилешти.

**14-таблица.** Сот жыйындарын артка жылдыруунун себептери

| Сот жыйындарын артка жылдыруунун себептери | саны | % |
|---|---|---|
| маалыматтар жок | 102 | 20,6 |
| күбөлөрдүн келбегендиги жана күбөлөрдүн келишин камсыз кылбоо | 230 | 46,4 |
| соттолуп жаткан адамдын келбегендиги | 35 | 7,1 |
| прокурордун келбегендиги | 12 | 2,4 |
| соттун экспертизаны дайындоосу | 11 | 2,2 |
| адвокаттын бошобогондугуна, адвокаттын келбегендигине байланыштуу | 16 | 3,2 |
| адвокаттын өтүнүч кат келтирүүсү (иш менен таанышуу боюнча, жарыш сөздөргө даярдануу ж.б. боюнча) | 37 | 7,5 |
| иш күнүнүн убактысынын аякташы, тыныгуу | 32 | 6,5 |
| соттун баш тартуусу, ишти башка соттун өндүрүшүнө өткөрүп берүүсү | 6 | 1,2 |
| башка себептер (соттордун окуулары, семинарлар, тренингдер) | 8 | 1,6 |
| соттолуп жаткан адамдын стационардык дарылануда болгонуна байланыштуу иш боюнча өндүрүш токтотуу | 2 | ,4 |
| котормочу менен камсыз кылуу | 4 | ,8 |
| адвокатты алмаштыруу | 1 | ,2 |
| **Баары** | **496** | **100,0** |

## Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун сакталышы

Соттолуп жаткан адамдардын сотто коргонуу укуктары толугу менен ишке ашырылууда, аларга бардык учурда адвокат берилүүдө. Респонденттердин пикирлери боюнча, соттук териштирүү стадиясында соттор бардык учурда адвокаттын катышуусун талап кылышат.

Бирок, ушул жерден дагы адвокаттын тез-тезден алмашуусу деген көйгөйлөр пайда болот, өзгөчө өздөрүнүн милдеттерине анча деле кызыкдар эмес мамиле кылган (сот жыйындарына келишпейт) Мамлекет кепилдеген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча көйгөйлөр орун алат.

Соттор Мамлекет кепилдеген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча адвокаттардын иштерин ар түрдүүчө баалашат, биреөлөрү алардын иштерин канааттандыраарлык деп эсептешет, башкалары болсо – өз милдеттерин толук кандуу түрдө аткарышпайт деп эсептешет. Алардын ишмердүүлүктөрүн жакшыртуу үчүн соттор адвокаттардын кесиптик этикалары жана иштердин бул категориялары боюнча квалификацияларын жогорулатууну сунушташты.

## Котормочу алуу укугу

Соттук териштирүүдө соттолуп жаткан адамдын котормочу алуу укугу толугу менен ишке ашырылат, соттор сот өндүрүшүнүн тилине которуу менен камсыз кылашат.

Иштерде котормочу берүү жөнүндө өтүнүч кат өткөрүлгөн учурлар бар болгон, алардын баары соттор тарабынан канааттандырылган (15-таблицаны карагыла).

**15-таблица.** Котормочу жөнүндө арыздардын саны

| Котормочу жөнүндө арыздардын саны | саны | % |
|---|---|---|
| сурануу болгон жок | 473 | 95,3 |
| ооба, суранышты жана канааттандырылды | 23 | 4,7 |
| **Баары** | **496** | **100,0** |

Айрым респонденттердин пикирлери боюнча, котормочу жок болгон учурда сот жыйыны артка жылдырылат жана тергөөчүгө котормочу табуу тапшырмасы берилет. Которуунун деңгээлин баалоо татаал, бирок котормочуга калп котормо берүү жөнүндө эскертилет, кээде бир гана ага ишенүү калат.

### Баш коргоо чарасын дайындоонун тартибин сактоо

Каралган иштерде соттор тарабынан баш коргоо чарасын дайындоо тартибин бузуу катталган жок. Иштердин мындай категориялары боюнча соттолуп жаткан адамдарга карата төмөнкүдөй баш коргоо чаралары колдонулган: эч жакка кетпөө жөнүндө колкат алуу, камакка алуу, үй камагы, жеке кепилдик. Бардык бөгөт коюу чаралары тергөө стадиясында жана соттук териштирүү стадиясында колдонулган, Кылмыш-процесстик кодексте каралган тартипте узартылган.

### Экспертизаны дайындоо тартибин сактоо

Каралган сот иштеринде сот экспертизалары көпчүлүк учурларда тергөө стадияларында дайындалган. Муну менен катар соттук териштирүү стадиясында квалификациялуу экспертиза, адвокаттардын, тергөөчүлөрдүн жана прокурорлордун диний уюмдар, алардын идеологиялары жана теология жөнүндө билимдерге, маалыматтарга ээ болуу жаатында көйгөйлөр жаралган.

Сурамжылоого катышкан соттордун пикирлери боюнча, экспертизанын корутундусу сотту канааттандырбаган учурда, алдалилдерге баа берүүдө жана иш боюнча чечимдерди кабыл алууда аны эске албайт. Соттордун көбү алардын иш тажрыйбаларында өкүмдү кабыл алып жатканда бир гана экспертизанын корутундусуна таянган, негиз катары караган учурлар болгонун баса белгилешти.

Респонденттердин көпчүлүгү Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын (ДИМК) кызматкерлери эксперттик корутунду берүүдө профессионалдуу эмес жана сапатсыз иштешкендиктерин белгилешти, бирок айып тагуулар дал ушуларга негизделип калган.

### Соттор тарабынан соттолуп жаткан адамдардын аракеттери кайра квалификация ланган учурлар жана алардын себептери

Каралган иштерде соттордо КРнын ЖКсынын 299-299-3, 375-беренелери боюнча соттолуп жаткан адамдардын аракеттерин кайра квалификациялоо катталган жок.

**Процесстик эреже бузуулар**

Кабыл алынган өкүмдөрдө соттор өкүмдөрдүн резолютивдик бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн тиешелүү кылмыштардын курамына шилтеме келтирүү менен, өз корутундуларын укуктук жактан негиздеп беришпейт, бул болсо алардын бул ченемдерди түшүнүүлөрүнүн жана колдонууларынын тууралыгына баа берүүдө айрым бир кыйынчылыктарды пайда кылат.

Каралган иштерде процесстик орой эреже бузуулар табылган жок. Бирок, айрым респонденттер мындай категориядагы иштер боюнча эрежеге ылайык, соттолуп жаткан адамдар камакка алынган учурда залда колуна кишен салынып олтурушат жана бул алардын пикири боюнча, бардык мамлекеттик органдар сактоосу керек болгон күнөөсүздүк принцибин бузат.

Айрым адвокаттардын пикирлери боюнча, мындай иштер боюнча соттук териштирүүлөрдө соттордун өткөрүлгөн далилдерге объективдүү баа берүүлөрү жаатында; соттордун укук колдонуу тажрыйбаларынын ар түрдүүлүгү жаатында; соттордун мындай иштерди ж.б. иликтеген улуттук коопсуздук кызматынын тергөө органдарынын позицияларынан көз карандылыктары жаатында көйгөйлөр пайда болот.

Респонденттердин көбү соттор экстремизмге байланыштуу иштер боюнча шаблондук өкүмдөрдү чыгарышат деген пикирди бир ооздон билдиришти. Алар иштин материалдарына, далилдерге баа берүүгө сапаттуу анализ жүргүзүшпөйт; чечимдерди чыгарууда мыйзамдуу жол менен алынган далилдерге таянышпайт; калыстыкты жана объективдүүлүктү көрсөтүшпөйт.

Мындай категориядагы иштерди кароодо соттордун ишмердүүлүктөрүн жакшыртууда соттук тажрыйбаларды жалпылаштырууну, кошуна мамлекеттердин тажрыйбаларын өздөштүрүү боюнча иш-чараларды, тренингдерди жана семинарларды, эксперттердин катышуусундагы тегерек үстөлдөрдү өткөрүүнү сунушташты.

**Укукту колдонуу**

Соттор мындай иштердин категорияларын кароодо КРнын Кылмыш кодексин жана КРнын Кылмыш-процесстик кодексин колдонушат. Бардык өкүмдөрдүн сыпаттоочу-мотивациялык бөлүгүндө башка мыйзамдарга, эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга бир дагы шилтеме келтирилген эмес.

Белгилей кетчү нерсе, соттор КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча айрым учурларда кылмышты квалификациялоо жөнүндө корутундуларды чыгарууда тыюу салынган маалыматты сактоону жана жайылтуунун чектерин аныктап, бөлүп карашкан, себеби КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси тыюу салынган маалыматты сактагандыгы үчүн дагы, ошондой эле тараткандыгы үчүн дагы бирдей жоопкерчиликти караштырып, бул аракеттердин чектерин аныктап бөлгөн эмес. Муну менен катар эле, айрым өкүмдөрдө КРнын КЖКсынын 299-2-беренесинин 1-бөлүгү боюнча эки эпизод боюнча квалификацияланган учурлар орун алган, биринчи эпизод – тыюу салынган маалыматты сактоо (үйдө китептерди ж.б. сактоо, кармоо), экинчи – тыюу салынган маалыматты жайылтуу (Интернетке жайгаштыруу) (төмөндөгү бейнени карагыла). Соттолуучу К. С. аракеттерине сот тиешелүү квалификацияны берген, бирок ушул эле учурда жеке колдонуу үчүн сактаганга караганда, тыюу салынган маалыматты жайылтуунун коомдук коркунучтуулугу жогоруураак. Тактап айтканда, айыпкер жаран сактоо үчүн дагы, ошондой эле экстремисттик мүнөздөгү маалыматты жайылткандыгы үчүн дагы бирдей жоопкерчиликти тартат, ушул эле учурда экстремисттик маалыматтарды таратуу коомчулукка чоң коркунучтарды алып келет.

*К.С. үйүнө тинтүү жүргүзгөн учурда диний-экстремисттик мүнөздөгү материалдар табылган. Аны кармагандан кийин, К.С. интернет ресурстар аркылуу диний-экстремисттик мүнөздөгү, видеокайрылуу түрүндөгү маалыматты тараткандыгы аныкталды.*

*Сот К.С. КРнын КЖКсынын 299-2-беренесинин 1-бөлүгү боюнча жана 299-2-беренесинин 1-бөлүгү боюнча күнөөлүү деп тааныды (эки эпизод үчүн (соттолуучунун үйүндө тыюу салынган адабиятты табуу фактысы жана интернет аркылуу экстремисттик маалыматтарды жайылтуу фактысы)кылмыштын эки башка эпизоду катары өз өзүнчө бөлүнгөн).*

*Иштин материалдарынан*

Бардык изилденген өкүмдөрдө сот жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды белгилейт. Соттолуп жаткан адамдардын жоопкерчиликтерин жеңилдетүүчү жагдайлар катары көпчүлүк учурда кийинкидей жагдайлар белгиленет: жашаган жеринен же жумушунан оң мүнөздөмөлөр, жасаган кылмышына өкүнүү, күнөөсүн толугу менен же жарым-жартылай моюнга алуу, соттолуучунун мурда соттолбогондугу, багуусунда жашы жетелек балдарынын, улгайган ата-энелеринин бар болушу, соттолуучунун үй-бүлөсүндө жалгыз багуучу экендиги, жаш же улгайган жаш курак, кош бойлуулук, дайыма туруктуу жашаган жеринин болуусу.

Соттолгон аялдарга карата сот кечиримдүүлүк көрсөткөн жана эгер жашы жетелек балдары бар болсо, аткарууну кийинкиге калтыруу жазаларын колдонушкан, ошондой эле айрым учурларда 2 жылдык сыноо мөөнөтү менен жоопкерчилигинен бошотуу жазалары дагы каралган.

*Соттолуп жаткан адам Ж.А. аракеттери тергөө органдары тарабынан КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-1-беренесинин 3-бөлүгү боюнча квалификацияланган (экстремисттик иш-аракет жүргүзүүгө байланыштуу жоюу же ишине тыюу салуу жөнүндө сот тарабынан мыйзамдуу күчүнө кирген чечим кабыл алынган коомдук бирикменин жана диний уюмдун же болбосо башка уюмдун ишине катышуу). Квалификациялоочу белгилери диний уюмдун ишмердүүлүгүнө катышуу болгон, мындан улам демек сот тарабынан экстремисттик ишмердүүлүктү ишке ашырганына байланыштуу, аны жоюу чечими кабыл алынган.*

*Сот соттолуп жаткан адамдын өздүгүн, жашы жетелек балдары бар экенин, кылмыш жоопкерчилигине биринчи жолу тартылып жаткандыгын эске алуу менен, 3 жылга эркиндигинен ажыраткан, жазасын жатак абакта өтөө дайындалган, ошону менен катар КРнын КЖКсынын 72-беренесин колдонуу менен, кичинекей баласы он төрт жашка толгонго чейин жазасын аткарууну кийинкиге калтырган.*

*Иштин материалдарынан*

## 2.3. ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕРДИН АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК ЖАНА КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯЛАРДА КАРАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОБЗОРДУК МААЛЫМАТ

**Апелляциялык инстанциялардагы соттордун тажрыйбалары**

Каралып чыккан иштердин ичинен (496), баары болуп экинчи инстанцияга 70 иш (14 %) боюнча биринчи инстанциядагы соттордун жыйынтыктоочу актылары даттанылган. Баарынан көп КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси боюнча иштер даттанылган (58 иш) (16-таблицаны карагыла).

**16-таблица.** Апелляциялык инстанциялардагы соттордун КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 229-2-беренеси боюнча жыйынтыктоочу актылары

| Жылдары | Жокко чыгаруу | Өзгөртүү | Күчүндө калтыруу | Баары |
|---|---|---|---|---|
| 2014-жыл | 1 | 10 | 4 | **15** |
| 2015-жыл | 1 | 8 | 3 | **12** |
| 2016-жыл | 3 | 8 | 0 | **11** |
| 2017-жыл | 1 | 3 | 5 | **9** |
| 2018-жыл | 2 | 2 | 7 | **11** |
| **Баары** | **8** | **31** | **19** | **58** |

Өкүмдөр баарынан көп Ош (21), Жалал-Абад (13), Ысык-Көл (8) облустарында даттанылган.

Каралып чыккан иштердин ичинен алсак, экинчи инстанциядагы соттор көпчүлүк учурда биринчи инстанциядагы соттордун чечимдерин күчүндө калтырышкан. Бирок, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси боюнча иштерди карасак, экинчи инстанциялардын соттору биринчи инстанциянын сотторунун өкүмдөрүн өзгөрткөн актыларды көп кабыл алышкан. Экинчи инстанциянын соттору тарабынан каралган 58 сот иштеринин ичинен 31 өкүм өзгөртүлгөн (53%). Тактап айтканда, биринчи инстанциянын соттору тарабынан кабыл алынган жыйынтыктоочу актылардын көбү, апелляциялык инстанцияда өзгөртүлөт, бул болсо кабыл алынган өкүмдөрдүн сапаттарынын жогору эместигинен кабар берип турат.

Өкүмдөрдү өзгөрткөн актылардын көбүн Ош облусунун (15 иш) жана Жалал-Абад облусунун (7 иш) соттору кабыл алышкан.

Экинчи инстанциянын соттору 8 даттануу арызы боюнча биринчи инстанциянын сотторунун өкүмдөрүн жокко чыгарышкан жана кайрадан башынан баштап, жаңы карап чыгууга жөнөтүшкөн (сотторго даттанылган бардык 70 иштин ичинен 11%).

Мындай категориядагы иштердин экинчи инстанциядагы соттор тарабынан каралуу мөөнөттөрү сакталган жана өзгөчө орой мыйзам бузуулар табылган жок. Соттук экспертизалар дайындалган эмес, соттор тергөө стадияларында дайындалган экспертизалардын корутундуларына негиз катары таянышкан.


Соттолгон адамдардын бөгөт коюу чараларынын көбү экинчи инстанциянын соттору тарабынан өзгөртүлгөн эмес жана КРнын Кылмыш-процесстик кодексинде бекитилген тартипте узартылган (17-таблицаны карагыла).

**17-таблица.** Иштердин тергөө стадиясынан экинчи инстанцияга чейинки кыймылы


| Экинчи инстанцияларда бөгөт коюу чарасын колдонуу | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тергөөдө бөгөт коюу чаралары | саны | Биринчи инстанциядагы бөгөт коюу чаралары | саны | Экинчи инстанциядагы бөгөт коюу чаралары | саны |
| эч жакка кетпөө жөнүндө колкат алуу | 43 | эч жакка кетпөө жөнүндө колкат алуу | 39 | эч жакка кетпөө жөнүндө колкат алуу | 32 |
| үй камагы | 3 | үй камагы | 3 | үй камагы | 0 |
| жеке кепилдик | 1 | жеке кепилдик | 1 | жеке кепилдик | 1 |
| камакка алуу | 23 | камакка алуу | 27 | камакка алуу | 28 |
| | | | | жокко чыгарылды | 9 |
| **Баары** | **70** | | **70** | | **70** |

Бардык соттолгон адамдар экинчи инстанцияда адвокаттардын юридикалык жардамы менен камсыз болушкан. Алардын ичинде МКЮЖ түзүмү боюнча дагы адвокаттар бар, экинчи инстанциядагы каралган иштерде МКЮЖ түзүмү боюнча соттолгон адамдарды коргогон адвокаттардын жалпы саны 32,8% түзөт. Соттолгон адамдардын калганы алардын өздөрү же туугандары жалдаган адвокаттарга чуркашкан (67,2%). Эрежеге ылайык, экинчи инстанциядагы соттордо адвокаттар алмашкан эмес жана биринчи инстанциядагы соттон баштап, соттолгон адамдардын кызыкчылыктарын коргоону улантышкан.

**6-диаграмма.** Апелляциялык инстанцияларда МКЮЖ түзүмү боюнча адвокаттардын болушу




**7-диаграмма.** Апелляциялык инстанцияларда адвокаттардын алмашуусу



Экинчи инстанциядагы соттук жыйындар дагы күбөлөрдүн, адвокаттын келбегендигинен, прокурордун өтүнүч катынын, адвокаттын өтүнүч катынын негизинде (иш менен таанышуу, жарыш сөздөргө даярдануу, экспертизаларды дайындоо ж.б.), соттолуп жаткан адамдын келбегендигинен ж.б. себептерден улам көп жолу артка жылдырылган. Көпчүлүк убакта жыйындар адвокат бошободондуктан жана ал келбегендигине байланыштуу бат-баттан артка жылдырылат (37,5 %) (18-таблицаны карагыла).

**18-таблица.** Апелляциялык инстанцияда сот жыйындарын артка жылдыруунун себептери

| Негизги себептер | саны | % |
|---|---|---|
| прокурордун өтүнмө каты боюнча | 1 | 3,1 |
| адвокаттын өтүнмө каты боюнча (иш менен таанышуу, жарыш сөздөргө даярдануу, экспертизаны дайындоо ж.б.) | 3 | 9,4 |
| соттолуп жаткан адамдын жана күбөлөрдүн келбегендиги | 6 | 18,8 |
| күбөлөрдүн келбегендиги жана камсыз кылбоо | 10 | 31,3 |
| адвокат бош эмес жана адвокат келген жок | 12 | 37,5 |
| **Баары** | **32** | **100,0** |

Каралып чыккан иштерде тараптардын котормочу жөнүндө өтүнүч каттары, кыйноолор жөнүндө арыздары, ошондой эле экинчи инстанциядагы соттордун баш тартуу/канааттандыруу жөнүндөгү актылары табылган жок.

### Кыргыз Республикасындагы Жогорку соттун тажрыйбасы

Изилдөөнүн алкагында каралган иштердин ичинен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна болгону 19 (3,8%) сот актылары даттанылган.

КРнын Жогорку сотунда каралган иштердин мөөнөттөрү көпчүлүк учурда сакталат.

Соттолуп жаткан бардык адамдар адвокаттардын юридикалык жардамы менен камсыз болушкан.

КРнын Жогорку соту жергиликтүү соттордун актыларын дээрлик күчүндө калтырган (12). 5 даттануу боюнча сот өкүмдөрдү жокко чыгарган жана кайрадан кароого жөнөткөн (19-таблицаны карагыла).

**19-таблица.** Жергиликтүү соттордун даттанылган сот актылары боюнча КРнын Жогорку сотунун сот актылары.

| | Беренелер | Жылдары | | | | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | |
| **Жокко чыгаруу** | 226-бер. | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **0** |
| **Өзгөртүү** | | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | **1** |
| **Күчүндө калтыруу** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **0** |
| | **Баары** | **0** | **0** | **0** | **1** | **0** | **1** |
| **Жокко чыгаруу** | 228-бер. | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | **1** |
| **Өзгөртүү** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **0** |
| **Күчүндө калтыруу** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **0** |
| | **Баары** | **0** | **1** | **0** | **0** | **0** | **1** |
| **Жокко чыгаруу** | 299-1-бер. | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | **1** |
| **Өзгөртүү** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | **0** |
| **Күчүндө калтыруу** | | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | **1** |
| | **Баары** | **1** | **1** | **0** | **0** | **0** | **2** |
| **Жокко чыгаруу** | 299-2-бер. | 0 | 1 | 1 | 1 | 0 | **3** |
| **Өзгөртүү** | | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | **1** |
| **Күчүндө калтыруу** | | 5 | 2 | 3 | 1 | 0 | **11** |
| | **Баары** | **5** | **3** | **5** | **2** | **0** | **15** |

КРнын Жогорку сотунун коллегиясынын жыйындары дээрлик артка жылдырылбайт жана иш боюнча угуулар дайындалган күнү өтөт.

Иштерде тараптардын котормочу жөнүндө өтүнүч каттары, кыйноолор жөнүндө арыздары, ошондой эле КРнын Жогорку сотунун мындай кайрылуулардан баш тартуу / канааттандыруу жөнүндөгү актылары табылган жок.

## 2.4. ТЕРРОРИЗМ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ АДИЛЕТТИГИНИН БАШКА ИНСТИТУТТАРЫНЫН РОЛУ

Белгилей кетчү нерсе, бул изилдөөнүн алкагында сурамжылоого катышышкан респонденттер тергөө ишинин жүрүшүнө прокурордук көзөмөлдүн сапаты жана соттогу мамлекеттик айыптоону колдоонун деңгээли жогору эместигин белгилешти, бул дагы кандайдыр бир аныкталган деңгээлде сот акыйкаттыгына жөнөтүүнүн сапатына таасирин тийгизет.

> *«Алар эрежеге ылайык, тергөөдөгү көйгөйлөрдү чечтепестен, тергөөчү тарабынан берилген айыптоочу корутундуну жөн гана окуп коюшат».*
>
> *«Мындай категориядагы иштер боюнча прокурорлордун тергөөгө көзөмөл жүргүзүү иш милдеттерин аткаруусунда адвокаттар, тергөөчүлөр менен прокурорлор*

*паракорлошкон бир системанын бир бөлүгү, ал эми мамлекеттик айыптоочу катары - көп учурларда өздөрүн четтетип кармашарын жана жөн гана катыша тургандыктарын байкашкан».*

*Адвокаттар жана укук коргоочулар менен маектешүүдөн*

Террордук жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштардын спецификасын эске алуу менен, «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» Мыйзамга, КРнын Кылмыш-процесстик кодексине ылайык, мындай көрүнүштөргө каршы аракеттерди көрүү үчүн мамлекеттик органдардын бүтүндөй бир системасы караштырылган: КРнын Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматы, КРнын Ички иштер министрлиги (мындай кылмыштарды иликтеген), КРнын Юстиция министрлиги, КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, прокуратура органдары, миграция иштери боюнча ыйгарым укуктуу орган, соттор ж.б. Булардын ортосундагы бир гана макулдашылган, бул жаатта иш алып баруу усулуна, андагы эрежелерге баш ийүүнү караштырган ченемдик мүнөздөгү актыларга негизделген гана өз ара аракеттешүүнүн жолго коюлган системасы, экстремисстик мүнөздөгү аракеттерге өз убагында таасир этүүгө жол ачат.

Бирок, изилдөө жүргүзүү процессинде, респонденттер менен тереңдетилген маектешүүлөрдөн улам, өз ара аракеттенишүүнүн мындай системасы жаңы пайдубалын түптөө, курулуу процессинде экени белгилүү болду. Айрым респонденттердин пикирлери боюнча, мындай өз ара аракеттенишүү жогоруда аты аталган мамлекеттик органдардын жетекчилеринин деңгээлинде гана ишке ашырылууда, ал эми орто звенодогулар менен тергөөчүлөрдүн, түздөн түз аткаруучулардын ортосундагы өз ара аракеттенишүү дээрлик жок. Балким, биздин көз карашыбызча, мындай кырдаал бир гана жетекчиликтин деңгээлиндеги өз ара аракеттенишүү тартибинен улам калыптанып калгандыр, бирок бул тартип пайда болгон кырдаалга өз убагында таасир этүүгө жөндөмсүз.

Айрым респонденттер прокуратура органдары менен өз ара аракеттенишүү кыйын экендигин өзгөчө белгилешти, алардан өз убагында жооп алуу татаал дешет.

*«Прокуратура органдары менен кызматташууда узак жазышуулардан турган дени сак эмес тажрыйба орун алган, себеби алар формалдуу жоопторду «башкаларга багыттоолорду» беришет. Биз арызданууучунун даттанган суроосун канааттандырган жооп алуу үчүн узак жазышууларды жана «кайра багытталган суроо талаптарды» кайталап жөнөтүүгө туура келип жатат.*

*Респонденттер менен маектешүүлөрдөн*

Мамлекеттик органдардын ортосундагы өз ара аракеттенишүүдөгү дагы башка көйгөйлөр мейли мамлекеттик органдардын жетекчилери болсун (бат-бат алмашуу көйгөйдү түшүнүүнүн жана байланышууларды жөнгө салуунун деңгээлине таасирин тийгизет), ошондой эле түз аткаруучулардын болсун адистердин бат-баттан алмашуулары; кызматкерлердин кесипкөйлүк деңгээлдеринин төмөндөгү болуп саналат.

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНИН АЛКАГЫНДА ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА ЭКСПЕРТИЗАЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАЖРЫЙБАСЫНЫН ОБЗОРУ

Экстремисттик жана террористтик мүнөздөгү кылмыштар боюнча иштерди кароодо, экстремизмдин белгилерин аныктоо боюнча теологиялык жана диний экспертизаларды жүргүзүү кеңири тажрыйбага ээ болду. 2014–2020-жылдарга карата диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат концепциясы[15] жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017–2022-жылдарга карата экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча программасы[16] азыркы учурдагы теологиялык жана диний экспертизаны жүргүзүү тажрыйбасы жеткиликтүү деңгээлде эмес экендигин баса белгилейт жана Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматтын алдында адистешкен бөлүмдү түзүү аркылуу экспертиза институтун өнүктүрүү жана аны жүргүзүү усулун иштеп чыгуу боюнча демилгени баса белгилейт [17]. Бирок, жүргүзүлгөн экспертизалардын сапаты, жүргүзүү стандарттары барбы, эксперттердин иш билгиликтүүлүгү, дагы деле болсо ар түрдүү эксперттик аянтчаларда жана бейөкмөт, эл аралык уюмдардын отчетторунун катарында каралып келе жатат[18]. Мына ушуга байланыштуу 2014-жылдан баштап, 2018-жылдарга чейинки убакыт аралыгында терроризм жана экстремизмге байланыштуу кылмыштар боюнча сот тажрыйбаларына анализ жүргүзүүнүн алкагында, материалдарды экстремисттик деп эсептөө боюнча экспертизаларды жүргүзүү суроолору өзүнчө каралган.

## 3.1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

КРнын 2013-жылдын 24-июнундагы «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» мыйзамынын 2-беренесине ылайык, соттук экспертиза - кылмыш, жарандык жана административдик иштер боюнча далилдөөгө жаткан жагдайларды белгилөө максатында эксперттин алдына коюлган илим, техника, искусство же өнөрчүлүк жаатында атайын билимдерди талап кылган көйгөй боюнча эксперт тарабынан изилдөөлөрдү жүргүзүүнү жана корутунду берүүнү камтыган процесстик аракет.

15. 2014-2020-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты концепциясы (Кыргыз Республикасынын Президентинин Буйругу менен бекитилген, 14 ноябрь, 2014-жыл, № 203) - http://cbd.minjust.gov.kg/act/properties/ru-ru/68294/10.
16. «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-2022-жылдарга карата экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттерди көрүү боюнча программасы» (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-июндагы № 394 токтому менен бекитилген - http://cbd.minjust.gov.kg/act/properties/ru-ru/100104/10.
17. Кыргыз Республикасында диний жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертизаны жүргүзүү боюнча усулдук колдонмо/И.И. Ивановдун жалпы редакциясы алдында //Кыргыз Республикасындагы Юстиция министрлигинин алдындагы мамлекеттик сот экспертизалар борбору - Бишкек, 2017.
18. Кыргыз Республикасында диний жана башка ишенимдердин эркиндиги/ «Ачык позиция» КФ - Бишкек, 2014. «Биз дайыма коркунучта жашайбыз». Кыргызстанда экстремисттик материалдарды сактоо/Хьюман райтс вотч – США, 2018. Кыргыз Республикасында дин тутуу жана абийир эркиндиги укугун ишке ашырууга байланыштуу соттук териштирүүлөргө мониторинг жүргүзүүнүн отчету. 2017-2018-жылдардагы мониторингдин отчету/ «Жалпы кызыкчылыктарды издөө» – Бишкек, 2018, 2019.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекеттик соттук экспертизалар борборунун илимий-усулдук кеңеши тарабынан колдонуу үчүн жактырылган Кыргыз Республикасындагы диний жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертизаны жүргүзүү боюнча усулдук окуу куралы[19], ошондой эле экстремисттик материалдарга экспертиза жүргүзүү боюнча бир катар усулдук материалдар[20] 2005-жылдын 17-августундагы КРнын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамынын 1-беренесинде саналып көрсөтүлгөн экстремизмдин белгилерин аныктоодо комплекстүү (ар башка адистеги эки жана андан ашык эксперттер) психологиялык-лингвистикалык экспертиза жүргүзүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилешет. Ушул эле Мыйзамда экспертизанын атайын түрү киргизилген, ага ылайык тигил же бул маалыматтык материалдарда же оозеки түрдө айтууларда экстремисттик мазмунду аныктоо предметине экспертиза жүргүзүү үчүн координациялык эксперттик комитет түзүлөт, анын жобосу жана курамы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет (4-бер. экинчи абзацы). Зарылдык талабы жогору экенине карабай, бул комитет түзүлгөн эмес жана дээрлик бардык материалдар Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга диний экспертизага жөнөтүлгөн.

Экстремизмге каршы аракеттенүү менен байланыштуу иштер боюнча тексттерге комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертиза – бул иликтөө же соттук териштирүү учурунда тексттердин же билдирүүлөрдүн мазмуну, багыттуулугу менен байланыштуу фактыларды аныктоо зарылчылыгы пайда болгондо дайындала турган соттук экспертизанын бир түрү[21]:

1. КРнын КЖКсында каралган кылмыштар боюнча (226-2-б. «Террорчулук же экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарды жасоого тартуу же аларды жасоого башка көмөктөрдү көрсөтүү»; 226-3-б. «Көпчүлүк алдында террорчулук иш-аракеттерди жүзөгө ашырууга чакыруу же көпчүлүк алдында террорчулуктукту актоо»; 226-6-бер. «Террористтик же экстремисттик ишти ачык жактыруу»; 299-бер. «Улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутуу»; 299-1-бер. «Улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутууга багытталган уюшкан иш-аракет»; 299-2-бер. «Экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, жайылтуу, ташуу жана жиберүү, ошондой эле экстремисттик же террористтик уюмдардын символдорун же атрибуттарын атайылап колдонуу»;
2. КРнын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинде каралган административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча (395-1-беренеси «Террористтик же экстремисттик ишти ачык жактыруу»);

19. Кыргыз Республикасында диний жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертиза жүргүзүү боюнча усулдук окуу куралы/ И.И. Ивановanын жалпы редакциясы астында//Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекеттик соттук экспертизалар борбору – Бишкек 2017.
20. Улуттук, расалык же диний карама-каршылыктарды козутуу жөнүндө иштер жана материалдар боюнча атайын таануулардын колдонуу жөнүндө - М.,1999; Лингвистикалык экспертизанын типтүү усулу М.: ЭКЦ Россиянын ИИМи, 2009, Кукушкина О. В. Сафонова Ю. А., Секераж Т. Н. Экстремизмге каршы аракеттерди көрүү менен байланыштуу иштер боюнча тексттерге соттук психологиялык-лингвистикалык экспертиза жүргүзүүнүн теориялык жана усулдук негиздери – М.: ФБУ Россиянын Минюст. Алдындагы РФЦСЭ, 2011; Кукушкина О. В. Сафонова Ю. А., Секераж Т. Н. Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттерди көрүүгө байланыштуу иштер боюнча материалдарга соттук психологиялык-лингвистикалык экспертиза жүргүзүүнүн усулу – М.: ФБУ Россиянын Минюст. Алдындагы РФЦСЭ, 2014.
21. Диний жана башка ишенимдердин эркиндиги: Кыргыз Республикасында конституциялык жана эл аралык стандарттарга ылайык укуктук жөнгө салуу тажрыйбасы (Соттор, прокурорлор, адвокаттар, тергөөчүлөр жана укук коргоо органдарынын башка кызматкерлери үчүн окуу куралы)/ Ч.А. Мусабековanын жалпы редакциясы астында – Бишкек: Maxprint, 2018. – 134 б.

3. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары жана алардын кызматтык адамдары тарабынан чыгарылган ар түрдүү эскертүүлөрдү жана буйруктарды коомдук бирикмелердин жана диний уюмдардын талашууларына байланыштуу административдик иштер боюнча;
4. Материалдарды экстремисттик деп таануу жөнүндө жарандык иштер боюнча.

Экстремизмге каршы аракеттенүү менен байланыштуу иштер боюнча комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертизанын тексттеринин милдеттери төмөнкүлөр болуп эсептелет[22]:

- текстте аныкталган бир аракеттерге чакырыктардын бар экенин бекемдөө;
- текстте пропаганданын бар экенин бекемдөө (улуттук, диний, тилдик, расалык жана башка үстөмдүк кылуу, өзгөчөлөнүү же толук кандуу эмес сезүү);
- текстте экстремисттик ишмердүүлүктү же терроризмди актоо же негиздөөнүн болушун бекемдөө;
- тилдик аракеттердин каршылашууну, душмандашууну, жек көрүүнү, адамдын кадыр-баркын басынтууга, адамды аныкталган бир белгилери боюнча (жынысы, расасы, улуту, динге мамилеси ж.б.) басынтууга багытталгандын бекемдөө.

Диний жана комплекстүү соттук психологиялык-линвистикалык экспертиза жүргүзүү боюнча усулдук окуу куралына ылайык, экстремизмдин табиятынан көз карандысыз түрдө (саясий, диний, этностук, улуттук, расалык ж.б.) негизги роль эксперт-лингвистке берилет. Жогоруда саналып өткөн кылмыш иштери боюнча дайындала турган соттук лингвистикалык экспертизанын спецификасы, тилдик билдирүүнүн мазмундук-маанилик жана формалдуу тараптарына лингвистикалык анализ жүргүзүүнүн жыйынтыктары курамдын, тактап айтканда кылмыштын объективдүү тарабынын белгилерин далилдөө булагы катары кызмат кылат. Бир гана лингвист экстремизмдин кийинки белгилерин аныктай алат: көз караштарды пропагандалоону (терс мамилени, өзгөчөлүүлүктү, артыкчылыктуулукту ж.б.); суроодо көрсөтүлгөн белгилери боюнча карама-каршылыктарды, душмандашууну; адамдын кадыр-баркын басмырлоо; … адамды күнөөлөө; … аракеттерди жана көз караштарды актоо; …адамдарга, топторго карата зомбулук колдонуу коркунучу.

Тексттик билдирүүнүн тийгизген таасирине анализди эксперт психолог жүргүзөт. Анын милдетине ал тексттин максаттуу түрдө багытталган зыяндуу же нейтралдуу мүнөзүн, текстти кабыл алууда психикалык абалды кандайдыр бир коштоочу зыяндарын жана мындай абалдын тийгизүүчү зыяндарын аныктоо, психологиялык таасирин тийгизген аудио жана видеоматериалдарды коштогон тексттик билдирүүлөрдү бөлүү кирет. Комплекстүү экспертизаны жүргүзүүдө эксперт-психолог биринчи кезекте визуалдуу материалдарды анализдөө үчүн, аларда психологиялык таасир этүүчү факторлорду бөлүп алуу үчүн тартылат.

Эгер текст диний маанайда болсо, анда комплекстик психологиялык-лингвистикалык экспертизаны жүргүзүү боюнча эксперттик топтун курамына изилденип жаткан

22. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Соттук экспертизалар мамлекеттик борборунда жүргүзүлгөн экспертизалардын маалымдамасы (эск.: азыр Мамлекеттик соттук-эксперттик кызмат) – Бишкек, 2014 – 35 б. Комплекстүү экспертиза жооп бере ала турган суроолор жөнүндө Кыргыз Республикасында диний жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертиза жүргүзүү боюнча усулдук окуу куралынан билүүгө болот/ И.И. Ивановdisplay жалпы редакциясы астында. – Бишкек: Maxprint, 2017 – 38-40 бет. Электрондук версиясы төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү – http://www.advocacy.kg/index.php/4263-3-aprelya-posobie-metodicheskoe-rukovodstvo-po-provedeniyu-religiovedcheskoj-i-sudebnoj-kompleksnoj-psikhologo-lingvisticheskoj-kpl-ekspertizy. [Кайрылуу датасы: 05.11.2019].

материалдын диний тиешелүүлүгүн аныктай алган эксперт дин таануучу чакырылат; атайын диний терминдерди жана түшүнүктөрдү чечмелеп, түшүндүрүп берет; уюм/топ/материал жөнүндө диний маалыматтарды берет (тарыхый окуялар, диний окуулар, идеологиянын мүнөзү, институализация ж.б.).

Укуктук баа берүү эксперттер менен экспертизанын компетенциясына кирбей тургандыгын эстен чыгарбоо зарыл. Эксперттер экстремизмдин белгилери барбы көрсөтүп бере алышат, ал эми ошол эле убакыттын ичинде укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана соттор укуктук баа беришет.

## 3.2. ЖАЛПЫ СТАТИСТИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

Обзорго ылайык, террордук жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштар боюнча кылмыш иштеринин алкагында 404 экспертиза каралган. Экспертизалардын көп саны КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси боюнча жасалган «экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, таратуу, ташуу жана жиберүү, ошондой эле экстремисттик же террорчулук уюмдардын символдорун же атрибуттарын атайылап пайдалануу, анын ичинде көрсөтүү» - 326; жана КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-1-беренеси боюнча «улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутууга багытталган уюшкан иш-аракет» - 51.


**20-таблица.** Жүргүзүлгөн экспертизанын саны боюнча салыштырма көрсөткүчтөр беренелер боюнча

| Берене | Берене боюнча бардык иштер | Диний | Теология-лык | Башка | Орган |
|---|---|---|---|---|---|
| КЖКнын 226-бер. | 6 | 3 | 3 | | ДИМК |
| КЖКнын 226-1-бер. | 2 | | | 1 - комплекстүү | ДИМК |
| КЖКнын 226-2-бер. | 2 | 2 | | | ДИМК |
| КЖКнын 226-3-бер. | 2 | 2 | | | ДИМК |
| КЖКнын 226-4-бер. | 5 | 1 | 1 | 1 - СМЭ | ДИМК |
| КЖКнын 226-5-бер. | 1 | | 1 | | ДИМК |
| КЖКнын 228-бер. | 16 | | 1 | | ДИМК |
| КЖКнын 229-бер. | 1 | 1 | | | ДИМК |
| КЖКнын 299-бер. | 11 | 4 | 2 | 1 – комплекстүү<br>1 – СМЭ | ДИМК -1<br>МСЭК -1<br>УИА -1 |
| КЖКнын 299-1-бер. | 106 | 29 | 22 | | ДИМК |
| КЖКнын 299-2-бер. | 329 | 157 | 163 | 3 – комплекстүү<br>3 – СМЭ | ДИМК - 38<br>МСЭК - 5<br>Эксперттер - 1 |
| КЖКнын 375-бер. | 15 | 2 | | | ДИМК |
| | 496 | 201 | 193 | 10 | |
| **Баары** | | **404** | | | |

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын эксперттери тарабынан экспертизалардын 95%ы жүргүзүлгөн, калган 5%ы Мамлекеттик соттук-экспертизалык кызматка тиешелүү (мурунку Соттук экспертизалар борбору), КРнын Улуттук илимдер

академиясына ж.б.). Аймактарга бөлүштүрүп караганда, экспертизалардын маанилүү бөлүгү Ош (32%), Жалал-Абад (30%) облустарында жана Бишкекте (14%) өткөрүлгөн.

**7-диаграмма.** Экспертизалардын санын аймактарга бөлүштүргөндө




369 иште сот далил катары экспертизалардын корутундуларына таянган. КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча 326 экспертиза жүргүзүлгөн, 254 иште соттор экспертизалардын корутундуларын далилдердин жалгыз булагы катары колдонушкан жана өкүмдөрдө өздөрүнүн жүйө далилдерин бир гана ушул корутунтуларга таянып негиздешкен (21-таблицаны карагыла).

**21-таблица.** Соттук актыны экспертизага таянып негиздөө жөнүндө салыштырма көрсөткүчтөр

| КЖКнын беренеси | Соттук актыны экспертизага таянып негиздөө |
|---|---|
| КЖКнын 226-беренеси | Соттор өкүмдөрдү чыгарууда далилдерге негиз катары алышкан, муну менен катар 6 иштин ичинен 5 иште соттор экспертизалардын корутундуларына негизделишкен. Бир иште сот экспертизанын корутундусун негиз катары караган эмес. Далил катары күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, соттолуп жаткан адамдын күнөөлөрүн моюнуна алгандары колдонулган. |
| КЖКнын 226-1-беренеси | КРнын КЖКсынын 226-1-беренеси боюнча каралган иштердин ичинен, сот тергөөнүн жүрүшүндө 1 гана иш боюнча дайындалган экспертизанын корутундусун негиз катары алган эмес. Соттор далил катары күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн, тергөө аракеттеринин жыйынтыгы боюнча тиркелген процесстик доументтерди ж.б. келтиришкен. |
| КЖКнын 226-2-беренеси | Сот эки иш боюнча айыптоочу өкүмдөрдү чыгарууда экспертизалардын корутундуларын негиз катары караган. Ошондой эле, далилдер катары күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, буюмдук далилдер жана соттолуп жаткан адамдын өзүнүн күнөөсүн моюнга алуусу дагы эске алынган. |
| КЖКнын 226-3-беренеси | КРнын КЖКсынын 226-3-беренеси боюнча каралган иштерде, сот эки иште тең экспертизалардын корутундуларын негиз катары алган. |
| КЖКнын 226-4-беренеси | КРнын КЖКсынын 226-4-беренеси боюнча иштерди караган соттор эки иш боюнча өздөрүнүн өкүмдөрүндө экспертизанын корутундусуна негиз катары таянышкан, башка үч иште далил катары кабыл алынган: интернеттеги баракчалардын, социалдык түйүндөрдөгү жазышууларды басып чыгарылган көчүрмөлөрү, буюмдук далилдер жана күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү. |

| | |
|---|---|
| КЖКнын 226-5-беренеси | Бул иште сот өкүмдү кабыл алууда күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн негиз катары алган. |
| КРнын КЖКсынын 228-беренеси | 16 каралган иштин ичинен соттор өкүмдү кабыл алууда, 5 иш боюнча экспертизалардын корутундуларына таянышкан, ал эми 11 иште жок. |
| КРнын КЖКсынын 229-беренеси | Сот айып тагуучу актыларды кабыл алууда бир гана экспертизанын корутундусуна таянган эмес. Сот соттолуп жаткан адамдын күнөөсүн моюнга алуусун, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн жана башка буюмдук далилдерди баалаган. |
| КРнын КЖКсынын 299-беренеси | Каралган 11 иштин ичинен, соттор 5 иш боюнча өкүмдөрдү экспертизалардын корутундуларынын негизинде кабыл алышкан, ал эми 6 иш боюнча жыйынтык чыгарууда бир гана экспертизалардын корутундуларына таянышкан эмес. |
| КРнын КЖКсынын 299-1-беренеси | 106 каралган иштердин ичинен 93 иште соттор өздөрүнүн айыптоочу өкүмдөрүндөгү корутундуларын чыгарууда экспертизалардын корутундуларына таянышкан, ал эми 13 иште сот аларды колдонгон эмес. |
| КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси | 254 иште соттор экспертизалардын корутундуларын далилдер катары колдонушкан жана өкүмдөрдө бир гана ушул корутундуларга таянышкан. 75 иште экспертизалардын корутундулары эң маанилүү далилдер катары колдонулган эмес. |
| КРнын КЖКсынын 375-беренеси | КРнын КЖКсынын 375-беренеси боюнча 2 иште тергөөнүн жүрүшүндө экспертизалар дайындалган, бирок сот тарабынан өкүмдөр чыгарылганда экспертизанын корутундулары негизги далилдер катары кабыл алынган эмес. |

## 3.3. ЭКСПЕРТИЗАНЫ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАЖРЫЙБАСЫНА АНАЛИЗ ЖАСОО

Өкүмдөрдү чыгарууда далилдик топтом катары экспертизалардын орчундуу ролдорунан улам, капыстан тандоо жолу аркылуу экспертиза жүргүзүүнүн учурдагы тажрыйбасына анализ жүргүзүү үчүн, курамында диний жана теологиялык экспертизалар жүргүзүлгөн КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси боюнча 163 иш тандалып алынды (326 иштин ичинен). Тергөөчүлөрдүн токтомдору, албетте экспертизалар жана соттун чечимдери каралып чыкты.

**Дайындалган экспертизалардын типтери жана түрлөрү.** Анализ жүргүзүү үчүн берилген документтерге ылайык, кылмыш иштеринин алкагында негизинен диний (201) жана теологиялык экспертизалар дайынталган, жана болгону беш окуяда материалдарга комплекстүү экспертиза дайындалган (20-таблицаны карагыла). Муну менен катар эле, тергөөчүнүн токтомунда дагы, ошондой эле соттун чечиминде дагы соттук экспертизалардын реестринде жок «соттук-теологиялык», «диний», «соттук-диний» экспертиза деп жазылган. Мындан сырткары, диний экспертизадан айырмаланып, теологиялык экспертиза субъективдүү. Конфессионалдык мамилени түшүндүрөт жана диний феномендерди изилдөөнүн илимий принциптерине негизделбейт[23]. Ошол эле учурда КРнын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» мыйзамынын 8-беренесине ылайык, соттук эксперт изилдөөлөрүн илимий жактан так жана тажрыйбага таянган негизде, тиешелүү адистиктин чектеринде, ар тараптуу жана толук көлөмдө жүргүзүүгө милдеттүү. Соттук эксперттин корутундусу жалпы кабыл алынган илимий жана тажрыйбалык маалыматтардын базасында аларды текшерүүгө мүмкүнчүлүк берген жоболорго негизденүүгө тийиш.

Материалдарды экстремисттик деп таануу боюнча иштердин алкагында теологиялык экспертизаларды дайындоо ката тажрыйба экендиги жөнүндө 2016-жылы КРнын Жогорку соту терроризм жана экстремизм жөнүндө кылмыш иштерин кароо боюнча

23. Кыргыз Республикасындагы диний жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертизаларды жүргүзүү боюнча усулдук окуу куралы /И.И. Ивановanын жалпы ред. аст. – Бишкек: Maxprint, 2017 – 23 б.

сот тажрыйбаларынын обзорунда *«...диний жана теологиялык экспертизалар бири-биринен принципиалдуу түрдө айырмаланышат, анткени диний экспертиза светтик илимге тиешелүү нейтралдуу мамилелерди колдонот, а теологиялык экспертиза материалдарды айрым бир диндин же диний окуунун позициясынан карайт. Мындай категориядагы иштерди изилдегенде тергөөчү кылмыш ишин иликтөөдө теологиялык экспертизаны дайындоо жөнүндө токтом чыгарган учурлар көп, негизинен бирдей формулировкаланган жыйынтыктар көрсөтүлөт»*[24] деп белгилеген. Бул обзор көрсөтүп тургандай, 2017-жылдын январынан баштап, 2018-жылдын августуна чейин теологиялык экспертизаларды дайындоо тажрыйбасы азайды, 140 иштин ичинен 34 окуяда соттор тарабынан теологиялык экспертизалар жүргүзүлгөндүгү жана каралгандыгы катталды.

Бирок, жогоруда баяндалып өткөн оң тенденция терроризмдин жана экстремизмдин белгилерин аныктоо боюнча экспертизаларды дайындоодо комплекстүү мамиле кылууну жайылтуунун негизги милдеттерин чечпейт. Комплекстүү ыкманын жоктугу эксперттик корутундулардын сапатына таасирин тийгизүүдө, себеби эксперттердин алдына коюлган суроолор окуялардын көпчүлүгүндө диний экспертизага эмес, комплекстүү психологиялык-лингвистикалык экспертизанын компетенциясына кирет.

**Эксперттердин алдына суроолорду коюу.** Колубузга тийген иштердин обзору көрсөткөндөй, эксперттердин алдына суроолорду коюуда эки негизги ката тажрыйба бар: *1. Экспертизанын тиешелүү эмес түрү, мында* экспертизанын бир түрү дайындалат. Ал эми эксперттин алдына экспертизанын башка түрүнө тиешелүү *суроолор коюлат. Бул обзордогу окуялардын* 96%ында дин таануучу эксперттердин жана теологдордун алдына лингвисттин иш билгилигине тиешелүү суроолор берилген, алар мисалы, чакырыкты аныктоо, өзгөчөлөнүүнү пропагандалоо, каршылашууну козутуу ж.б. Мына ушул эле кырдаал саясий деп аталуучу экспертизаны дайындоодо дагы кайталанат.

*2. Укуктук суроолорду коюу* дагы жетиштүү деңгээлде кеңири тажрыйбаларга ээ болуп калды. Демек, эксперттердин алдына «Берилген окуу куралында, ДВД дискте, дептерде, баракчаларда жана кичи флеш картада Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүн зомбулуктуу жол менен өзгөртүүгө чакырыктар камтылганбы?» деген сыяктуу типтүү суроолор берилет. «Конституциялык түзүлүш» деген түшүнүк эксперт жооп берүүгө укугу жок укуктук суроо болуп эсептелет. Эксперт текстте чакырык барбы жана ал конкреттүү түрдө эмнеге чакырып жатат деген суроого жооп бериши мүмкүн. Ошондой эле, «Текст экстремисттик аракеттерге чакырыктарды камтыйбы?» же болбосо «Алдыңарга берилген материал экстремисттик болуп эсептелеби?» деген укуктук суроо кеңири жайылган. КРнын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамынын 13-беренесине ылайык, маалыматтык материалдарды экстремисттик деп таануу жөнүндө талабын билдирген прокурордун арызынын негизинде алар табылган, жайылтылган же мындай материалдарды өндүрүүнү жүзөгө ашырган уюмдун жайгашкан жери боюнча сот тарабынан иштердин айрым категориялары боюнча өндүрүштүн өзгөчөлүктөрү менен таанылат.

Мына ошентип, окуялардын 96%ында тергөө органдары тарабынан берилген суроолор туура эмес мүнөздө болгон жана эксперттер дагы укуктук мүнөздөгү, же болбосо өздөрүнүн иш билгиликтерине тиешелүү эмес суроолорго жооп берүү менен өз корутундуларында эксперттик адистиктин чектеринен чыгып кетишкен.

**Соттук-эксперттик органдын аныктамасы.** Жогоруда саналып өткөн экспертизаларды классификациялоо тажрыйбасы, экспертизаны жүргүзө турган

24. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун бюллетени №2 (63) 2016 -жыл - http://sot.kg/post/byulleten-verhovnogo-suda-kyrgyzskoj-respubliki-za-1-64-ot-2017-goda [Дата обращения: 05.12.2019].

органды аныктоо менен байланыштуу. Келтирилген статистикалык көрсөткүчтөрдүн ичинен, тигил же бул материалдардан экстремисттик мазмундарды аныктоо боюнча экспертизалардын 95%ы Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы (ДИМК) тарабынан жүргүзүлөт.


Диний уюмдардын динге ишенүүгө мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, алардын дин окутуу жана сыйынуу ишмердүүлүктөрү жөнүндөгү маалыматтарынын тууралыгын аныктоо, ошондой эле диний багыттагы адабияттарынын жана сабактарынын мазмунун анализдөө максатында, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобого ылайык коюлган максаттарды ишке ашыруу максатында, Дин иштери боюнча мамдекеттик комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык диний экспертизаларды жүргүзүүнү ишке ашырат. Мамкомиссия мамлекеттик жана сот органдарынын суроо талаптары боюнча, өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында кеңеш берүүлөрдү жана расмий эксперттик корутундуларды берет. Бирок, экстремисттик мазмунду аныктоо боюнча экпертиза жүргүзүү ДИМКнын түздөн түз милдеттерине кирбейт.

2014-жылдын ноябрь айында Ош облусунун райондор аралык соту Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын материалдарды диний-экстремисттик деп таануу боюнча корутундусу ченемдик (нормативдик) документ болуп эсептелбейт, а эксперттердин корутундусу[25] деген токтом чыгарган. Соттук диний экспертизаны жүргүзүү ДИМКга тапшырылбоосу зарыл, анткени бул орган соттук экспертизаны жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу эмес, бирок КРнын КПКсынын 204-беренесине «Экспертизаны эксперттик уюмдан тышкары жүргүзүү» жана КРнын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык ДИМКнын кызматкерин тартууга болот. Бул учурда экспертиза дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эмес, конкреттүү адистин корутундусу катары таанылат.

ДИМКнын жетекчилигинин расмий билдирүүсүнө ылайык, 2019-жылдын 1-январынан баштап, дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган эстремисттик мазмунду аныктоо боюнча экспертиза жүргүзбөйт. Мамлекеттик соттук-эксперттик кызмат тарабынан экспертизалардын жүргүзүлүшүнүн саны анча чоң эмес (404 ичинен 6 учур), бул адистешкен бөлүмдү калыптандыруу, адистердин штатын жана тиешелүү усулдарды калыптандыруу менен байланыштуу. Сурамжылоого катышкан бир катар адвокаттар МСЭКнын араб жана өзбек тилдериндеги адистер жок болгондуктан, комплекстүү экспертизаны жүргүзүүдөн баш тарткандыгын белгилешти. Колуңуздагы бул анализ экспертизага материал негизинен өзбек жана кыргыз тилдеринде, кээде гана орус тилинде түшө тургандыктарын көрсөттү. Бирок бардык окуяларда диний тексттер араб тилиндеги Ыйык булактарга (Куран жана Сүннөт) шилтеме келтирүүлөр менен коштолот. Бир гана эки окуяда текст толугу менен араб тилинде болгон, анын мүнөзү — нашида (ырлар) ыр түрүндө болгон. Келтирилген статистика Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматты артыкчылыктуу түрдө өзбек жана кыргыз тилдериндеги лингвистикалар чөйрөсүндөгү адистер менен толуктоо зарылчылыгынан кабар берип турат.

25. Дин иштери боюнча мамкомиссиянын экспертизасы ченемдик (нормативдик) эмес документ деп таанылды - http://vof.kg/?p=17184 [Дата обращения: 05.12.2019].

**8-диаграмма.** Экспертизага сунушталган маалыматтар




**Сунушталган экспертизалардын эксперттин корутундусун түзүү боюнча талаптарына шайкеш келүүсү.** Экспертизаны түзүү боюнча талаптар КРнын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» Мыйзамынын 29-беренесинде, ошондой эле Соттук экспертизаларды өндүрүү боюнча Нускамада кенен көрсөтүлгөн[26]. Демек, эксперттин корутундусу кириш, изилдөө бөлүмдөрүнөн жана тыянактардан, ошондой эле атайылап жалган корутунду бергендиги үчүн же корутунду берүүдөн баш тартканы же качкандыгы үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө соттук эксперт (эксперттер) эскертилгени жана ага Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарына ылайык соттук эксперттин укуктары жана милдеттери түшүндүрүлгөнү жөнүндө кол коймо эскертмеден турат.

Соттук эксперттин же эксперттердин комиссиясынын корутундусунда төмөнкүлөр чагылдырылуусу керек: 1) соттук экспертизаны жүргүзүлгөн убак жана жер; 2) соттук экспертизаны жүргүзүү үчүн негиз; 3) соттук экспертизаны дайындаган орган (тарап) жөнүндө маалыматтар; 4) соттук экспертизаны жүргүзүү тапшырылган эксперт же эксперттер жөнүндө маалыматтар (фамилиясы, аты, атасынын аты, билими, адистиги, иш тажрыйбасы, окумуштуулук даражасы жана окумуштуулук наамы, ээлеген кызматы); 5) эксперттин же эксперттер комиссиясынын алдына коюлган көйгөйлөр; 6) изилдөө объекттери жана экспертке соттук экспертизаны жүргүзүү үчүн берилген материалдар; 7) соттук экспертизаны жүргүзүүдө катышкан процесстин катышуучулары жөнүндө маалыматтар; 8) колдонулган ыкмаларды көрсөтүү менен изилдөөлөрдүн мазмуну жана натыйжалары; 9) натыйжаларды баалоо.

Киришүү бөлүгүндө экспертизаны өндүрүү процессинде колдонулган изилдөөнүн усулдары, илимий жана усулдук булактар көрсөтүлүшү керек. Изилдөөчү бөлүгүндө болсо, ар бир коюлган суроо боюнча материалдарды анализдөөнүн жүрүшү жазылат, ага коюлбаган суроолор боюнча жагдайларды аныктоодо экспертке жардамы тийген усулдар көрсөтүлөт. Корутундуда жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары жазылат, экспертин жооптору коюлган суроолорго *шайкеш келүүсү зарыл*.

163 изилденген корутундулар тигил же бул деңгээлде жогоруда саналып өткөн талаптарга жооп бербейт Негизги шайкеш келбестиктер төмөнкүлөргө тиешелүү:

- киришүү бөлүгүндө берилген материалдардын толук тизмесинин жоктугу, изилдөө усулунун жана колдонулган адабияттардын көрсөтүлбөгөндүгү;
- изилдөө бөлүгү жок же начар сыпатталган, корутундулар менен жүргүзүлгөн анализдердин ортосундагы корреляциянын алсыздыгы;

26. Соттук экспертизалардын мамлекеттик борборунда соттук экспертизаларды өндүрүү жөнүндө нускама - http://sudexpert.gov.kg/instruktsiya-o-proizvodstve-sudebnyh-e/ [Дата обращения: 05.12.2019].

- корутундуларда эксперттин демилгеси менен коюлган суроолор орун алган, бирок киришүү бөлүгүндө чагылдырылган эмес; өз алдынча далилдөөчү мүнөзгө ээ эмес болжолдоочу корутундулардын көптүгү.

**Тыюу салынган материалдардын тизмеси/материалдарды экстремисттик деп таануу процедурасы.** КРнын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» Мыйзамы экстремисттик материалдарды эки категорияга аныктаган[27]:

Биринчиси – Бул КРнын КПКсынын[28] 25-1-бөлүмүндө бекитилген тартипте сот тарабынан экстремисттик деп табылган, ушул КРнын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамынын 1-беренесинде берилген аныктамага шайкеш келген маалыматтык материалдар;

Экинчиси – бул сот тарабынан КРнын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамынын 1-беренесинин биринчи бөлүгүндө караштырылган белгилердин эң жок дегенде бирөөнө шайкеш келгендиги сот тарабынан таанылган маалыматтык материалдар.

Бул категорияларды ушундай деп таануу процедурасы ар түрдүү жана ар түрдүү мыйзамдар менен жөнгө салынат. Биринчи категория — «экстремисттик материалдар» - прокурордун арызы боюнча сот тарабынан КРнын КПКсынын 25-1-бөлүмүндө бекитилген тартипте «экстремисттик» деп таанылат. Экинчи категория — КРнын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган белгилердин бирөөнү камтыган материалдар — кылмыш сот өндүрүшүнүн жана административдик укук бузуулар боюнча сот өндүрүшүнүн алкагында сот тарабынан таанылат.

Соттун чечими боюнча бул материалдын автору жана аткаруучусу катары экстремисттик ишмердүүлүктү ишке ашырган адам таанылат жана КРнын мыйзамында бекитилген тартипте жоопкерчиликке, т.а., административдик дагы, ошондой эле кылмыш жоопкерчилигине дагы тартылат.

Демек, экстремизмдин белгилери бар экендиги боюнча шектенүү жараткан маалыматтык материалдарды тапкан учурда, эң биринчи алардын сот тарабынан буга чейин «эстремисттик» деп таанылган жана юстиция чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган тарабынан «экстремисттик материалдардын тизмесине» киргизилген материалдар менен окшоштугу предмети жаатында экспертиза өткөрүү зарыл. Окшоштугу аныкталса жана КРнын КЖКсынын 299-2-беренесинде каралган башка квалификациялоочу белгилери далилденген шартта, адам КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча жоопкерчиликке тартылуусу мүмкүн.

Эгер табылган материал соттун чечими менен «экстремисттик» деп таанылган жана «экстремисттик материалдардын тизмесине» киргизилген материалдар менен окшоштугу аныкталбаган учурда, КРнын Жарандык-процесстик кодексинин 25-1-бөлүмүндө бекитилген тартипте аларды экстремисттик же террордук деп таануу жөнүндө сотко даттануу арызын берүү суроосун чечүү үчүн материал прокуратура органына берилиши керек, ал эми бул материалдар боюнча кылмыш ишин козгоо өндүрүшү

27. Диний жана башка ишенимдердин эркиндиги: Кыргыз Республикасында укукту конституциялык жана эл аралык стандарттар менен тең салмактуулукта жөнгө салуу тажрыйбасы (Соттор, прокурорлор, адвокаттар, тергөөчүлөр жана укук коргоо органдарынын башка кызматкерлери үчүн окуу куралы) / Ч.А.Мусабекованын жалпы ред. астында – Бишкек:. Maxprint, 2018. – 149 бет.

28. КРнын Жарандык-процесстик кодекси, 25-январь, 2017-жыл № 14. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111521?cl=ru-ru дареги боюнча жеткиликтүү.

токтотулат[29]. Бул маалыматтык материалдар сот тарабынан экстремисттик деп таанылган учурда, анын чечими экстремисттик материалдардын тизмесине киргизүү үчүн юстиция органдарына жөнөтүлөт.

Ошондой эле, Жарандык-процесстик кодекстин (1999-ж. редакциясында) 258-6-беренесине жана Жарандык-процесстик кодекстин (2017-ж. редакциясында) 261-3-беренесине ылайык, соттун мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген чечими жарыялоо үчүн юстиция органына жиберилет. Бирок, юстиция органынын сайтында чечим чыгарган сот органынын гана аталышы жарыяланат.

Азыркы учурда КРнын Юстиция мининстрлигинин сайтында ар түрдүү инстанциялардын соттору тарабынан экстремисттик деп таанылган материалдардын тизмеси бар[30]. Бул тизме 21-пункттан турат, ал террордук жана экстремисттик контентке ээ 100дөн ашык басма, аудио-видео өндүрүмдөрдү жана веб-баракчаларды камтыйт. Аталган тизмеде болгону 7 гана материалды идентификациялоого жөндөмдүү аталышы бар[31], калгандары «... *веб-сайттарында жайгаштырылган маалымат, басылма, материалдар, атрибутика, символика жана видеотасмалар*» жана андан нары саны 57 аталышка чейин жеткен социалдык түйүндөрдөгү веб сайттардын жана баракчалардын тизмеси берилет[32].

Анализдөөгө келип түшкөн экспертизалардын корутундуларына ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүгүнө тыюу салынган төмөнкү уюмдарга тиешелүү материалдар идентифицкацияланды:

1. Экстремисттик (122): Хизбут-Тахрир – 115, Йакын Инкар – 6, Акромия – 1.
2. Террористтик (34): Өзбекстандын ислам кыймылы – 15, ИГИЛ – 6; Джабхат-ан-Нусрынын ар түрдүү кыймылдары – 13.
3. Башка (2) – Салафит багытындагы материалдар (тыюу салынган уюмдардын тизмесинде жок).
4. Уюмга тиешелүүлүгү аныкталган эмес/көрсөтүлгөн эмес (8).


29. Диний жана башка ишенимдердин эркиндиги: Кыргыз Республикасында укукту конституциялык жана эл аралык стандарттар менен тең салмактуулукта жөнгө салуу тажрыйбасы (Соттор, прокурорлор, адвокаттар, тергөөчүлөр жана укук коргоо органдарынын башка кызматкерлери үчүн окуу куралы) / Ч.А.Мусабекованын жалпы ред. астында – Бишкек: Maxprint, 2018. – 149-150 бет.

30. Экстремисттик материалдардын тизмеси. КРнын Юстиция министрлигинин расмий сайты - http://minjust.gov.kg/ru/content/950 [Дата обращения: 05.12.2019].

31. 1. «Айкөл Манас» 10 томдон турган китеп. Автор Муса кызы Бүбү Мариям; 2. Адабиият «Сабил жана Субул» эки томдо; 3. «Мен – гей жана мусулманмын» тасмасы - «Мен-гей жана мусулманмын» - «I am Gay and Muslim»; 4. Макала «Адамдар жырткыч катары», веб-сайте www. fergananews.com сайтында жайгаштырылган; 5. Макала «Жапайы тажиктер тоодон түшүштү: кыргыздар сак болгула», 08.09.2014-жыл; 6. Макала «Таза кыргыз сому. Имамдар – улуттук азчылыктардын өкүлдөрү айлык алышпайт», 06.06.2016-жыл, «Eurasianews.info» веб сайтында жайгаштырылган; 7. А. Капарованын «Сентябрь» телеканалы аркылуу жайылтылган маеги, «С-2» теле берүүсү, ОсОО РТРК «С-2» 29.09.2016-жыл.

32. Экстремисттик материалдардын тизмесин карагыла. Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун чечими, 17-октябрь, 2017-жыл - http://minjust.gov.kg/ru/content/950 [Дата обращения: 05.12.2019].

**9-диаграмма.** Материалдардын тиешелүүлүгүн экстремисттик деп таанууга таасирин тийгизген уюмдардын саны




Экстремисттик материалдар катары идентификациялангандардын ичинен «Сабил жана Субул» басылмасы гана КРнын Юстиция министрлигинин сайтында көрсөтүлгөн тизмеде бар. 60 ашык «экстремисттик» материалдар (104 иштин алкагында) соттун аларды эч бир демилгесиз экстремисттик деп таануу өкүмү күчүнө киргенден кийин жана КРнын Юстиция министрлигинин сайтына жарыяланган соң жок кылынды. Бир эле басылма ар түрдүү кылмыш иштеринин алкагында эки же андан ашык жолу экстертизага жөнөтүлгөн фактылар дагы бар.

Мына ошентип, соттор тарабынан экстремисттик деп таанылган материалдардын көрсөткүчтөр топтому, веб-сайттардын контенти жок болгондуктан, мурда сот тарабынан экстремисттик деп таанылган адабият (же тексттин фрагменти) кайрадан экспертизага жиберилген учурлар бар, башкасын айтпаганда дагы бул өзүнө кошумча убакытты жана каржылык чыгымдарды талап кылат.

57 иштин алкагында материалдар далил катары сакталган, бирок кайрадан эле аларды андан кийин расмий түрдөгү экстремисттик материалдардын тизмесине киргизүү демилгеленген эмес. Иштердин жарымында балким алардын саны көп болгондуктанбы, мейли ал токтомдор болсун, эксперттин корутундусу же соттун чечими болсун экспертизага жиберилген материалдардын тизмеси жок. Бул учурларда материалды сактагычтар мындайча белгиленген: *«100 даана сүрөт, 97 даана аудио жазуу, 22 даана видео тасма»*.


**Экстремисттик материалдарды жайылтуунун ниети.** КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, жайылтуу, ташуу жана жиберүү, ошондой эле экстремисттик же террористтик уюмдардын символдорун же атрибуттарын атайылап колдонгондугу үчүн кылмыш жоопкерчилигин караштырган, анда экстремисттик материалдарды «сактагандыгы» үчүн жайылтуу ниети бар болгондугуна көз карандысыз түрдө жоопкерчилик күтөт. 2019-жылдын 1-январында күчүнө кирген КРнын Жазык кодексинин 315-беренеси «Экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу» боюнча жоопкерчиликти караштырат. Бул беренеге ылайык, «экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу, ташуу же берип жиберүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо, ошого тете экстремисттик уюмдардын символикасын жана атрибутикасын пайдалануу, ошондой эле Интернет тарамы аркылуу пайдалануу» – эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш

менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же ансыз II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эгер сөз электрондук сактагычтагы материал жөнүндө болсо, дагы деле болсо жайылтуу максатын далилдөө суроосу ачык бойдон калат. Демек, колуңуздагы бул изилдөө экспертизага келип түшкөн материалдарда электрондук жана аралаш сактагычтардагы материалдар көп экендигин көрсөттү:

1. ар түрдүү *электрондук сактагычтарда* өткөрүлгөн аудио-видео-тексттик материал, анын ичинде визуалдык материал (сүрөттөр) жана социалдык түйүндөрдөн алынган материалдар (флэш-карталар, ноутбуктар, планшеттер, ДВД дисктер, катуу дисктер, мобилдик телефондор жб.) – 43.
2. *аралаш сактагычтар* – ар түрдүү электрондук сактагычтарда өткөрүлгөн аудио-видео-тексттик материалдар, басылып чыгарылган басылмалар, дептерлердеги, блокноттордогу жазуулар – 82.
3. *бир гана басма жана жазуу басылмалар* (китептер, журналдар, баракчалар) жана дептерлердеги, блокноттордогу ж.б. – 37.

**10-диаграмма.** Материалдардын түрлөрү – сактагыч




Мына ошентип, жайылтуу ниет максатын басылып чыгарылган кагаз басылмалардын саны боюнча далилдөөгө боло турган материалдардын саны бүгүнкү күндө 22%, калган 78% маалыматттарды электрондук жана аралаш сактагычтар болуп эсептелет, бул учурда жайылтуу ниет-максаты бир гана экземплярлардын санына негизделбеши керек, ошондой эле башка террористтик жана экстремисттик уюмдардын ишмердүүлүктөрүнө тиешелүүлүгүн негиздеген башка далилдер дагы каралат.

## 3.4. ЭЛ АРАЛЫК ЧЕНЕМДЕР ЖАНА ТАЖРЫЙБА

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-беренесинин диспозициясына кирген белгилер *«улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутууга, улуттук ар-намысты басмырлоого багытталган аракеттер, ошого тете граждандардын динге карата мамилесинин, улуттук (этностук) же расалык таандыктыгынын белгилери боюнча өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же болбосо начардыгын пропагандалоо»* аракеттери катары, жана КРнын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренесине ылайык

экстремисттик ишмердүүлүк катары каралган аракеттер, эл аралык мыйзамдарда Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 20-беренесинде айтылгандай: «Улуттук, расалык же диний жек көрүүчүлүк жаатындагы, ошондой эле басмырлоого, карама-каршылашууга же зомбулукка алып келген бардык чыгып сүйлөнгөн сөздөргө мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек» жана Расалык басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу боюнча эл аралык конвенциянын 4-беренесинде чагылдырылган.

БУУ тарабынан иштелип чыккан «Басмырлоого, карама-каршылашууга же зомбулукка түркү болгон улуттук, расалык же диний жек көрүүчүлүктү пропагандалоого тыюу салуу боюнча Рабат аракеттер планы» Пакттагыдай эле, анын 20-беренесинин 2-параграфында каралгандардан тышкаркы бардык учурларда, динге же башка динге ишенүү системасына (ошондой эле («богохульство») мыйзамына дагы – Кудайдын атын жана кудайларга сый көрсөтпөгөн мамиле, ошондой эле диний сыйынууга жана сыйлоого туш келди мамиле кылуу) урмат сыйсыз мамиле кылууга тыюу салынган, мындай бир дагы мыйзам бир же бир нече динге (дин тутуу системаларына) карата басмырлоого же каршы чыгуу жол берилбестигин, ошондой эле кайсы бир диндин (диндердин) окууларына, башка динге карата басмырлоого, же болбосо дин жолундагылардын дин жолун сактабагандарга карата басмырлоосуна жол берилбестигин караштырган. Мындай тыюу салуулар диний доктриналар жана ишенүү принциптери боюнча комментарийлерге, же болбосо диний лидерлердин сын көз караштарын токтотуу үчүн, же болбосо андай сындоолор менен комментарийлер үчүн жазалоо катары колдонулбоосу керек.

Мамлекеттерге мыйзам чегинде жазалана турган кылмыш катары үч түрдүү айтылган ой-пикирдин ортосундагы айырмачылыктарды так аныктоо сунушталды: жазык (кылмыш) жоопкерчилигине тартылуучу, бирок жарандык ишке же административдик санкцияларга кире турган пикир; жазык (кылмыш) жоопкерчилигине жатпаган, бирок жарандык ишке же административдик санкцияларга кире турган пикир; (кылмыш) жоопкерчилигине, жарандык ишке же административдик санкцияларга жатпаган, бирок толеранттуулук, сыпайылык жана башка адамдардын укуктарын сыйлоо көз караштарынан алганда тынчсызданууу жараткан пикир. Мамлекеттер ой-пикирин эркин билдирүүнү чектөө үчүн үч критерийлер – мыйзамдуулук, чен өлчөмдүк жана зарылдык – ошондой эле жек көрүүнү козуткан учурда дагы жайылтыларын кепилдикке алуулары керек.

Рабат планы тарабынан Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 20-беренесин колдонуу үчүн, ошондой эле жек көрүүнү козутууну аныктоодо ой-пикирин билдирүү эркиндигин чектөөнү киргизүү үчүн жогорку босогону орнотуу сунушталды. Босогону жеңүү үчүн оордук критерийи, өтө оор жана эмоционалдык жактан күчтүү шылдыңдоолор гана жек көрүүнү козутуу катары классификацияланат дегенди түшүндүрөт. Жек көрүүнүн деңгээлин баалоо үчүн мүмкүн болуучу параметрлер айткан адамдын жасоого чакырыктарынын өзүнө айтылгандардын ырайымсыздыгын, зыяндын деңгээлин, мындай айтылган пикирлеринин кайталанышын жана анын коомдук мүнөзүнүн деңгээлин камтышы мүмкүн. Мына ушуга байланыштуу, кылмыштык тартипте кароого шайкеш келе турган ой-пикирлерди аныктоо үчүн алты бөлүктөн турган текст сунушталды.

**Контексти**: Контексти конкреттүү ой-пикирлер чындыгында эле басмырлоону, карама-каршылыкты же зомбулукту козутуудабы, ал анын түпкү ниетине, каалосуна жана/же себебине түз тиешелүү болушу мүмкүнбү баа берүү үчүн абдан маанилүү. Контексттик анализ ой-пикирди, ал ошол айтылган же жайылтылган учурдагы саясий же социалдык контекстин аныктоосу керек.

**Оратор**: Айткан адамдын коомдогу абалын же статусун, тактап айтканда ал адамдын же уюмдун ой-пикир багытталган аудиторияга карата абалын эске алуу зарыл.

**Ниет, каалоо**: Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 20-беренеси каалоонун, ниеттин бар экендигин божомолдойт. Кайдыгерлик же акылсыздык 20-беренени колдонуу үчүн жетишсиз негиз болуп саналат, аны колдонуу үчүн жөн гана жайылтуу эмес, «пропагандалоо (жар салуу)», «жек көрүүнү козутуу» талап кылынат. Мына ушуга байланыштуу, берене ой-пикирдин объекти менен, ой-пикирдин жана аудиториянын субъектинин ортосундагы мамилелердин үч бурчтугу бар экендигин божомолдойт.

**Мазмуну же формасы**: Ой-пикирдин мазмуну – соттук кароонун негизги объектилеринин бири жана жек көрүүнү козутуунун башкы тутуму. Мазмунду анализдөө ой-пикир канчалык деңгээлде түз жана провакациялуу экендигин аныктоону түшүндүрөт, ошондой эле оратор айткан аргументтердин формасын жана стилин, мүнөзүн, аргументтердин тең салмактуулугун карап чыгуу ж.б.

**Коомго тиешелүүлүгүнүн деңгээли**: Бул пункт өзүнө ой-пикирлердин жеткиликтүүлүгү, даректүүлүгүнүн мүнөзү, аудиториянын маанилүүлүгү же өлчөмү сыяктуу элементтерди өзүнө камтыйт. Андан нары – ой-пикир коомдук мүнөзгө ээби, аны таратуунун каражаттарын кандай түшүнүү керек. Ой-пикир жалгыз баракча аркылуу тарадыбы, массалык маалымат каражаттары же интернет аркылуубу, ал канча жолу кайталанды, анын камтуусунун көлөмү жана саны, аудитория провакациялык чакырыктарга ылайык аракеттерди көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдубу, чакырык (же искусство чыгармасы) тар чөйрөгө тараганбы же жалпыга жеткиликтүү болдубу аныкталат.

**Чакырыкты, анын артка кайткыс таасирин ишке ашыруунун мүмкүндүгү:** Аныктамасы боюнча, жек көрүүнү козутуу түйүлдүктүн ичинде жаткан кылмыш болуп эсептелет. Ой-пикир козуткан аракеттер сөзсүз түрдө эле, ой-пикир кылмыштуу деп таанылбай тургандай болот. Муну менен катар эле, кайсы бир деңгээлде потенциалдуу түрдөгү зыян келтирүү коркунучу аныкталуусу керек. Бул соттор ой-пикир максаттуу аудиторияга каршы реалдуу түрдө козутуучу мүнөздө болгондугун аныктоолору керек дегенди түшүндүрөт, анан дагы соттор өздөрүнө отчет берүү менен жеткиликтүү деңгээлдеги түз себептик-издик байланыш көрсөтүлүшү керек.

Жалпы улуттук жана аймактык сотторго жек көрүүнү козутуунун эл аралык, аймактык жана салыштырма укуктук тажрыйлары жана эл аралык стандарттар жөнүндө жаңыртылган маалыматтарды үзгүлтүксүз түрдө алып туруу сунушталды, себеби мындай окуяларга кабылганда соттор абдан кылдат ойлонуштурулган кадамдык критерийлерге негизделген так анализ жүргүзүүлөрү зарыл. Ой-пикирлердин мыйзамга каршы формалары менен байланыштуу кылмыш санкцияларын, бир гана өтө негизделген өзгөчө кырдаалдарда колдонула турган кескин чаралар катары кароо зарыл. Ошондой эле, жарандык санкциялар, укуктук коргонуу каражаттары, анын ичинде материалдык жана моралдык зыяндарды компенсациялоо мүмкүнчүлүгүн, жокко чыгаруу (төгүндөө) укугу жана жооп берүү укугу менен чогуу караштыруу дагы зарыл. Буга кошумча административдик санкцияларды жана укуктук коргоо каражаттарын, анын ичинде мурун аныкталган жана учурда ар кыл кесиптик институттар менен жөнгө салуучу органдар тарабынан колдонулуп жаткан административдик санкцияларды жана укуктук коргоо каражаттарын колдонуу мүмкүнчүлүгүн дагы карап чыгуу керек.

Диний (же теологиялык) экспертизаларды жүргүзүү дүйнөлүк тажрыйбада өзүн көрсөтө алган жок жана мурунку советтик мейкиндиктин ичинде гана тараган. Эл аралык тажрыйбада экспертизанын укуктук макамын аныктоо үчүн прецендент *«Дмитриевдер Россияга каршы» (Dmitriyevskiy v. Russia)»*[33] ишинин каралышы болуп

33. № 42168/06 даттануу боюнча 2017-жылдын 3-октябрындагы соттун токтомун карагыла. https://hudoc.echr.coe.int/eng?i=001-177214 сайтында жеткиликтүү. Бул ишке анализ ошондой эле, «Диний жана башка

эсептелет. Анда «кызматтык абалынан пайдалануу менен ММКда жек көрүүчүлүктү же душмандашууну козуткандыгы үчүн» журналист соттолуучу катары каралат. Адам укуктары боюнча Европалык сот кийлигишүү жана жазалоо үчүн негиздер канчалык деңгээлде маанилүү, толук болду деген суроого жооп берүү менен буларды белгиледи *«улуттук соттордун чечимдери баарын кошуп караганда эксперт-лингвисттин корутундуларына негизделишкен, ага ылайык басылмалар зомбулук менен байланышкан расалык, улуттук же социалдык карама-каршылыктарга багытталган бүтүмдөрдү камтышкан. Мындан сырткары, эксперт бир эле сөздөрдүн жана ой-пикирлердин маанисин түшүндүрбөстөн, Дмитриевскийдин аракеттерине юридикалык баа берген. Бул экспертиза, мисалы конкреттүү сөздөр менен ой-пикирлердин маанилерин аныктоо бир гана тилдик суроолорду изилдөө алкагынан алыс чыгып кеткен».*

*Адам укуктары боюнча Европалык сот мындай кырдаалды орунсуз деп эсептейт жана бардык юридикалык суроолор жалгыз соттор тарабынан чечилүүсү зарыл экендигин баса белгилейт. Мына ошентип, улуттук соттор тексттерге юридикалык баанын сот тарабынан эмес, эксперт-лингвист тарабынан берилгене таянышып, тексттерде душмандашуу тилинин элементтери бар деген корутунду чыгарышты».*

Адам укуктары боюнча Европалык сот ошондой эле, *«соттор өздөрү каралып жаткан тексттерди анализдөөгө аракет кылышпагандыктарын жана чечимдерде болгону эксперт-лингвисттин корутундусун жана РФнын Жазык кодексинин 282-беренесинин 2-бөлүгүн жүйөө катары карашканын»* баса белгиледи. Алар Дмитриевский тараткан басылмалар адамдардын тобун алардын расасынын, улутунун жана социалдык топко тиешелүүлүгүнүн негизинде алардын кадыр-барктарынын басмырланышына жана душмандашууну козутууга багытталды деп белгилешкен, *соттор кайсы топтор жөнүндө сөз болуп жаткандыгын түшүндүрүшкөн эмес,* кантип жасалгандыгы, кандай пикирлер – расисттикпи, улутчулдукпу, ксенофобиябы, басмырлоочубу же кайрылууларында кадыр-баркты басмырлоо камтылганбы, алардын ичинен кайсылары зомбулук менен байланыштуу эч бир түшүнүк берилген эмес. Чечимдеринде *соттор публикация улуттук коопсуздукка жана аймактык бүтүндүүлүккө келтире турган коркунучка баа берүүгө аракет кылышкан эмес.* Мына ушул жогоруда саналып берилгендердин негизинде Адам Укуктары боюнча Европалык Сот улуттук бийлик бардык тиешелүү фактылар боюнча берилген бааларга ылайык өзүнүн чечимин негиздеп бере алышкан жок жана ой-пикирин билдирген адамды соттоо үчүн «орундуу жана жеткиликтүү» себептерди келтире дагы алышкан жок.

Адам укуктары боюнча Европалык соттун көз карашы боюнча, Дмитриевскийдин аталган Европалык соттун 6-беренесиндеги кепилдикке алынган акыйкат соттук териштирүүгө карата укугу бузулган. Себеби, улуттук соттор анын ишке байланыштуу күнөөсү боюнча жеткиликтүү далилдерди келтирише алышкан жок жана өкүмдү толук негиздеп беришкен жок, муну менен катар эле коргоо өткөргөн бардык аргументтер жараксыз юридикалык көз караш жана «жазадан качууга аракет кылуу» катары четке кагылган.

ишенимдердин эркиндиги: Кыргыз Республикасында конституциялык жана эл аралык стандарттардын шайкештигин укуктук жактан жөнгө салуу тажрыйбасы (Соттор, прокурорлор, адвокаттар, тергөөчүлөр жана укук коргоо органдарынын башка кызматкерлери үчүн окуу куралы)»/ Ч.А.Мусабекованын жалпы ред. аст. – Бишкек:. Maxprint, 2018.

# 4. ИЗИЛДӨӨНҮН КОРУТУНДУЛАРЫ ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

## КОРУТУНДУЛАР

1. Террордук жана экстремисттик ишмердүүлүк үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган мыйзамдар Кыргыз Республикасы мүчөсү болгон, кабыл алынган эл аралык келишимдер менен макулдашууларды кармануунy милдеттендирген БУУ, Европа Кеңеши, Шанхай кызматташтык уюму сыяктуу ири эл аралык уюмдар тарабынан иштелип чыккан эл аралык стандарттардан көз карандылуу түрдө өзгөртүлөт. Мына ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндөгү мыйзамдары дайыма жакшыртылып иштелип турат.

Муну менен катар эле, террордук багыттагы кылмыштардын айрым курамдары КРнын Кылмыш-жаза кодексинде (1997-жылдагы редакциясында), экстремисттик акты катары мүнөздөлгөн аракеттер менен аралашып калган.

Мындай кылмыштардын курамын калыптандыруу 1999-жылдын 21-октябрындагы «Терроризм менен күрөшүү жөнүндө» мыйзамдын, андан кийин 2006-жылдын 8-ноябрында жаңыртылган «Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзамга жана 2005-жылдын 17-августундагы «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамдын жоболоруна негизделген.

Демек, укук колдонуу тажрыйбасында алардын квалификацияланышы, адамдын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келе турган айрым бир суроолорду жаратмак, себеби «терроризмдин» жана «экстремизмдин» аныктамаларынын өзү эле кандайдыр бир деңгээлде аныкталбаган мүнөздө болчу.

Азыркы учурдагы иштеп жаткан КРнын Жазык кодекси (2017-жылдагы редакция) мурунку курамдарды ажыратып бөлдү, террористтик мүнөздөгү кылмыштарды өз алдынча аныктады жана экстремисттик багыттагы кылмыштарды өз алдынча бөлдү. Кылмыш мыйзамындагы КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренесинин талаштуу дефиниция бөлүгүндөгү кемчиликтер КРнын жаңы Жазык кодексинде оңдолду (2017-жылдагы редакциясында).

«Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамдагы «экстремизм» түшүнүгүн эл аралык стандарттар менен салыштырып анализдегенде, мыйзам чыгаруучу кылмыш мыйзамынын ченемдерин жана экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө мыйзамды калыптандырууда, экстремисттик мүнөздөгү кылмыштардын субъектилерине акцент жасаган коомдук бирикмелерди жана диний уюмдарды түздөн түз көрсөтүү менен, аларды алдын ала экстремисттик актыларды жасоого жөндөмдүү потенциалдуу кылмыштуу уюмдардын катарына кошкон. Укуктук ченемдерди калыптандырууга мындай мамиле экстремисттик мүнөздөгү максатта эмес коомдук жана диний уюмдардын ишмердүүлүктөрүн ишке ашырууга таасирин тийгизет, ошондой эле жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан кепилдикке алынган оюн ачык билдирүү, биригүү, дин тутуу эркиндиктерин жана башка укуктарын ишке ашырууга таасирин тийгизет. Жаңы жазык мыйзамы «коомдук бирикмелер», «диний уюмдар» түшүнүктөрүн жоюп алардын ордун «экстремисттик уюм» деген түшүнүк менен алмаштырды. Бирок, бул түшүнүктүн «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамдагы мазмуну (13-бер.) КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-1-беренесине тиешелүү редакциясында калып калды жана өзгөртүү зарылчылыгы бар.

Белгилей кетчү нерсе, жаңы мыйзам кандайдыр бир деңгээлде кылмыштардын жогоруда аталган курамдарын айрым бир деңгээлде оптималдаштырды, алардан экстремисттик ишмердүүлүккө шайкеш келе турган аракеттер алынып салынды, бул балким соттордун жана башка укук коргоо органдарынын кылмыштардын курамын так аныктоо жаатындагы түшүнүктөрүн жакшыртуусу мүмкүн жана террордук, экстремисттик ишмердүүлүктөрдүн укуктук чектерин айырмалай билүүсүн дагы жакшыртат. Мисалы, КРнын эски Кылмыш-жаза кодексинин 226-2, 226-4-беренелери жана КРнын жаңы Жазык кодексинин 241, 243-беренелери.

Террордук жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарды, анын ичинде алар менен күрөшүүнүн жолдорун тутумуна камтыган аларды аныктоонун ыкмалары боюнча талкууларды эске алганда, ошондой эле өлкөнүн улуттук коопсуздугун коргоонун жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин ченемсиз чектөөгө жол бербөөнүн ортосундагы тең салмактуулукту толук сактоо үчүн, балким Кыргыз Республикасынын учурда иштеп жаткан мыйзамдары трансформацияланышы мүмкүн.

2. Ушул изилдөөнүн алкагында террордук багыттагы кылмыштар боюнча 35 иш изилденди (КРнын КЖКнын 226-229-беренелери боюнча) (1997-жылдагы редакциясында), бул соттордун мындай иштер боюнча анча чоң эмес тажрыйбалары бар экендиктеринен кабар берип турат. КРнын 228-беренеси боюнча кылмыштар бат-баттан жасалып турган (терроризм актысы жөнүндө билип туруп жалган билдирүү), ал эми КРсынын КЖКнин 226-беренеси боюнча (терроризм актысы) 2014-2018-жылдары соттор болгону 13 ишти карашкан. Мындай категориядагы иштер боюнча кылмышкерлердин социалдык портрети 40-49 жаштагы, орто билимге ээ, мурда соттолгон эмес, үй-бүлөлүү жана жумушсуз, артыкчылыктуу түрдө кыргыз улутундагы (81%) эркектер (88%) түзөт.

Терроризмге байланыштуу иштер боюнча тергөөнү ишке ашырууда тергөөнүн мөөнөттөрүн бузуу аныкталды (71%), алардын негизги себептери тергөө органдарына жүктөлгөн жүктөрдүн абдан көптүгү, экспертизаны жүргүзүүнүн мөөнөттөрүнүн узактыгы, кызматкерлердин өз милдеттерине этибарсыз мамиле кылуулары жана алардын кесипкөйлүк иш билгиликтеринин деңгээлдеринин жогору эместиги. Шектүүлөрдүн жана айыпкерлердин тергөө стадиясында коргоого ээ болуу укугу негизинен сакталууда, бирок МКЮЖ түзүмү боюнча иштеген адвокаттар тарабынан сапаттуу укуктук жардам берилиши жаатында көйгөйлөр аныкталды. Котормочу алуу укугун ишке ашыруу боюнча өзгөчө көйгөйлөрдүн болгондугун жолуктурган жокпуз, бирок укук коргоо органдарынын штаттык бирдиктеринде котормочу жок болгон учурда, котормочуларды мотивациялоо боюнча көйгөйлөр жаралат.

Каралып чыккан сот иштеринде айыпкерлерден тергөө органдары кыйноолорду же адамкерчиликсиз, ырайымсыз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин түрлөрүн жасалгандыгы жөнүндө даттануулар табылган жок. Муну менен катар эле, шектүүлөр жана айыпкерлер менен кыйноолорго, ырайымсыз мамилелерге таасир этүү системасы жеткиликтүү так иштебегендиги аныкталды, анткени прокурорлор мындай даттанууларга өз убагында жана объективдүү түрдө реакция кылышпайт. Соттор мындай иштер боюнча бөгөт коюу чарасы катары камакка алууну колдонушат, бул чараларды колдонуунун тартиби боюнча кандайдыр бир олуттуу мыйзам бузуулар аныкталган жок.

Терроризмге байланыштуу иштер боюнча соттук териштирүү процесстеринде соттор артыкчылыктуу түрдө айыптоочу өкүмдөрдү чыгарышкан, соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрүн орой бузган учурлар катталган жок. Мындай категориядагы иштерди кароодо соттор КРнын Кылмыш-жаза кодексин жана Кылмыш-процесстик кодексин колдонушат, бардык өкүмдөрдүн сыпаттоочу-мотивациялык бөлүгүндө башка мыйзамдарга, эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга бир дагы шилтеме кел-

тирилген эмес. Айрым сот актыларында, өзгөчө КРнын КЖКсынын 226-4-беренесин колдонууда (Кыргыз Республикасынын жаранынын чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу кагылыштарга же согуш аракеттерине катышуусу же террорчулук жана экстремисттик даярдыктан өтүшү) соттор айыптоочу актыларга сынчыл көз караш менен карашкан эмес жана өлкөдөн сыртка чыкпаган адамдарды кылмышты жасагандыгы боюнча күнөөлүү деп таанышкан.

3. Бул изилдөөнүн алкагында, соттор тарабынан КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-299-3, 375-беренелери (1997-жылдагы редакциясы) — экстремисттик мүнөздөгү кылмыштар боюнча 461 иш каралып чыккан. Алардын көп бөлүгүн КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси түзөт (экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, жайылтуу, ташуу жана жиберүү, ошондой эле экстремисттик же террористтик уюмдардын символдорун же атрибуттарын атайылап колдонуу) (329 иш). Мындай иштер боюнча кылмышкердин социалдык портретине келсек, 30-39 жана 40-49 жаштагы эркектер (81%) түзөт, орто билимдүүлөр, мурда соттолгон эмес, үй-бүлөлүү, иштешпейт, артыкчылыктуу түрдө өзбек улутундагылар (53%) жана кыргыз улутундагылар (40%).

Мындай иштер боюнча тергөөнүн мөөнөттөрү көпчүлүк учурда сакталат, бирок 24,9% окуяларда бузулган. Тергөөнүн мөөнөттөрүнүн көп бузулушу КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча аныкталды жана көпчүлүк учурда соттук экспертизаны дайындоо менен анын аткарылышына байланыштуу. Жалпысынан, шектүүлөрдүн жана айыпкерлердин тергөө стадиясында коргоого ээ болуу укуктары сакталат, бирок көрсөтүлгөн коргоонун сапаты, өзгөчө МКЮЖ түзүмү боюнча адвокаттардын сапаттуу жардам көрсөтүүлөрү жаатында көйгөйлөр бар.

Иштин материалдарында шектүүнүн, айыпкердин котормочуга карата укуктары толук сакталган, бирок араб, кытай тилдеринен которууну камсыз кылуу боюнча көйгөйлөр бар. Тергөөчүлөр мындай котормочуну ЖОЖдордун окутуучуларынын арасынан издешет, медреселер же жөн эле тил билген адамдар камсыз кылган котормонун сапатына баа бере алышпайт.

Мындай иштер боюнча тергөө стадиясында, шектүүлөрдөн жана айыпкерлерден моюнга алган көрсөтмөлөрдү алуу үчүн жасалган кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер фактылары аныкталды. Белгилей кетчү нерсе, аялдардын катышуусундагы мындай кылмыштарды иликтөөдө аларга карата мамиле адаттагыга караганда катуураак болгон. Тергөөчүлөр «баласы бар аял үйдө олтурса болмок» деп эсептешет жана ушул себептен аларга кечиримдүүлүк көрсөтүшкөн эмес.

Каралып чыккан иштерде айыпкерлерге карата негизинен – эч жакка кетпөө жөнүндө колкат алуу, камакка алуу, үй камагы, жеке кепилдик түрүндөгү баш коргоо чаралары колдонулган. Экстремизмге байланыштуу иштер боюнча бөгөт коюу чараларын колдонуу тартибин сактоо жаатында кандайдыр бир олуттуу мыйзам бузуулар табылган жок. Иликтөөлөрдү жүргүзүүдө, тинтүүнү жана алууну орой жүргүзүү, суракка алуунун, кармоонун тартибин бузуу ж.б. процесстик мыйзам бузуулар катталат.

Мындай категориядагы иштер боюнча соттор артыкчылыктуу түрдө айыптоочу өкүмдөрдү кабыл алышкан (95%), актоочу өкүмдөр 2% жана соттолуп жаткан адамдын көз жумуусуна же кылмыш жоопкерчилигине тартуу мөөнөтү эскиргенине ж.б. байланыштуу кабыл алынган иш өндүрүшүн кыскартуу жөнүндөгү токтомдор 2,6%.

Өкүмдөрдү чыгарууда соттор далилдерди, анын ичинде экспертизалардын корутундуларын негиз катары колдонушкан. Далилдер катары күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, соттолуп жаткан адамдын күнөөсүн моюнга алган көрсөтмөлөрү, соттук экспертизалардын корутундулары, башка буюмдук далилдер колдонулган. Айрым

иштерде соттор жыйынтыктоочу актыларды чыгарууда бир гана соттук экспертизанын корутундуларын негиз катары колдонушкан.

Изилденген сот иштеринде соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүн орой бузуу табылган жок, бирок сот процесстери күбөлөрдүн, айыпкерлердин келбегендиги, адвокаттардын, прокурорлор бошобогондугу ж.б. себептеринен улам создуктурулуп кечиктирилген.

Иштерде орой процесстик мыйзам бузуулар аныкталган жок. Бирок, респонденттердин көбүнүн пикирлери боюнча, мындай категориядагы иштерди соттук териштирүүдө берилген далилдерге соттор объективдүү түрдө баа бербеген көйгөйлөр орун алган; соттор укук колдонуу тажрыйбасын ар түрдүү колдонушат; соттордун мындай иштерди иликтеген улуттук коопсуздук органдарынынын тергөөдөгү позициясынан көз карандылыгы ж.б. көйгөйлөр бар.

4. МКЮЖ түзүмү боюнча адвокаттардын юридикалык жардамдарынын сапаты төмөн бойдон калууда. Көптөгөн адвокаттар адекваттуу таасир этүү үчүн далилдерге жеткиликтүү деңгээлде баа бере алышпайт, өз милдеттерин ак ниетсиз аткарышат – тергөө иш-чараларын жүргүзүүгө бардык эле учурда катышышпайт, кийин кол коюп коё тургандыгын айтышып, тергөөчүлөрдөн документтерди аяктай берүүнү суранышат. Ошондуктан, репонденттер адвокаттар формалдуу түрдө (документтер боюнча) катышкан «жаман» тажрыйба пайда болгонун, ал эми чындыгында шектүү дагы, айыпкер дагы аларды тергөөнүн аяктагандыгы жөнүндө документтерге кол коюу керек болгондо гана көрүшөрүн белгилешти. Айрым айыпкерлер МКЮЖ түзүмү боюнча адвокаттардын көрсөткөн кызматтарынын сапатына даттанууларды өткөрүшкөн жана ал даттануулардын эң биринчи мазмунунда, адвокаттар алардын укуктарын тиешелүү деңгээлде коргой алышпайт, тергөөчүлөрдүн позициялары менен толук макул болушат деп белгиленген.

5. Кылмыш ишин өндүрүүнүн алкагында, экстремизм жана терроризмге байланыштуу иштерди кароодо жогорку роль экспертизага берилет. КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча диний жана теологиялык экспертизаны жүргүзүү тажрыйбасы көп колдонулат. Бул берене боюнча окуялардын 78%ында соттор экспертизалардын корутундуларын далилдердин жалгыз булагы катары колдонушкан жана өздөрүнүн өкүмдөрүндөгү жүйөлөрдү бир гана ушул корутундулардын негизинде чыгарышкан.

Көптөгөн сот актыларында соттор каралып жаткан тексттерге анализ жүргүзүүгө аракет кылышкан эмес жана чечимдерде бир гана экспертизалардын корутундуларын жетекчиликке алышкан.

Экстремизмдин жана терроризмдин белгилерин аныктоо комплекстүү мамилени талап кылат, анда лингвист тарабынан тексттин маанилик багыттуулугу аныкталат, психолог – анын тигил же бул контекстте тийгизген таасирин аныктайт, ошондой эле материалдын түрүнө жараша кошумча профилдүү дин таануучу эксперттер, саясат таануучулар, социологдор, тарыхчылар ж.б. тартылышы мүмкүн.

Экспертизаны дайындоонун жана жүргүзүүнүн системалуу түрдө калыптанып калган ыңгайсыз тажрыйбасы бар, алар соттук-эксперттик органды, экспертизанын тибин жана түрүн аныктоо, эксперттердин алдына суроолорду коюу жана жүргүзүлгөн экспертизалардын бекитилген талаптарга шайкеш келүүсү.

95% учурда экспертизаны ДИМК адистери дайындашкан, алар аны КРнын КПКсынын 204-беренесине ылайык өткөрүшөт: «Экспертизаны эксперттик эмес уюмдун жүргүзүүсү». Түзмө түз алганда, ДИМК соттук-эсперттик уюм болуп эсептелбейт, бирок соттук чечимдердин көбүндө экспертиза, ДИМК экспертизасы же болбосо «дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу органдын» экспертизасы катары көрсөтүлгөн, мына ушинтип ага аныкталган бир макамды кийгизип коюшкан.

Бул анализде каралган иштердин 97%ына бир тараптуу диний же теологиялык экспертизалар дайындалган. Иштердин болгону 1%ына комплекстүү экспертиза жүргүзүлгөн. Мындан сырткары, соттук экспертизалардын реестринде диний жана теологиялык экспертиза жок экендигине карабастан, Сот экспертизалары мамлекеттик борбору 2014-жылдан баштап комплекстик психологиялык-лингвистикалык экспертизаны киргизип жатат[34], тергөө органдары болсо лингвистикалык дагы, ошондой эле комплекстүү экспертизаны дагы дээрлик колдонушпайт.

Дин таануучулардын же теологдордун алдына лингвист менен психологдун иш билгилигине кирген суроолорду койгон тажрыйба абдан кеңири тарап кеткен.

Мындан сырткары, эксперттердин алдына 96% укуктук мүнөздөгү суроолор коюлган, же болбосо атайын таанымдарды талап кылбаган дагы суроолор берилет. Жыйынтыгында, эксперттер эксперттик корутундуларда өздөрүнүн иш билгиликтеринин алкагынан чыгып кетишкен.

Анализденген экспертизалардын дээрлик 100%ы эксперттик корутундуларды жазуунун талаптарына жол бербейт. Демек, изилдөө (экспертиза) эмнелердин жардамы менен жүргүзүлдү, усулун, адабияттардын тизмесин көрсөтүү деген нерсе жок; айрым корутундуларда өткөрүлгөн материалдардын тизмеси жок (бир гана сактагычтар саналган), изилдөөчү бөлүгү жок же начар жазылган, аргументацияларды тизмелеп көрсөтүүдө логикалык каталар кетирилген; болжолдуу корутундулар басымдуулук кылат. Тергөөчүлөрдүн жана соттордун экспертизанын сапатына карата талаптарды койгон учурлары бир же экөө эле (3,9%).

Экспертизага келип түшкөн материалдарда экстремизмдин белгилерин аныктоодо жана айыптоочу өкүм чыгарууда, сот тарабынан материалды түздөн түз экстремисттик деп таануу жана аны экстремисттик материалдардын катарына кошуу жокко эсе. 60тан ашык булактардын ичинен болгону бирөө гана КРнын Юстиция министрлигинин сайтында жарыяланган тизмеде бар. Бир эле материал ар түрдүү иштердин курамында өткөн фактылар дагы бар. Мындан сырткары, юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын сайтында жайгаштырылган экстремисттик материалдардын тизмеси материалды «экстремисттик» деп таануу жөнүндөгү соттун чечимин, же болбосо кандайдыр бир мүнөздөмөлөрдү камтыбайт, эгер ушундай болсо ал материалды идентификациялоого жол ачмак жана жарандардын кайсы материалдарга тыюу салынгандыгы жөнүндө маалыматтуулуктарынын жогорулоосуна шарт түзмөк.

Окуялардын дээрлик 77%ында экспертизага келип түшкөн материал электрондук же аралаш сактагычтарда болгон. 2019-жылдын 1-январында күчүнө кирген жаңы Жазык кодекси «жайылтуу максатында сактоо» үчүн кылмыш жоопкерчилигин караштырганына карабай, ар түрдүү электрондук сактагычтарда жайгашкан материал жөнүндө сөз болуп жатканда, жайылтуу ниетин аныктоо деген суроо ачык бойдон калат.

Эл аралык документтер улуттук (этностор аралык), расалык, диний же аймактар аралык карама-каршылыктарды козутууга, улуттун ар намысын басынтууга байланыштуу кылмыштарды, басмырлоого каршы мыйзамдардын алкагында душмандашуу тилин пайда кылуу катары карайт. Муну менен чогуу, басмырлоого, душмандашууга же зомбулукка алып келе турган улуттук, расалык же диний жек көрүүчүлүктү пропагандалоого тыюу салуу боюнча Рабат аракет планы, мамлекет тарабынан кепилдикке алынышы керек болгон негизги критерийлер катары мыйзамдуулукту, чен өлчөмдүүлүктү жана зарылчылыкты бөлүп көрсөтөт. Ошондой эле, укук колдонуу

34. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Соттук экспертизалардын мамлекеттик борборунда өткөрүлгөн экспертизалардын маалымдамасы (эскертүү.: азыр Мамлекеттик соттук-эксперттик кызмат) – Бишкек 2014.

тажрыйбасында кылмыш изине түшүүгө кириптер кылуучу ой-пикирлерди аныктоо үчүн тест сунушталды (контекст, оратор, ниет, мазмуну жана формасы, коомго тиешелүүлүгүнүн деңгээли, чакырыкты ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү). Эл аралык сот тажрыйбасында, тактап айтканда Адам Укуктары боюнча Европалык Сот (АУЕС) эксперттер тарабынан юридикалык баа берүү тажрыйбасын сынга алды жана бардык юридикалык суроолорду бир гана соттор чечүүсү керек, экспертизанын чечими чечим чыгаруу үчүн жеткиликтүү негиз болуп эсептелбейт деп баса белгиледи.

6. Соттор мындай иштерди кароодо бир гана КРнын Кылмыш-жаза кодексин жана КРнын Кылмыш-процесстик кодексин колдонушкан. Белгилей кетчү нерсе, КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча айрым учурларда кылмышты квалификациялоо жөнүндө корутундуларды чыгарууда тыюу салынган маалыматты сактоону жана таратуунун чектерип айырмалап, эки бөлүшкөн эмес.

Бардык изилденген өкүмдөрдө сот жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды белгилеп көрсөткөн. Соттолуп жаткан адамдын жоопкерчиликтерин жеңилдетүүчү жагдай катары көпчүлүк учурда кийинкидей жагдайлар каралган: жашаган же иштеген жеринен оң мүнөздөмө, жасаганына өкүнүү, күнөөсүн толук же жарым-жартылай моюнуна алуу, соттолуп жаткан адамдын мурда соттолбогондугу, багуусунда кичиекей балдарынын, улгайган ата-энесинин болуусу, соттолуп жаткан адамдын үй-бүлөсүнүн жалгыз багуучусу экендиги, жаш же улгайган жаш курак, кош бойлуулук, дайыма туруктуу жашаган жеринин болуусу.

Сот соттолуп жаткан аялдарга карата кечиримдүүлүк көрсөткөн жана эгер жашы жетелек өспүрүм балдары бар болсо, жазаны өтөө мөөнөтүн кийинкиге жылдырган, ошондой эле айрым учурларда 2 жылга сыноо мөөнөтү менен жазалоодон бошотуу жазаларын колдонгон.

7. Соттор тарабынан кабыл алынган өкүмдөрдүн ичинен (изилденген иштер боюнча) болгону 14%ы гана экинчи инстанцияга даттанылган. Баарынан көп КРнын КЖКсынын 299-2-беренеси боюнча иштер кайра даттанылган (83%). Экинчи инстанциядагы соттор биринчи инстанциядагы соттордун өкүмдөрүн көп учурларда өзгөртүшкөн, өзгөчө КРнын 299-2-беренеси боюнча өзгөртүшкөн жана 14% өкүмдөрдү кайрадан жаңы кароого жөнөтүп жокко чыгарышкан, бул болсо чыгарылган өкүмдөрдүн сапаттарынын анча жогору эмес экендиктеринен кабар берип турат.

Изилдөөнүн алкагында каралган иштердин болгону 3,8%ы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылган. КРнын Жогорку соту көпчүлүк учурда жергиликтүү соттордун сот актыларын күчүндө калтырышкан (63%), ал эми 5 даттануу боюнча сот актыларын жокко чыгарган жана кайрадан кароого жөнөткөн (26%).

8. Белгилей кетчү нерсе, бул изилдөөнүн алкагында сурамжылоого катышкан респонденттер тергөөнүн жүрүшү боюнча прокурордук көзөмөлдүн сапаты жана сотто мамлекеттик айыптоонун деңгээли жогору эмес экендигин белгилешти, бул дагы аныкталган бир мааниде сот адилеттигине жөнөтүүнүн сапатына таасирин тийгизет.

9. Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча чараларды көрүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ортосундагы өз ара аракеттенишүү системасы жаңы гана калыптануу процессинде жана анын көпчүлүк бөлүгү бир гана жетекчиликтер менен орто звенонун деңгээлинде ишке ашырылат (тергөөчүлөрдүн, түздөн түз аткаруучулардын), өз ара аракеттенишүү дээрлик жокко эсе.

Бул кырдаал балким, бир гана жетекчилик аркылуу өз ара аракеттенишүү тартиби калыптанып калганына байланыштуу болгондур, бирок мындай тартип терроризм жана экстремизм актылары менен аракеттерине байланыштуу пайда болгон кырдаалдарга өз убагында таасир этүүдө коркунучтарды пайда кылат.

# СУНУШТАМАЛАР

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунушталат:**

1. Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамына, анын жоболорун Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдерде жана макулдашууларда каралган басмырлоого каршы мамилелерге шайкеш келтирүү үчүн өзгөртүү киргизүү;
2. Кыргыз Республикасынын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» мыйзамына, «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамына, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү, акыркы эки мыйзамдын жоболорунан экстремисттик материалдарга экспертиза жүргүзө турган координациялык эксперттик комитетти түзүүнү караштырган ченемдерди алып салуу, ошондой эле диний экспертиза жүргүзүү зарылдыгы жөнүндө талапты алып салуу менен өзгөртүүлөрдү киргизүү. КРнын Өкмөтү бирдиктүү Соттук-эксперттик кызматты түзүү жөнүндө токтом кабыл алганына байланыштуу, жогоруда саналып өткөн экспертизаларды ушул кызматтын жүргүзүүсүн мыйзам чегинде ишке ашырууну туура деп эсептейбиз.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна сунушталат:**

1. Соттордун мыйзамды бир жактуу колдонуулары үчүн жана КРнын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун кабыл алуу үчүн терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча соттук тажрыйбаны жалпылаштыруу.
2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебине, терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча жүргүзүлүүчү экспертизалардын түрлөрү боюнча соттор, соттордун жардамчылары үчүн окутуу курсун даярдоо тапшырмасын берүү.
3. Соттор үчүн терроризмге жана экстремизмге байланыштуу иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү боюнча окутуу курсунун негизинде окутуу семинарын өткөрүү.
4. КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматка сот тарабынан экстремисттик деп таанылган материалдардын маалыматтык топтомун түзүүдө жардамдашуу.

**Жергиликтүү сотторго сунушталат:**

1. Экстремизм менен байланыштуу иштерди кароодо эксперттердин корутундуларынын сапаттарына көңүл буруу жана экспертизанын корутундусу менен айыпкердин өз күнөөсүн моюнга алуусуна гана негизделген иштердин материалдарына ишенбестик көрсөтүү.
2. Материал экстремисттик деп таанылган учурда соттун чечимин жана материалдын аталышын КРнын Юстиция министрлигине — жарыялоо үчүн жана материалды түздөн түз КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматка маалыматтар топтомуна киргизүү үчүн жөнөтүү.
3. Далилдердин жол берүүчүлүгүнө жана тиешелүүлүгүнө баа берүүдө дал ушул экспертизада текстти далил катары баалоодо, кылмыштын артынан түшүүгө тиешеси бар пикирлерди аныктоо боюнча Рабат планындагы сунуштамаларды көңүлгө алуу (контексти, оратор, ниети, мазмуну же формасы, коомго тиешелүүлүгүнүн деңгээли, чакырыкты ишке ашыруу мүмкүндүгү).
4. Соттук териштирүүнүн процесстик ченемдерин так сактоо. Сот процессинин катышуучуларынын процесстик ченемдерди бузууларына, анын ичинде

адвокаттардын өз укуктарынан кыянаттык менен пайдалануу учурларына өз убагында таасир этүү.

5. Өкүмдөрдү түзүүдө КРнын Жазык-процесстик кодексинин талаптарын так сактоо.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментине:**

1. Тергөө же сот стадиясында тартыла турган котормочулардын маалыматтар топтомун sot.kg ресурсунда жеткиликтүү боло тургандай кылып түзүү.
2. Котормочулардын ишмердүүлүктөрүнүн натыйжалуулугуна баа берүүгө жол ача турган, Котормочулардын жүрүм-турумунун стандарттарын даярдоо жана кабыл алуу.
3. Котормочулардын көрсөткөн кызматтарына КРнын Өкмөтү тарабынан бекитилген тариф боюнча сот системасынын бюджетинен төлөөнү караштыруу.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунушталат:**

1. Соттук экспертизаларды жүргүзүүнүн усулун жана так (катуу) аныкталган түзүм боюнча кагазга түшүрүүнү кенен сыпаттаган стандарттарды кабыл алуу жана КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматтын эксперттерин окутуу.
2. Эксперттердин көрсөткөн кызматтары үчүн сыйлык акыны жогорулатуу жаатында каржылык мүмкүнчүлүктөрдү издөө.
3. Террордук жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарды иликтөө боюнча Тергөөчүлөр менен ыкчам кызматкерлердин иштөө стандарттарын даярдоо жана кабыл алуу, ал стандарттардын негизинде тергөөчүлөрдүн ишмердүүлүктөрүнүн натыйжалуулугуна баа берүү иши аткарылгандай болуусу керек. Мындай иштерди иликтөөгө ыйгарым укуктуу укук коргоо органдарына, тергөөчүлөрдү жана ыкчам кызматкерлерди адистештирүүнү киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу.
4. ИИМдин академиясына же башка билим берүүчү мекемеге, жогоруда белгиленген Стандарттардын негизинде террордук жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарды изилдөөнүн өзгөчөлүктөрү боюнча тергөөчүлөр жана укук коргоо органдарынын ыкчам кызматкерлери үчүн окутуу курстарын даярдоо.
5. ИИМдин Академиясына же башка билим берүү мекемесине, терроризм жана экстремизм менен байланыштуу иштер боюнча жүргүзүлгөн экспертизалардын түрлөрү боюнча тергөөчүлөр жана укук коргоо органдарынын ыкчам кызматкерлери үчүн окутуу курсун даярдоо жана алар үчүн семинарларды уюштуруу.
6. КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматты кадрларды топтоо жана аларды окутуу менен артыкчылыктуу түрдө камсыз кылуу, өзбек тили чөйрөсүндөгү лингвистти жана психологду тартууга өзгөчө көңүл буруу аялдар менен иштөө үчүн аял адистерди алуунун жана даярдоонун маанилүүлүгү жөнүндө сунуштамага киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароо.
7. Мындай категориядагы иштерди иликтөө, бул кылмыштарга каршы аракеттерди көрүү процессине тартылган бардык Мамлекеттик органдардын ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүүсү боюнча жобону даярдоо жана кабыл алуу. Мамлекеттик органдардын ортосундагы өз ара аракеттенишүү аныкталган көйгөйлөрдү реалдуу чече турган, ачык, расмий, формалдуу

эмес, жыйынтыктуу болушу зарыл. Мындай өз ара аракеттенишүүнүн алкагында, бул категориядагы иштерди иликтөө боюнча ведомстволор аралык биргелешкен окутууларды караштыруу керек.

8. Шектүүлөргө, айыпкерлерге квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн стандарттарын даярдоо жана кабыл алуу. Стандарттар менен чогуу көрсөтүлгөн жардамдын натыйжалуулугуна баа берүүнүн так жана түшүнүктүү куралын, кайтарым байланыш механизми менен чогуу иштеп чыгуу (коргоого алынган адам, сот жана башка адамдар тарабынан). Стандарттын негизинде КРнын Адвокатурасы менен чогуу окутуу курсун даярдоо жана Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам системасынын адвокаттары үчүн окутуу семинарларын өткөрүү.
9. Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам системасына квалификациялуу адвокаттарды тартуу үчүн алардын кызмат көрсөтүү акысын жогорулатуу жана аларды өз убагында төлөө.
10. Жарандар үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү анык, так критерийлери менен чогуу экстремисттик материалдардын тизмесин түзүүнүн тартиби жөнүндө жобо кабыл алуу.
11. Адвокаттар тарабынан толук кандуу квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүүлүүсү үчүн шектүүлөр, айыпкерлер жана соттолуп жаткан адамдар менен сүйлөшүү бөлмөлөрүн (орундарды) жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүн издөө.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына сунушталат:**

1. Тергөөгө прокурордук көзөмөл жүргүзүүнүн, анын ичинде террордук жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштар боюнча прокурордук көзөмөл жүргүзүүнүн стандарттарын даярдоо. Бул документте мыйзам бузууга жол берген тергөөчүлөрдүн жана ыкчам кызматкерлердин, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине баа берүүнүн так нускамалары (багыттагыч) иштелип чыгуусу жана тиркелүүсү зарыл. Ушул стандарттардын негизинде прокурорлор үчүн окутуу курсун даярдоо жана окутуу семинарларын өткөрүү. Прокурорлор үчүн окутуу курсу соттор, адвокаттар жана тергөөчүлөр үчүн ушул сыяктуу окутуу курстары менен шайкеш келиши керек.
2. Терроризм жана экстремизм менен байланыштуу иштер боюнча жүргүзүлгөн экспертизалардын түрлөрү боюнча прокурорлор үчүн окутуу курсун даярдоо жана алар үчүн өткөрүү.
3. Соттордо мамлекеттик айыптоого колдоо көрсөтүүнүн стандарттарын, анын ичинде терроризм жана экстремизмге байланыштуу иштер боюнча мамлекеттик айыптоого колдоо көрсөтүүнүн стандарттарын иштеп чыгуу. Стандарттарда соттордо прокурорлор мамлекеттик айып тагуунун колдоочусу катары кызмат кылып жатышкан учурда жол берилбей турган жүрүм-турумунун мисалдары жазылуусу зарыл. Бул стандарттардын негизинде прокурорлор үчүн окутуу курсун даярдоо жана окутуу семинарларын өткөрүү.
4. Мындай иштер боюнча прокурордук көзөмөл жүргүзүүнүн натыйжалуулугун аныктоо максатында, акыркы эки жылдын ичинде террордук жана экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарды иликтеген тергөөчүлөргө жана укук коргоо органдарынын башка кызматкерлерине тиешелүү чыгарылган прокурордук таасир этүү актыларынын санына карата текшерүү жүргүзүү.

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына сунушталат:**

1. Шектүүлөргө, айыпкерлерге квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү стандарттарынын негизинде, КРнын Юстиция министрлиги менен биргеликте окутуу курсун даярдоо жана Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам системасынын адвокаттары үчүн окутуу семинарларын өткөрүү.

**Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборго сунушталат:**

1. Шектүүлөргө, айыпкерлерге Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбор менен түзмө түз сүйлөшүүнү караштырган, кыйноолор болгон учурда медициналык текшерүү жүргүзүүгө жөндөмдүү адистешкен медициналык эксперттердин иштөөсүнө жол берген мыйзам даярдоо жана учурда иштеп жаткан мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү.

# ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-ТИРКЕМЕ. ТЕРРОРИЗМГЕ ЖАНА ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ ПРОЦЕССТЕРИНИН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН ОЙ-ПИКИРЛЕРИНИН ОБЗОРУ

Бул изилдөөнү жүргүзүү усулунун негизинде тереңдетилген маектешүүлөрдү жүргүзүү жолу менен, терроризм жана экстремизмге байланыштуу кылмыштарды иликтөөгө жана соттук териштирүүлөргө катышкан ар түрдүү топтордун ой-пикирлери чогултулду.

Төмөндө мындай категориядагы кылмыш иштери боюнча айыпкер жарандардын укуктарын коргоону ишке ашырган соттордун, прокурорлордун, адвокаттардын, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин, улуттук коопсуздук органдарынын өкүлдөрүнөн, Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун, КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсмени), коммерциялык эмес уюмдардын (бейөкмөт уюмдардын) өкүлдөрүнөн турган адамдардын топторунун ой-пикирлери, ошондой эле бир соттолуучунун ой-пикири келтирилген.

**Соттор**

Терроризм жана экстремизм менен байланыштуу кылмыштар боюнча иштерди кароо тажрыйбасына ээ соттордун көбү, тергөө органдарынын иштеринде экспертизаларды өз убагында дайындабоо, айыпкерлерге формалдуу түрдө издөө жарыялангандан сырткары башка орой мыйзам бузууларды жолуктурушпайт.

Айып тагуучу негиз катары таянган далилдер катары соттор буларды белгилешти: күбөлөрдү суракка алуу, буюмдук далилдер, далилдерди алуу, экспертизалардын корутундулары. Кабыл алынган чечимдерде негиз катары каралган ишенимдүү далилдер экспертизалардын корутундулары болуп саналат.

Соттордун пикири боюнча, мындай иштердин категориялары үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган жазык мыйзамы коюлган талаптарга толугу менен жооп берет жана алардын айрымдары гана мыйзам кайра иштеп чыгууга муктаж деп белгилешти.

Эрежеге ылайык, камакка алынганда соттолуп жаткан адамдар залда колуна кишен салынып олтурушат. Соттор соттолуп жаткан адамдар тарабынан кыйноолор болуп жаткандыгы жөнүндө айтып даттанган учурлар болбогонун айтышат, эгер болсо прокурорго же соттук-медициналык экспертизага жиберишмек.

Соттолуп жаткан адамдын соттук териштирүү учурундагы котормочу алууга болгон укугу толугу менен ишке ашырылат жана бул жаатта көйгөй пайда болбойт.

Прокурорлор жыйындарга келбей коюшкан учурлар көп болот жана процесстерге начар даярданышат. Алар тергөөгө көзөмөл жүргүзүүнү жана мамлекеттик айыптоочу иш-милдеттерин жетишсиз түрдө, формалдуу гана ишке ашырышат деп эсептешет соттор.

Соттор иштердин мындай категорияларын кароодо соттордун ишмердүүлүктөрүн жакшыртуу үчүн коңшу өлкөлөрдүн тажрыйбаларын иликтөө боюнча иш-чараларга, эксперттердин катышуусу менен тренингдерге жана семинарларга, тегерек үстөлдөргө сот тажрыйбаларын жалпылаштырууну жүргүзүүнү сунушташты.

Соттордун көбү экспертиза тергөө стадиясында дайындалышы керек деп эсептешет. Экспертизалардын корутундуларынын сапаттары талаптарга жооп бербейт. Экспертизанын корутундусу сотту канааттандырбаган учурда, ал далилдерге баа берүүдө жана иш боюнча чечимдерди кабыл алууда аны эске албайт. Соттордун көбү алардын тажрыйбаларында өкүм чыгарууда бир гана экспертизанын корутундуларына негизделген учурлар болгонун баса белгилешти.

Терроризмдин жана экстремизмдин алдын алууда, бул көрүнүштөрдүн мааниси менен мазмунунун, анын зыяндарын түшүндүрүү боюнча соттордун пресс-катчыларынын ролун жогорулатуу, сотторго бир гана мыйзамга негизделген мыйзамдуу чечимдерди кабыл алуу сунушталды.

**Прокуратура органдарынын өкүлдөрү**

Изилдөө процессинде сурамжылоого катышкан прокурорлор тергөө учурундагы көп орун ала турган мыйзам бузуу катары, тергөөчүнүн шектүү менен анын адвокатын экспертизалардын корутундулары менен өз убагында тааныштырбоосун белгилешти. Адатта абдан кечиктирип тааныштырышат. Көпчүлүк учурда тергөөчүлөр жана шектүүлөрдүн адвокаттары сүйлөшүп алышат, ошондуктан көптөгөн шектүүлөр аларга ишенишпейт, алардын кызматтарынан баш тартышат. Айрым шектүүлөр динге терең берилгендер, алардын башына түшкөн мындай кырдаал «кудайдын сыноосу», ага адвокат жардам бере албайт деп эсептешет.

Прокурорлордун пикири боюнча, тергөө органдары тергөөнүн мөөнөттөрүн сактоого аракет кылышат жана аларда тергөөнүн жүрүшүнө көзөмөл кылууда кандайдыр бир көйгөйлөр пайда болбойт. Соттук териштирүү стадиясында мамлекеттик айып тагуу иш-милдетин ишке ашырууда күбөлөрдүн катышуусун камсыз кылуу көйгөйлөрү пайда болот (адатта кошуналардын), алар соттолуучуларды өзгөчө коркунучтуу кылмышкер деп эсептешет жана ушундан улам көрсөтмө берүүдөн коркушат.

Кылмыш ишиндеги көрсөтүлгөн материалдардын сапатына бардык учурда эле канааттана беришпейт, себеби экстремизм менен байланыштуу иштер боюнча эксперттер аз. Адатта мындай корутундуларды КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын адистери жана эксперт Кадыр Маликов берет. Тергөөчүлөр мындай иштер боюнча экспертизаны дароо эле дайындашат жана эксперттер дагы тергөөчү тарабынан коюлган суроолорго толугу менен жооп беришет. Көпчүлүк учурда экспертиза жүргүзүү үчүн материалдарды аймактардан Бишкекке алып келишет. Улуттук коопсуздук мамкеттик комитетинде адистер – дин таануучулар, теологдор бар, алар материалдардын мазмундарын аныктай алышат, андан соң баары бир көз карандысыз экспертиза дайындашат.

Прокурорлор мындай адистерге зарылчылык прокуратура органдарында дагы бар экендигин белгилешти.

Эгер жүргүзүлгөн экспертизалар боюнча суроолор пайда болсо, комиссиялык экспертиза дайындалат. Прокурорлор бул чөйрөдөгү эксперттердин квалификацияларын жогорулатуу зарылдыгы бар экенин баса белгилешти.

Прокурорлор соттолуучулардын адвокат алууга карата укуктары толук кандуу ишке ашырылып жатат деп эсептешет. Убактылуу кармоо изоляторундагы (УКИ), тергөө изоляторундагы (ТИ), түзөтүү колониясындагы (ТК) шарттар шектүүлөрдүн, айыпкерлердин адвокаттар менен толук кандуу сүйлөшүүлөрүнө жол ачат. Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам түзүмү боюнча тартылган адвокаттардын кесипкөйлүк иш билгиликтеринин деңгээли жетишерлик деңгээлде жогору.

Аларга адатта кармоо, сотко чейинки өндүрүш стадиясында кайрылышат, бирок соттук териштирүү стадиясында жеке адвокаттарды жалдашат.

Шектүүлөргө, айыпкерлерге ырайымсыз мамиле кылуу боюнча прокурорлор, учурда иштеп жаткан система мындай кайрылууларды жеткиликтүү деңгээлде аныктай алат деп эсептешет (ишке тиркөөгө боло турган Убактылуу кармоо изоляторлорундагы журналдардын болушу, дене бойлук зыяндар жөнүндө тастыктама толтуруу ж.б.)

Шектүүлөрдүн айыпкерлердин котормочу алууга карата укугу дагы толук кандуу сакталууда. Эгер котормочу тергөө стадиясында берилбегендиги аныкталса, анда кылмыш ишинин материалдары кайрадан тергөөгө жөнөтүлөт. Соттук териштирүү учурунда котормочу жок болсо, соттук жыйын артка жылдырылат жана тергөөчүгө котормочу табуу тапшырмасы берилет. Котормонун деңгээлин баалоо татаал, бирок котормочуга калп котормо берүүдөгү жоопкерчилик жөнүндө эскертүү берилет, андан соң бир гана ага ишенүү калат.

Иштерди соттордо кароонун мөөнөттөрү созулушу мүмкүн жана мындай созулууларга соттолуп жаткан адамдардын адвокаттары тарабынан созуу (ооруп калуу) адвокат менен макулдашып алып аны алмаштырышат, же болбосо ишти арачылардын катышуусу менен жүргүзүү жөнүндө өтүнмө келтиришет. Ошондой эле, дагы бир себеби эксперттердин жоктугу, сапатсыз экспертиза жүргүзүү болуп эсептелет.

Прокурорлордун пикири боюнча, бул чөйрөдөгү мыйзамды катаалдаштыруу зарыл.

> *«Мамлекеттик органдардын ортосунда байланыш жана координация бар. Ар бир орган толук кандуу иштеп жатат. Адвокаттарда Стокгольм синдрому иштейт, алар чоң роль ойношот. Коомчулукка кесипкөйлүксүз жол менен ойношот. Көпчүлүк учурда алар ортомчулар катары чуркашат. Мындай кылмыштардын алдын алууну жергиликтүү администрацияларга берүү зарыл. Прокуратура фактылар менен иштейт. Тажрыйбада мындай иштер боюнча соттолуп жаткан адам оңолгону же өкүнгөнү эч качан болгон эмес, ошондуктан Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы бул категорияны башкалардан өзүнчө кармоонун үстүндө иштөөлөрү керек, себеби булар бир камерада чогуу олтургандарды вербовкалашат.*
>
> *Прокуратура органынын кызматкерлеринин маектеринен.*

**Ички иштер органдарынын өкүлдөрү**

Тергөө органдарынын өкүлдөрү менен сурамжылоо жүргүзгөндө, алар терроризм жана экстремизм менен байланыштуу иштерди иликтөөдө процесстик мыйзам бузуулар жок деп жооп беришти. Алардын пикирлери боюнча, айрым окуяларда соттолгон адамдар адвокаттын кызматынан баш тартышат, муну болсо өздөрүнүн диний ишенимдери менен негиздешет, ошондуктан тергөөчүлөргө Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча адвокаттарды чакырууга туура келет. Айыпкерлер диний ишенимдерди жана идеологияны карманышат, Кыргызстанда мыйзамдар иштебейт деп эсептешет жана алар үчүн шариаттын мыйзамдары идеология дагы, мыйзам дагы болуп саналат.

Тергөө стадиясында процесстик мыйзам бузуулар жок, бирок кээде өткөрүлгөн материалдар экстремизмге тиешеси жок, а бирок тергөөчүлөр үйүн тинтүү өндүрүшүнө чыгып алышкан жана материалдар алынып калган учурлар болуп калат. Бир жолу тергөөчүлөр 11 үйгө тинтүү жүргүзүү санкциясын алып, алардын ичинен 7 үйдөн экстремисттик мүнөздөгү материалдарды табышкан. Тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн негиз катары шектүүлөрдүн аккаунттары кызмат кылат.

ИИОнун кызматкерлеринин пикирлери боюнча, мындай иштерди иликтешкен ИИОнун кызматкерлери атайын таанымдарга ээ эмес: суракка алууда суроолорду туура эмес беришет, диний терминдерди билишпейт, материалдардын мазмунун чечмелей алышпайт. Ушуга байланыштуу, алар тергөөчүлөр менен ыкчам кызматкерлер үчүн мындай иштердин категориялары боюнча суроолорду берүү так көрсөтүлгөн нускаманы даярдоону сунушташты.

ИИОнун кызматкерлеринин пикирлери боюнча, тергөөчүлөрдүн аларга ыкчам кызматкерлер тарабынан өткөрүлгөн материалдардын мазмундарын түшүнүшпөгөндүктөрүнөн улам, алар көп учурда кылмыш ишин козгоодон баш тартышкан, бул болсо ыкчам кызматкерлердин иштердин мындай категорияларын изилдөөгө карата шыктанууларын төмөндөткөн.

Адатта тергөө мөөнөттөрү созулуп кетет. Созулуу эгер ыкчам кызматкерлер кылдат тинтүү жүргүзүшпөгөн учурларда жана алар көбү иштин материалдарына тиешеси жок көптөгөн материалдарды алган учурда орун алат, бирок аларды буюмдук далилдер катары жазып коюшат (CD дисктер — кинотасмалар, мультфильмдер, китептер, брошюралар, башка материалдар). Бул материалдардын ичинен зарылдарын аныктап чыгуу үчүн аларды талдап жана териштирип, иликтеп чыкканга көп убакыт талап кылынат. Бул материалдардын баары экспертизага жөнөтүлөт, ал жактан алар экспертизадан өтмөйүнчө дагы бир топ убакыт кармалышы мүмкүн. Мыйзам бузуулар негизинен чапталган буюмдук далилдерди «тиккен», тиркеп койгон ыкчам кызматкерлер менен байланыштуу. Мына ушуга байланыштуу сунуштама берилди: тергөөчү кылдаттык, тактык менен бир гана экстремисттик мүнөздөгү материалдарды өткөрүүгө жол бериши керек, муну менен катар ыкчам кызматкерлерге инструктаж берүү үчүн ал өзү окутуудан өткөн иш билги болушу зарыл.

ИИОнун кызматкерлеринин пикирлери боюнча, прокурорлор мыйзамдын сакталышына түртүшөт жана мматериалды тиешелүү органдарга жөнөтүшөт, бирок мындай категориядагы иштер боюнча мамлекеттик айып тагууда сотторго даярданбай келишет (ишти карап дагы коюшпай, кээде ал тургай ишти ачып көрүшпөй дагы), тергөөчү менен макул болушат ж.б.

ИИОнун кызматкерлери аялдар дагы катышкан мындай иштерди иликтөөдө, аларга анча чоң эмес кечирим бериле тургандыгын айтышты.

> *«Мисалы, биз бир ишти алып бардык, бир эркек адамдын эки аялы бар экен. Экстремисттик материалдарды жайылткандыгы үчүн жоопко тартылышкан. Эркек адам 7 жылга эркинен ажыратылды. Аялдары дагы жайылткандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылышты. Адамдардын тобу катары соттолушту. Балдарын эске алуу менен бирөөнө шарттуу мөөнөт, экинчисине – мөөнөт берилди».*
>
> *ИИОнун кызматкерлеринин маектеринен*

Мындай иштер боюнча далилдерди чогултууда кыйынчылыктар катары, алар санкция бар болсо дагы шектүүлөрдүн үйлөрүнө киргизбегендиктерин айтышты.

Тергөө учурунда коргоого ээ болуу укугу толугу менен сакталат. Шектүү адвокат чакырат, эгер ал адвокат жалдай албаган учурда, тергөө органдары тарабынан Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча адвокаттар чакырылат. Бирок, алар 3-7 сааттын ичинде келишет. Ошондой эле, «Бир дүйнө» мамлекеттик эмес уюмунан шектүүлөрдү коргогон адистешкен адвокаттар дагы иштешет. Убактылуу кармоочу изоляторлордо жана тергөө изоляторунда адвокаттар менен сүйлөшүү бөлмөлөрү бар.

ИИОнун кызматкерлеринин пикирлери боюнча, кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден эркин болуу укугу толук кандуу ишке ашырылат. Шектүүнүн, айыпкердин мамлекеттик жана расмий тилдерде сүйлөгөн котормочуга карата укуктарынын ишке ашырылуусунда көйгөй деле жаралбайт. Бирок, бул тилдерди билбеген жарандар боюнча көйгөйлөр бар. ИИОнун кызматкерлеринин пикирлери боюнча, мурда мындай котормочулар билим берүү мекемелеринде бар болсо чакырылышчу, азыр болсо жөн гана тил билген адамдар тартылууда.

> *«Келгенде дароо кайсы тилде көрсөтмө бере тургандыгын сурайбыз. Айыпкер кайсы тилди тандаса, суракка алуу ошол тилде жүргүзүлөт. Тергөөдө котормочулук кызматтарды аткара турган милдеттүү түрдөгү котормочулар жок. Кээде орус тилинен кыргыз тилине которуп берүүлөрү үчүн университеттерге кайрылабыз».*
>
> *ИИОнун кызматкерлеринин маектеринен*

ИИОнун кызматкерлеринин пикирлери боюнча, соттор өкүмдөрдү кабыл алууда мурда күмөн санашчу, экспертизага жөнөтүшчү, азыр бул сейрек көрүнүш болуп калды. Соттор соттолуп жаткан адамдарды кыйынчылык менен акташат.

Бишкек ш. тергөө органдарында экспертиза жүргүзүүдө өзгөчө көйгөйлөр жаралбайт, аймактарда болсо кыйынчылыктар жаралат. Мындай учурларда жумушчу топтор түзүлөт, негизинен тажрыйбасы жок адистер, бир гана ишке тиешелүү материалдарды текшерүү керек деген консультацияларды беришет. Экспертизаларсыз далилдер болбойт. ИИОнун кызматкеринин пикири боюнча түштүк облустарда теологиялык экспертизаны эч качан сурашкан эмес, эксперт жок, ОшМУда лингвистикалык экспертиза калган, калганын Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматка беришкен. Алардын эксперттери экспертиза жүргүзүүдөн баш тарткан окуяга туш болгондо таң калышкан, себеби ДИМК эксперттери менен мындай көйгөй жаралган эмес. Эксперттер материалдар алар билбеген башка тилдерде болгондо же электрондук сактагычтар ачылбай койгон учурларда баш тартышат. Мындай учурда техникалык адис чакырылат.

Кээде корутундулар материалдар экстремисттик же андай эмес деген эки гана сөз менен берилет, бирок коюлган суроолорго китептерге же илимий адабияттарга шилтеме келтирүү менен толук, кенен чечмеленген, негиздүү корутундулар керек.

Сунуштама катары мындай иштердин категориялары боюнча окутуу модулдарын иштеп чыгуу жана атайын семинарларды, окутуу тренингдерин өткөрүү сунушталды. Укук коргоо органдары системасында башка ишке өткөндүгүнө же кызмат ордунан жогорулагандыгына байланыштуу адистердин бат-баттан алмашуусу абдан жогору, ошондуктан дайыма квалификациясын жогорулатуу керек.

Татаалдык экстремисттик материалдардын адамдын жүрүм-турумуна жана психикасына тийгизген таасирин аныктай турган психологду издөөдө пайда болот. Мындай учурларда бул эксперттерди издөө жүрөт, Саламаттыкты сактоо министрлигине, саламаттыкты сактоо уюмдарына жана мекемелерине – психиатрия бөлүмдөрүнө кайрылуу жөнөтүлөт. Мындай категориядагы адистердин жетишсиздигинен улам иштерди кароо кечеңдейт. Мына ушуга байланыштуу, бул багыттагы адистер, психологдор менен камсыз кылуу сунушу берилди.

Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттешүүнү жакшыртуу үчүн ИИОнун кызматкерлери мындай категориядагы иштер боюнча ИИОнун кызматкерлерине окутуу өткөрүүнү сунушташты; укук коргоо органдарынын ортосунда соттук текшерүүдө болгондугун аныктоо маалымат алмашууну ишке ашыруу (бир эле иш боюнча УКМК-га барууга туура келет) – ким биринчи каттаса, кылмышты ошол иликтейт.

Жаңы мыйзам эскисинен дагы татаал, себеби экстремисттик материалдарды тараткандыгы үчүн гана жоопкерчиликке тартылат. Тергөөнүн оордугу мындай материалдарды тараткандыгын далилдөөдө болуп эсептелет.

**Улуттук коопсуздук органдарынын өкүлдөрү**

Улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлеринин пикирлери боюнча, тергөөнүн айрым стадияларында адвокаттар тергөө иш-чараларын жүргүзүүгө дээрлик катышышпайт жана аларды өздөрү жүргүзө берүүнү суранышат, анан кечирээк бардык документтерге кол коюшат.

Биринчи суракка алууга күбө катары чакырган туура эмес тажрыйба бар, андан кийин айып тагылат жана ушундан соң гана адвокат чакырылат.

Процесстик мыйзам бузуулар процесстин катышуучулары тарабынан бөгөт коюу чарасын тандоодо жасалат. УКМКнын кызматкерлеринин пикирлери боюнча, эгер сот актоочу өкүм кабыл алган учурда, тергөөчүлөрдүн жоопкерчиликтерин киргизүү зарыл. Бул сот адилеттиги системасында, тергөөчү бардык учурда эле камакка алуу бөгөт коюу чарасын талап кылмак эмес жана ар бир козголгон кылмыш ишин сотко жөнөтмөк эмес.

УКМК тарабынан тергөөнүн мөөнөтүн кечиктирип созуунун себептери экспертизанын корутундуларын күтүү болуп эсептелет.

> *«Тергөөчүлөрдүн жүгү чоң. Мисалы, экспертиза үчүн Каракол шаарынын борборуна баруу керек, ал эми кылмыш мисалы, Балыкчыда болгон. Өз эсебинен бензин куюу зарыл. Ошондуктан, бир жолу барганда баарын бүтүрүп келүү үчүн бир нече ишти чогултасың.*
>
> *Жарандыгын аныктоо үчүн суроо талаптарга чет мамлекеттерден жооптор көпкө чейин келет (Өзбекстан, Казахстан, Тажикстан)».*
>
> *УКМКнын кызматкеринин маегинен*

Прокурорлор тарабынан көзөмөлдөөнүн деңгээли жетишсиз. Тергөөчү көпчүлүк учурда бийлигинен кыянаттык менен пайдаланган прокурор менен байланыштуу жана ага көз каранды. Прокурорлордун квалификациясын жогорулатуу системасы начар болгондуктан, алардын кесипкөйлүк иш-билгилигинин деңгээли анчалык жогору болбогондугу өздөрүнүн көзөмөлдөө иш-милдеттерин толук кандуу аткарууларына жол бербей жатат.

Көпчүлүк учурда алар үчүн корутундуларды тергөөчүлөр өздөрү жазышат жана аларды кылмыш иши менен чогуу прокурорлорго өткөрүп беришет. Эгер прокурорго жакпай калса, кылмыш ишиндеги анча маанилүү эмес жетишпестиктер үчүн кайра тергөөгө жөнөтүшөт, ал эми тергөөчүнүн ишиндеги бул кемчиликтер болсо, ишти тергөөнүн мөөнөтүн дагы созот.

Прокурорлор мамлекеттик айып тагууну жарыялоодо дагы жетиштүү деңгээлдеги потенциалга жана кадыр-баркка ээ эмес.

Мындай иштердин категориялары боюнча, чет мамлекеттердин катышуусундагы далилдерди чогултуу боюнча айрым бир кыйынчылыктар бар.

Адвокат алуу укугу жеткиликтүү деңгээлде ишке ашырылууда. Тергөө жана сот стадиясында адвокат дайыма катышат, бирок анын адистик иш билгилиги боюнча суроолор жаралат. Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча көптөгөн адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрү натыйжалуу эмес.

*«Адвокаттарды тартуу боюнча тажрыйбам бар, алар алсыз жана өз кесибине берилип иштешпейт. Чет жакта эле олтуруп турушат, кайсы жерге керек болсо кол коюшат, анан кетишет».*

*«Жеке адвокат акча үчүн кармашат. Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча адвокат антпейт. Ар бир жеңилип калган иш кадыр-баркка жана аты-жөнүнө таасирин тийгизиши мүмкүн. Кылмыш, жарандык жана башка иштер боюнча адистештирүү керек».*

*УКМКнын кызматкеринин маегинен*

УКМКнын кызматкерлеринин пикирлери боюнча Убактылуу кармоо изоляторлорундагы адвокаттар менен сүйлөшүү үчүн шарттар стандарттарга жооп бербейт. Адвокат өзүнүн коргоосундагы адам менен иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Мындай имараттарды куруунун стандарттары сакталган эмес. Кармоо стандарттары дагы сакталбайт.

Кыйноолор жөнүндө арызданган учурларда, тергөөчүлөр мындай кайрылууларды дайыма четке кагышат. Ошондуктан, соттолуучулар көпчүлүк учурда бул жөнүндө сот залындагы териштирүү учурунда айтышат, бирок эрежеге ылайык кеч, кыйноолордун издери жок болуп кеткен, далилдөө татаал. Мына ушуга байланыштуу, айыпкердин Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборго түз кайрылуусун камсыздоо жаатындагы ишти жөнгө салуу сунушталды, ага ылайык кыйноолор болгон учурда медициналык текшерүү жүргүзүүгө жөндөмдүү адистешкен медициналык эксперттер иштеп башташмак.

Котормочуга ээ болуу укугу боюнча өзгөчө көйгөйлөр деле жок, бирок түштүк тарапта, кыргыздар орусча билбеген жерлерде көйгөйлөр жаралат. Котормо окуу жайлардын эсебинен камсыз кылынат, ЖОЖдордун окутуучуларын котормочу болууга мажбурлашат. Сунуштама катары жеке компаниялардан котормочуларды жалдоо үчүн республикалык бюджеттен эмгек акы караштыруу сунушталды.

Экспертизаны жүргүзүүдө айрым көйгөйлөр пайда болот. Тергөөчүлөр эксперттердин алдында изилдөөчү суроолорду бере алышпайт, экспертизалардын түрлөрүн жана илимди айырмалай алышпайт. УКМКнын кызматкеринин пикири боюнча, тергөөчү бир гана эксперттин корутундусуна таянат. Эгер ал тиешеси бар деп чыкса, анда ал үчүн башка далилдерди чогултуунун зарылчылыгы жок, ал ишти сотко берет. Эксперттин терс жообун алган учурларда, анда кылмыш иши козголбойт. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия артыкчылыктуу түрдө өз кызматкерин эксперт катары таанышкан жана эксперттик корутундуларды беришкен.

Эксперттер башка иштери көп болгондуктан экспертиза жүргүзүүдөн баш тарткан учурлар болгон, ошондой эле коркуу себебинен удам дагы баш тартышкан, себеби эксперттерди коргоо системасы жок, демек алардын көз карандысыздыгы дагы корголбойт. Ошондуктан, эгер шектүүлөр Ош шаарында болсо, кандайдыр бир деңгээлде аларды коргоо үчүн дагы экспертизадан өткөрүү үчүн Бишкекке жөнөтүшкөн. Түзүлгөн жаңы эксперттик түзүм кырдаалды түп тамырынан бери өзгөртүшү зарыл.

Мыйзамды бир жактуу колдонуу тажрыйбасы үчүн КРнын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун кабыл алуу сунушталды. КРнын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамын КРнын Жазык кодексине шайкеш келтирүү зарыл. Экстремисттик деп аталган материалдардын сапаттуу тизмесин түзүү керек.

ЖОЖдордогу «кылмыш таануу» (криминалистика) сабагына экстремисттик материалдарга экспертиза жүргүзүү боюнча окутуу киргизүү керек. Көбүрөөк тажрыйбалуу кызматкерлер жаштарды экстремисттик материалдарды кантип чечмелөө

керек экендигине окутуулары зарыл. Кесипкөй юристтердин окуу борборлорун мазмундуу толтурууну жана окутуучулар курамын жакшыртуу, материалдык-техникалык базасын күчтөндүрүү.

Соттор тергөөнүн каталарын көрсөтүүлөрү керек жана тергөөчүлөр жазаланышы зарыл. Мындай категориядагы иштерди иликтөөдө ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү боюнча өзүнчө нускаманы иштеп чыгуу зарыл. Мындай категориядагы иштерди иликтөө боюнча биргелешкен ведомстволор аралык окутуу өткөрүү керек. Бул суроо боюнча координациялоочу орган түзүү зарыл, КРнын Өкмөтүнүн Аппараты боло албайт, себеби УКМК КРнын Өкмөтүнө баш ийбейт, анткени КРнын Президенти тарабынан дайындалат. Эрежеге ылайык, ишти бул чөйрөдө анализ жүргүзбөгөн жалпы юрисдикциядагы тергөөчүлөр алып барышат, бул болсо тергөөчүлөрдү адистештирүүнү киргизүү зарылчылыгынан кабар берип турат. Ошондой эле, тергөөчүлөрдүн сапаттуу иштөөлөрү үчүн айрым көрсөткүчтөр ачык болушу керек, алар статистика, аналитика окутуучу маалымат ж.б.

**Кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борбордун өкүлдөрү (КАУБ)**

Терроризм жана экстремизм менен байланыштуу иштерди иликтөөдө көп орун алган процесстик мыйзам бузуулардын бири шектүүнү кармоонун мөөнөттөрүн бузуу (реалдуу кармоо эртең менен болгон, а кечинде деп көрсөтөт, же болбосо бир суткадан кийин ж.б.), соттук-медициналык экспертизаны жүргүзүүнүн мөөнөттөрүн бузуу болуп эсептелет (убакыт өтүп кеткендиктен дене бойлук таасир көрсөтүүлөрдүн издери калбай калат).

Мындай иштердин категориясы боюнча соттук териштирүү стадиясында Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча тартылган адвокаттардын коргоосу жаатында алсыздыкка жол берилет. Алар көпчүлүк учурда өздөрү коргоп жаткан кардарларын сапаттуу коргоого кызыкдар эмес. Прокурорлор болсо, кыйноолорду жасаган адамдардын позициясын колдошот, себеби «ал (айыпкер) буга татыктуу» деп ойлошот.

> *«Тергөөчүнүн иши тескери кетпөөсү үчүн алар прокурор менен чогуу бир түймөнү токушат жана албетте сот процесси убагында кыйноолор колдонулгандыгы боюнча арыз берүүчү ИИОнун кызматкерлерине каршы жалган көрсөтмөлөрдү берет».*
>
> *КАУБ кызматкерлеринин маегинен*

Кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борборунун кызматкерлеринин пикирлери боюнча, тергөөнү созуунун объективдүү себептери ИИО органдарындагы жумуштун абдан көптүгү, ошондой эле кызматкерлердин өз милдеттерине кайдыгер мамилелери, алардын кесиптик иш билгиликтеринин деңгээлинин төмөндүгү болуп эсептелет.

Эгерде прокурордун кызыкчылыгы бар болсо, же болбосо бул бийликтеги түзүмдөргө керек болсо, прокурорлор мамлекеттик айыптоочу катары өз ишин жакшы аткарышат, башка учурларда болсо прокурорлор мыйзамды жактоодогу туруктуулукту көрсөтүшпөйт.

Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун кызматкерлеринин пикири боюнча, аялдардын катышуусундагы мындай кылмыштарды иликтөөдө аларга карата мамиле адаттагыга караганда катуураак болгон. Тергөөчүлөр аял баласы менен үйдө олтурса болмок да деп ойлошот, ошондуктан аларга кечиримдүүлүк көрсөтүшпөйт.

Тергөө тарабынан табылган далилдердин сапаты бул жааттагы иштердин сапатын жакшыртуу тилегин пайда кылат, алар сотто күмөн жаратышы мүмкүн.

*«Сиз мындай категориядагы КИ боюнча ИИО жана УКМК тергөөчүлөрү тарабынан табылган далилдердин жана чогултулган материалдардын сапатына канааттанасызбы» - деген суроого КАУБ кызматкери мындай деп жооп берди: «Канааттанбайм, мисалы, жаш жигит КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси менен кармалды (экстремисттик материалдарды сактоо), аны терезеге жакын алып келип аялын көрсөтөт, алардын болсо эмчектеги баласы бар, бир топ убакыттан кийин ал аялымды коё бергиле, үйдө бала бар деген, алар болсо ага анда мойнуңа ал, аялыңды бошотобуз дешкен, ошентип ал мойнуна алган».*

Тергөө стадиясында шектүүлөрдү, айыпкерлерди коргоо укугу формалдуу түрдө ишке ашырылууда. Адвокаттар тергөөчүлөр менен тыгыз байланышта экендигин эске алганда иштердин жарымында жакшы коргоо болгон жок. Соттук териштирүү стадиясында соттор дайыма адвокаттардын катышуусун талап кылат. Убактылуу кармоочу изоляторлордо, тергөө изоляторлорунда жана түзөтүү колонияларында соттолуучулар менен сүйлөшүү үчүн шарттарды нормалдуу деп эсептейт. Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча иштеген адвокаттардын көрсөткөн кызматтарынын сапаты боюнча даттануулар келип түшкөн жана алардын негизги мааниси мындай, адвокаттар тергөөчү айкандардын баарын угушат жана алардын укуктарын тиешелүү деңгээлде коргой алышпайт.

Соттолуп жаткан адамдар жана соттолгон адамдар алар менен оозеки сүйлөшүү учурунда аларга карата кыйноолор жасалгандыгы жөнүндө айтышкан, бирок аларды жазуу жүзүндө тастыктагандан коркушкан. Мындай баш тартуунун негизги себеби, тергөө изоляторлорунун, түзөтүү колонияларынын кызматкерлеринин өздөрүнө карата мамилелерин начарлатып алуу болуп саналат. Кыйноолор жөнүндө даттануулар адатта ыкчам кызматкерлерге карата дагы түшөт.

Кыйноолор жөнүндө арыздар түшкөн учурда КАУБдун кызматкерлери аларды дароо прокуратура органдарына жөнөтүшөт, андан ары ошол жактан алардын кыймылын көзөмөлдөшөт. КАУБ бардык мындай окуяларды КРнын Жогорку Кеңешиндеги өзүнүн баяндамасында ачык айтышат.

Котормочуга карата укук толук кандуу ишке ашырылууда. Соттук териштирүү стадиясында квалификациялуу экспертиза, дин жана теология жөнүндө адвокаттардын, тергөөчүлөрдүн жана прокурорлордун билим деңгээлдеринин тиешелүү деңгээлде жетиштүүлүгү жөнүндө суроолор жаралат. Соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрү негизинен күбөлөрдүн, адвокаттардын, прокурорлордун келбегендиктеринен улам создуктурулуп кечиктирилген. Соттук териштирүүлөрдү жакшыртуу боюнча сунуштамалар катары КАУБ кызматкерлери сотторго эч коркпостон мыйзамды колдонууну, көбүрөөк көз карандысыз болууну жана процесстин катышуучулары тарабынан процесстик ченемдерди бузуулар орун алганда – алардын аткарылышын талап кылууну сунушташты.

Мындай категориядагы иштер менен иш алып барууда органдардын, уюмдардын, мекемелердин, эксперттердин ортосундагы өз ара аракеттенишүүдө көйгөйлөр барбы деген суроого КАУБдун кызматкерлери, КАУБ менен ИИОнун, прокуратура органдарынын, УКМКнын ортосундагы өз ара аракеттенишүү бир гана жетекчиликтин деңгээлинде ишке ашырылып жатат, ал эми кызматкерлердин деңгээлинде кызматташтык жок деп жооп беришти. Ошондуктан бул жаатта сунуштама катары саналып өткөн органдардын кызматкерлерине далилдердин интеллектуалдык усулдарын – күнөөсүн илимий усулдар менен далилдөөнү көбүрөөк колдонуу; укук коргоо органдарынын ар бир кызматкери ал мамлекеттин жүзүн алып жүргөндүгү жана өз жоопкерчилигин сезүүсү керек экендиги сунушталды. Мамлекеттик органдардын ортосундагы өз ара

аракеттешүү ачык, расмий, жыйынтыктуу, көйгөйлөрдү реалдуу түрдө чече тургандай болуусу зарыл.

**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлдөрү**

Көпчүлүк даттануулар мындай категориядагы иштерди иликтеген, тинтүү үчүн үйгө жулунуп кирип келген, кармаганга чейин эле аңдууну уюштурган, алардын үйлөрүнүн жанында олтура беришкен, маалыматтарды социалдык түйүндөрдөн ж.б. чогулткан ИИОнун жана УКМКнын кызматкерлеринин аракеттерине карата келип түшөт. Ошондой эле, даттануулар тергөө убагындагы кармоо шарттары боюнча дагы келип түшөт – начар тамактануу, керебеттердин жоктугу, таза абада аз болуу, туугандары менен жолугуунун мүмкүн эместиги, камераларда адамдардын ашыкча көптүгү, көк жыттануу ж.б. Соттук териштирүү стадиясында болсо, соттолгон адамдардан негизинен соттун өкүмү менен, камоо мөөнөтүнө, иштин жасалма токулушуна макул болбоо сыяктуу даттануулар келип түшөт. Баарынан көп даттануулар СИЗО №1 келип түшөт, андан кийин №27 колониядан келет.

Даттанууларга таасир этүү чаралары катары Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери 14 күндүн ичинде ал жерге барышат, эгер даттануу тастыкталса жана башка укук бузуулар катталса, чара көрүү үчүн прокуратурага даттануу жөнөтөт, соттук жыйындарга катышышат.

Соттук териштирүү стадиясында экспертизалардын сапатына байланыштуу суроолор жаралат. Ар түрдүү чөйрөдөгү эксперттердин жетишсиздигинен улам, жүргүзүү мөөнөттөрү абдан узун. Дал мына ушул соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүнүн созулуп кечиктирилүүсүнө алып келет. Акыйкатчынын кызматкерлеринин көз караштары боюнча, соттор адам биринчи жолу жаңылуусу мүмкүн экендигин эске албастан, мындай кылмыштар боюнча катаал чараларды кабыл алып жатышат. Мындай өкүмдөр аларды жазаларын рецидивисттер менен өтөөгө мажбур кылууда, бул болсо алар менен «баарлашып» эркиндикке чыккандан кийин башкача таш боор болуп калуусуна алып келет. Соттор эксперттик корутундуларга формалдуу жана «жеңил» мамиле кылышат. Алар үчүн бул документтин негизги орду ал өкүм чыгаруу үчүн негиз болуп берсе эле болду, алар эксперттик корутундунун мазмунуна деле терең киришишпейт.

Соттордун мындай иштерди кароо мөөнөттөрү бир нече себептерден улам сакталбайт: бул чөйрөдөгү эксперттердин жетишсиздигинен улам, экспертизаларды жүргүзүүнүн узактыгы; соттордун бош эместиги жана алардын мындай категориядагы иштер боюнча билимдеринин жетишсиздиги; адвокаттардын бат-баттан алмашуусу, өзгөчө Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча, алар өз милдеттерине өзгөчө кызыгуусуз мамиле кылышат (өздөрүнүн кардарларына келишпейт, сот жыйындарын өткөрүп жиберишет); соттолуп жаткан адамдарда жеке адвокатты жалдоого мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу (Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча адвокатка макул болууга мажбур болушат).

Соттолгон адамдарды эркиндигинен ажыратуу жайларында кармоонун шарттары талаптарга жооп бербейт. Совет мезгилинде эле түзүлгөн инфраструктура жаңылануунуу талап кылат. Мындай категориядагы иштер боюнча соттолгон адамдар үчүн өзүнчө бөлмө же бош жай бөлүнүп берилет, бирок бул жетишсиз, кармоо шарттары начар жана оор бойдон калууда. Мындай мекемелердин иштөө усулдары катаал бойдон калууда жана учурдагы соттолгондорду ресоциализациялоого багытталган заманбап талаптарга жооп бербейт.

Кыйноолор боюнча даттануулар Акыйкатчыга келип түшпөйт, бирок акыркы жылдардагы байкоолор укук коргоо органдарынын кызматкерлери намаз окугандарга

(ИИМ, УКМК, ЖАМК) кыйноолорду көп колдонбой калышты, анткени укук коргоо органдарынын көбү дагы намаз окуп башташты жана бул кыйноолордун санынын азаюусуна таасирин тийгизди.

Башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенишүүдө, мисалы прокуратура органдары менен кызматташууда узак жазышуулардан турган дени сак эмес тажрыйба орун алган, себеби алар формалдуу жоопторду «башкаларга багыттоо» беришет. Акйыкатчы Аппаратынын кызматкерлерине арызданууучунун даттанган суроосун канааттандырган жооп алуу үчүн узак жазышууларды жана «кайра багытталган суроо талаптарды» кайталап жөнөтүүгө туура келип жатат. Мындай жоопту алууга Акыйкатчынын бир гана тажрыйбалуу кызматкерлери жетишүүлөрү мүмкүн.

Мындай иштер боюнча сот адилеттигин жакшыртуу үчүн сунуштама катары, Акыйкатчы аппаратынан кызматкерлери мындай иштер боюнча биринчи жолу жоопкерчиликке тартылып жаткандарга оңолуу үчүн мүмкүнчүлүк берип, гумандуу өкүмдөрдү чыгарууну сунушташты. Соттор иштерди кесипкөйлүк (формалдуу эмес) жана кеменгерлик (иштин жана укук ченемдеринин учурдагы жагдайларына билимдер аркылуу) менен, ошондой эле аң сезимдүү, акыйкат жүрүм-турум, укукту колдонуунун ар түрдүү жолдорун, эксперттик корутундуларды колдонуп чечүүгө аракет кылуулары зарыл. Муну менен катар эле, органдар менен эксперттерден көбүрөөк сапаттуу эксперттик корутунду берүүнү талап кылышса, ишти кароодо эксперттик корутундунун сапаты менен көз карандысыздыгынын деңгээлдерине сынчыл көз караш менен кароого жетишишсе. Ишти эр жүрөктүк менен жана укук коргоо органдарынын кысымдарына көз карандысыз түрдө карашса.

Ошондой эле, тергөөнүн сапатын жакшыртуу үчүн тергөөчүлөрдүн, алгачкы текшерүү органынын кызматкерлеринин санын көбөйтүү керек, себеби аларга жүктөлгөн иштер абдан көп (өзгөчө Бишкек жана Ош шаарларында (бир кызматкерге болжол менен 1500 иш, ошол эле учурда аймактарда 20-50 иш). Мындай кылмыштардын алдын алуу үчүн Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга мындай кылмыштардан өзүн оолак кармоо жөнүндө калктын маалыматтуулугун жогорулатууга багытталган кошумча милдеттерди жүктөөнү сунушташты.

Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери, мыйзамга согушчул аракеттер жүрүп жаткан зоналардан кайтып келген жарандарга жазаны жеңилдетүүнү караштырган өзгөртүү киргизүүнү сунушташты, себеби күйөөлөрү менен кеткен аялдар бар, ал эми согушчул аракеттер маалында алардын күйөөлөрү өлүп калгандан кийин, мындай аялдар сот жоопкерчилигине тартылуу жоопкерчилигинен коркуп, өлкөгө келе албай калуулары мүмкүн.

> *«Ирактагы кызын кайтарып келүү боюнча жардам сураган арызы менен кайрылган атанын бейнеси болгон, ал жерге кызы күйөөсү менен чогуу кеткен, бирок ал өлтүрүлгөн. Аял балдары менен Иракта жана келе албай жатат, себеби бизде согушчул аракеттер жүргөн зонадан келгендерге жоопкерчилик караштырылган. Болжол менен 20га чукул аял – КРнын жарандары Иракта жүрүшөт».*
>
> *Акыйкатчы аппаратынын кызматкери менен маектешүүдөн*

**Адвокаттар**

Бул изилдөөнүн алкагында маектешүүгө катышкан адвокаттар тергөө процессиндеги процесстик бузуулар - бул адаттагы эле көрүнүш жана бул укук коргоо органдарынын өздөрүн жазасыз сезгендиктери менен байланыштуу, ошондой эле соттор деле мындай мыйзам бузууларга бардык убакта эле көңүл бура беришпейт деген пикирлерин билдиришти.

Бул жылдын башынан баштап, тергөөчүлөрдө өздөрүнүн мыйзамсыз тергөө аракеттерин тергөө сотунда мыйзамдаштырган жаман тажрыйба башталды. Мындай учурда тергөөчүнүн аракетинин үстүнөн күчтүү адвокатсыз даттанууга мүмкүн эмес. Ал эми адвокат сотко келген учурда, далилдер мыйзамдаштырылып калган болот.

*«Интернет кылмыштарга даяр болуу керек. Бийлик интернет деген эмне экендигин түшүнбөйт. IP дарек деген эмне экендигин тергөөчүлөр, прокурорлор, соттор билишпейт. Даярдануу, окуп үйрөнүү зарыл, болбосо бизде абактар «лайк» баскандыгы үчүн толуп калышы мүмкүн.*

*Айып тагуу моюнга алган көрсөтмөлөрдүн жана экспертизанын негизинде куралган жаман тажрыйба пайда болду, ушул эле жетишүү болуп жатат, себеби курам кыскартылган.*

*Протокол — бул процедуралык документ, аны алып салышы, эми болсо далилдер дагы калбай калды, бул болсо адвокаттын иштөө процессин татаалдатууда».*

*Адвокат менен маектешүүдөн*

Аларга коргоо суранычы менен кайрылган адамдар кандай даттануулар менен кайрылышат деген суроого адвокаттар – кармоо жайларындагы начар шарттар боюнча кайрылышат деп жооп беришти.

Мындай категориялардагы иштер боюнча прокурорлордун тергөөнүн жүрүшүнө көзөмөлдү жүргүзүү боюнча өз иш-милдеттерин аткарууга карата болсо, адвокаттар тергөөчүлөр менен прокурорлор паракорчулук системасынын бир бөлүгү экендиктерин байкашкан, ал эми мамлекеттик айыптоочу катары – көпчүлүк учурда өздөрүн оолак кармашат жана жөн эле катышышат. Алар эрежеге ылайык, тергөөдөгү көйгөйлөрдү четтетпестен, тергөөчүлөр даярдап берген айыптоочу корутундуларды окуп коюшат.

Тергөөчүлөр иликтөөнүн мөөнөттөрүн сактаганга аракет кылышат, себеби тергөөнүн мөөнөтүн узартуу үчүн прокурорго кайрылууну эч ким каалабайт.

Шектүүлөрдүн, айыпкерлердин укуктарын тергөө стадиясында коргоо укугу адвокаттардын пикирлери боюнча, формалдуу түрдө ишке ашырылып жатат. Бул укукту ишке ашырууга адамдык фактор таасирин тийгизет – ар түрдүү адвокаттар жана тергөөчүлөр.

Соттук териштирүү стадиясы боюнча болсо, коргоого ээ болуу укугу толук кандуу ишке ашырылууда. Бирок, адвокаттардын тергөө изоляторлорунда, убактылуу кармоочу изоляторлордо жана түзөтүү колонияларында өздөрүнүн кардарлары менен сүйлөшүүлөрү үчүн шарттар нормалдуу талаптарга туура келбейт.

Адвокаттар Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугуна баа бере алышкан жок жана алардын аракеттерине карата кардарлардын даттануулары жөнүндө айта алышкан жок. Бул суроолорго алар мындай иштер ылдам иликтенгендиктен, алар кандайдыр бир өтүнмө кат өткөрүүгө үлгүрүшпөйт.

Адвокаттар МКЮЖ боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн эмгек акыны жогорулатууну жана өз убагында төлөп берүүнү сунушташты, ошондой эле мындай категориядагы иштер боюнча МКЮЖдун Адвокаттардын реестрине бир гана тажрыйбалуу жана стажга ээ адвокаттар кирүүсү зарыл деп эсептешет.

Адвокаттардын пикири боюнча, көп учурда шектүүлөр биринчи суракка алуу учурунда тергөөчүлөр тарабынан кыйноолор жасалгандыгын айтып даттанышат. Бул тууралуу

өтүнүч кат прокуратурага, КАУБга, Акыйкатчыга жөнөтүлөт. Адвокаттар шектүүлөргө катара кыйноолордун негизги себептери деп паракорчулукту жана кол менен санаган отчеттуулук системасын эсептешет. Иш жүзүндө кармоо учурунда кыйноолор орун алышы мүмкүн. Муну менен чогуу эле, кыйноолор жалгыз гана мындай категориядагы иштер менен эле байланыштуу эмес.

*«Процесстик мыйзам бузуулар көп. Кыйноолор боюнча иштерде алгачкы 9 саат эң көйгөйлүү учур. Стамбул протоколунун формасы толтурулбайт жана талаптарга жооп бербейт. Жөн гана «жаңы жаракаттар жок» деп жазып коёт».*

*Адвокат менен маектешүүдөн*

Шектүүлөрдүн, айыпкерлердин ичинен эч ким деле кыйноолорго даттанышпайт, себеби жыйынтык терс болорун билишет.

*«Адвокат баарын кошкондо бир пикирди карманган процесстин башка катышуучуларына карата өзү жалгыз каршы иштейт».*

*Адвокат менен маектешүүдөн*

Котормочуга карата укугу дээрлик бардык учурда сакталат жана өзгөчө орой деле укук бузуулар катталбайт. Зарылчылык жаралса, тергөөчүлөр жана соттор тарабынан котормочулар камсыз кылынат.

Адвокаттардын пикирлери боюнча, мындай категориялардагы соттук териштирүүлөрдө далилдерди баалоодо көйгөйлөр жаралат, соттор чогултулган далилдердин сапаттарын баалашпайт; бир жактуу сот тажрыйбасы жок; иштерди кароонун сапаты төмөндөйт, себеби сотторго тапшырылган иштер абдан көп.

Сот процессин жакшыртуу боюнча сунуштама катары адвокаттар белгилешти: өкүмдөрдү бир гана моюнга алган көрсөтмөлөр менен эксперттик корутундулардын негизинде чыгарбоо, тергөөчүлөрдөн сапаттуу далилдер топтомун талап кылуу; бир жактуу сот тажрыйбасын колдонуу.

Экспертизаны дайындоо тергөөдө жүргүзүлөт, сот экспертиза жүргүзүүнү дайындаган учурлар сейрек. Буга кошумча, экспертиза ар башка жерлерде жүргүзүлөт, эксперттер аз болгондуктан, колдору бошобогондуктан жана көрсөткөн кызматтары үчүн эмгек акысы аздыгына байланыштуу көпчүлүк учурда жыйынтык сапатсыз болуп калат.

Каалоо тилек катары адвокаттар, мындай иштерди иликтөө боюнча тергөөчүлөрдү окутуу жана адистештирүү киргизүү зарылдыгын айтышты, себеби кесипкөй тергөөчүлөр аз жана адистердин тез-тезден алмашуусунун көрсөткүчү жогору.

**Бейөкмөт уюмдары**

Сурамжылоого мындай иштердин категориялары боюнча укук коргоо ишмердүүлүгүн ишке ашырган бейөкмөт уюмдарынын (коммерциялык эмес уюмдардын) өкүлдөрү катышышты. Алар укук коргоо органдарында «экстремизм, терроризм, наркомания» бири-бирин коштогон кылмыштар катары караган тынчсыздандыруучу укук колдонуу тажрыйбасы байкалып жаткандыгын айтышты. Чогултулган «экстремисттик» материалдардын мазмунуна, бир курам экинчисинен айырмалана тургандыгына карашпайт.

Алардын пикири боюнча, тергөөнүн мөөнөттөрүнүн орунсуз созулуп кечиктирилүүлүсүнүн негизги себептери кол менен санап көзөмөлдөө, жумушка карата жазалоочулук мамиле жана паракорчулук болуп эсептелет.

*«Кылмыш иштеринин саны өсүүдө, кол менен санаган система проценттик көрсөткүчтөрдү колдоого мажбур кылууда. Козголгон кылмыш иштеринин 40% рапорттордун жана фейк аккаунттарынын негизинде куралган.*

*Тергөөчүнүн айлык маянасы 12000 сом, эгер күн сайын түшкү тамактанууга, жол киреге, чылымына, бирдигине короткон акчасын эсептегенде 500 сомдон кичине көбүрөөк керектелет, анда ал паракорчулук иштерден башка каяктан акча табуусу керек».*

*Укук коргоочулар менен мектешүүдөн*

Укук коргоочулар мындан сырткары, шектүүлөр, айыпкерлер көпчүлүк учурда кармоо шарттарын айтып даттанышаарын айтышты.

Мындай иштердин категориялары боюнча прокурорлордун тергөөнүн жүрүшүнө көзөмөл жүргүзүүдөгү өздүк иш-милдеттерин аткаруулары тууралуу укук коргоочулар адвокаттар билдирген ой-пикирлерди колдошот жана тергөөчүлөр менен прокурорлор паракорлошкон системанын бир бөлүгү деп эсептешет, ал эми мамлекеттик айып тагуучу катары – соттогу үндөбөгөн фигура. Алар эрежеге ылайык, тергөөдөгү көйгөйлөрдү четтетпей эле, тергөөчү даярдап берген айып тагуучу корутундуну жөн гана окуп коюшат.

Укук коргоочулар мындай иштердин спецификасы катары заманбап технологияларды жакшы билүү керек экендигин белгилешти. Тергөөчүлөр жакшы билишет жана өз пайдасы үчүн колдонушат. Ошондой эле алар соттор менен прокурорлордун бул көйгөйдүн тегерегиндеги сабатсыздыгынан, IP дарек деген эмне билбегендигинен пайдаланышат.

Мындай кылмыштарды жана соттук териштирүүлөрдү иликтөөнүн мөөнөттөрү бузулбайт, тескеринче аларды батыраак караганга аракет кылышат.

Укук коргоочулардын байкоолору боюнча укук коргоо органдарынын кызматкерлери процесстик ченемдерди сакташпайт, баары жетекчиликтин буйруктарын аткарууга жакын, ал тургай буйрук мыйзамга каршы келип турса дагы алар үчүн ушул маанилүүрөөк.

*«Азбы же көппү бузулуп жаткан укуктарды топко, кылмыштардын түрлөрүнө бөлүү таптакыр мүмкүн эмес, негизинен биринчи секунддардан баштап эле бардык укуктар бузулууда.*

*Кармаган учурдан баштап, «медициналык текшерүүгө карата» укугу бузулууда.*

*Мындай кылмыштардын түрү боюнча кармоолор көпчүлүк учурда мечитте жүргүзүлөт жана муну бир нерсе кылуу керек. Айылдарда толугу менен башаламандык жүрүүдө, шаарларда кандайдыр бир деңгээлде мыйзам сакталууда».*

*Укук коргоочулар менен мектешүүдөн*

Тергөө стадиясында шектүүлөрдү, айыпкерлерди коргоо укугу толугу менен ишке ашырылууда. Бирок аларды кармоо жайларындагы алар менен сүйлөшүү үчүн шарттар нормалдуу талаптарга жооп бербейт.

Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам түзүмү боюнча адвокаттардын сапаты төмөн, эгер тергөөчүлөр башка адвокатты чакырса деле, баары бир алар иштин мазмунуна үңүлүп киришишпейт жана кардардан сыйлык акы сурашат.

Ош шаардык прокуратурасында мына ушул МКЮЖ түзүмү боюнча адвокаттардын нөөмөттүк кезеги боюнча тизме илинип турат, бирок ал Минюсттун сайтында жок. Адвокаттар далилдерге адекваттуу түрдө таасир этүүсү үчүн далилдерге тиешелүү деңгээлде баа бере алышпайт.

Укук коргоочулар каалоо тилек катары, адвокаттардын квалификациясын жогорулатуунун жана аларды мындай иштер боюнча адистештирүүнүн зарылдыгын белгилешти.

Укук коргоочулардын пикирлери боюнча, шектүүлөрдүн 30% чукулу кыйноолорго кабылышат. Мындай көрүнүш соттордун шек саноосун пайда кылуусу зарыл, бирок иш жүзүндө соттордун реакциясы жок. Кыйноолор жөнүндө даттануулар, өтүнүч каттар, арыздар прокуратурага, КАУБ, КРнын Акыйкатчысына жиберилет. Шектүүлөргө карата кыйноолордун негизги себептери катары паракорчулукту, отчеттуулуктун кол менен санама системасын белгилешти.

> *«Кыйноолорду иликтөө боюнча ыйгарым укуктарды УКМКга беришти, бирок жаман болуп калды, эми болсо иштин материалдарына жеткиликтүүлүк таптакыр жок, анткени УКМК биринчи кезекте өзү кыйнайт».*
>
> *Укук коргоочулар менен мектешүүдөн*

Шектүүлөрдүн, айыпкерлердин ичинен дээрлик эч ким кыйноолорго даттанбайт, себеби жыйынтыгы терс болорун билишет. Кыйноолор жөнүндө арыздар боюнча прокурордук текшерүү жылдап жүрүүдө.

Котормочу алуу укугу негизинен дайыма эле сакталат. Жана ал тергөөчү жана сот тарабынан камсыз кылынат.

Мындай иштер боюнча соттук териштирүү стадиясындагы эң чоң көйгөй сот системасынын көз карандылыгы болуп саналат. Соттор өкүм чыгаргандан коркушат.

> *«Кайсы көз карандысыздык боюнча сөз жүрүшү мүмкүн, соттун көз карандуулугунун элементтери бетке эле көрүнүп турбайбы. Бири-бирине тойлорго барышат, бир үстөлдө олтурушат. Соттор, прокурорлор, милициялар кылмыштуу топтор менен аралашып кетип жатышат.*
>
> *Алар идеялуу элдешкис душмандар болуусу керек да негизи. Системага бир нерсе туура эмес болуп жатабы?»*
>
> *Укук коргоочулар менен мектешүүдөн*

Соттор шаблондук өкүмдөрдү чыгарып жатышат. Алар институционалдуу түрдө УКМКга көз каранды, себеби улуттук коопсуздук кызматы органдары паракорчулукка каршы аракеттерди көрүү көйгөйлөрү менен иш алып барышат.

Мындай категориядагы иштердин каралышын жакшыртуу боюнча сунуштамалар катары, укук коргоочулар кылмыш иштеринин материалдарына сапаттуу анализ жүргүзүүнү жана далилдерге баа берүүнү; чечим чыгарууда бир гана мыйзамдуу жол менен алынган далилдерге таянууну; калыстыкты жана объективдүүлүктү сактоону; бир жактуу сот тажрыйбасын ишке ашырууну белгилешти.

Бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия экспертизалардын корутундуларын кесипкөй эмес жана сапатсыз иш алып барышкандыктарын белгилешти. Бирок айып тагуулар аларга негизделип чыгарылган. Соттор экспертизаларды дайындашпайт, алар

тергөө берген экспертизаны эле жетиштүү деп кабыл алышат. Укук коргоочулар экспертизалардын мөөнөттөрүн создуктуруп, кечиктирүүнүн негизги себептери, бул чөйрөдөгү керектүү экспертти табуунун татаалдыгы; Бишкекке экспертизага жөнөтүүгө мажбур болуу; эксперттердин өз өмүрлөрүнөн корккондуктан баш тартуулары деп эсептешет.

Муну менен чогуу эле, укук коргоочулар экспертизанын жакшы даярдалган корутундусу ишке абдан күчтүү жардам берерин айтышты, себеби тергөөчүлөр айып тагууну 2 негизде ишке ашырышат: эксперттик корутунду жана моюнга алгандыгы тууралуу көрсөтмөлөр. Сунуштамалар катары белгиленди: эксперттердин объективдүү болуулары; экспертизалардын бардык түрлөрүнө эле макул боло бербөө, алар өздөрү ишенген/квалификациялары жете тургандарын гана жүргүзүү.

### Соттолгон адамдын ой-пикирлери

Бул изилдөөнүн алкагында бир соттолгон адам суроолорго жооп берди, биз анын пикирин дагы сунуштоону чечтик. Анын пикири боюнча, тергөөчү тарабынан коркутуулар болгон, кармоо учурунда дене-бойлук зомбулук, ал эми прокурор жана сот тарабынан соттук териштирүү процессинде сыйлоо менен мамиле жасалган. Аны КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-беренеси менен соттогонуна макул эмес, тагылган айыпты негизсиз деп эсептейт. Тергөө төрт ай жүргүзүлгөн, кармаган учурда ага туугандарына кармалгандыгы жөнүндө кабарлоо мүмкүнчүлүгүн беришкен эмес, ошондуктан туугандары анын кармалгандыгын 4 айдан кийин гана тааныштары аркылуу билишкен.

Ага адвокат берилген, ал тергөөчүнүн таанышы болгон, аны соттолгон адам бир гана тергөөнүн аягына чыгарылгандыгы жөнүндө документтерге кол коюу керек болгондо көргөн. Моюнга алуучу көрсөтмөлөрдү берүү максатында тергөө учурунда, өзгөчө кармаганда аны сабашкан. Ал эч жака кайрылган эмес, бул жөнүндө адвокатына айткан эмес, себеби аны кантип айтуу керек экендигин билген эмес.

> *«Адвокат документтерди алган, документтерге кол койгон жана кетип калган. Мени менен сүйлөшкөн эмес. РИИБдин жетекчиси менен кирди жана аны менен кетти. Адвокат өз ишин кылуусу керек да».*
>
> *Соттолуучу менен маектешүүдөн*

Соттолгон адам тергөөчүлөр ал тургай угууну дагы каалашпайт, прокурорлорго баары бир, алар бир гана айып тагууну окушат - баар бир гана соттоону каалашат. Даттануу жазган эмес, себеби баары бул үчүн акча талап кылышат, ошондой эле ишин акыйкат карай тургандыгына көзү жеткен эмес. Соттор кылдат кароолору керек, адамдан ал эмне үчүн муну кылып жатат, эмнеге кылып жатат өзүнчө суроолору зарыл, досторун, туугандарын, кошуналарын дагы суроолору керек деп эсептейт.

# 2-ТИРКЕМЕ. ЭКСТРЕМИЗМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИШТЕР БОЮНЧА БЕЙНЕЛИК ИЗИЛДӨӨ УСУЛУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**Бейнелик мамиле процессинин сыпаттамасы**

Бейнелик мамиле боюнча кылмыш ишин анализдөө үчүн төмөнкү критерийлер боюнча 2 бейне тандалып алынды:

- эки бейне тең КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси боюнча;
- 2018-жылдын ичинде бардык 3 инстанциядан өтүштү;
- бир кылмыш иши түштүктө, башкасы – түндүктө болгон;
- бир кылмыш иши айыптоочу өкүмү менен, башкасы – актоочу өкүм алган.

**Биринчи бейне**

*Соттолгон адам: Т.А., 1994-ж.т., КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси боюнча кылмыш иши, 3 сот инстанциясынан өттү.*

*2018-жылдын 26-мартында кылмыш жөнүндө билдирүү келип түшкөн, 26-мартта КИ козгошкон, сотко өндүрүш 28-апрелде келип түшкөн, өндүрүшкө 2-майда алынган жана 2018-жылдын 8-майына дайындалган. Соттолуучу, адвокат жана күбөлөргө байланыштуу 11-майга кайрадан жылдырылган. Тергөө 2 ай жүргүзүлгөн жана 1 сот жыйыны болгон (2 жума). Жыйынтыктоочу чечим 2018-жылдын 11-майында кабыл алынган.*

**Негизги мыйзам бузуулар:**

1. КИ мобилдик аппараттагы жазышуу материалдарын көчүрүп алуу актыларынын, диний экспертизанын корутундусунун жана соттолгон адамдын моюнга алуусунун негизинде куралган.
2. Кыска мөөнөттөр: тергөөдө иликтениши 1 ай жана соттук териштирүү 1 жыйын.

Маектешүү процессине катышуудан жазуу түрүндө баш тарткан Ош ш. №42 Түзөтүү колониясындагы соттолгон адамдан башка процесстин бардык катышуучулары (тергөөчү, прокурор, сот, адвокат) сурамжылоого катышышты.

**Экинчи бейне**

*Акталган адам: А.Н., 1986-ж.т., КРнын 299-2-беренеси боюнча кылмыш иши. 3 сот инстанциясынан өткөн.*

*2012-жылдын 12-сентябрында А.Н. күйөөсүнө кылмыш иши козголгон, себеби алардын үйүнө тинтүү жүргүзүлгөн жана А.Н. жазган дептерди табышкан. Жазуулар кол жазмасын аныктоо экспертизасына жиберилген.*

*2017-жылдын 6-июлунда А.Н. 299-2-берене боюнча кылмыш иши козголгон. Экспертиза бул жазуу хисбут-тахрирди пропагандалаган экстремисттик мүнөздөгү жазуу деген корутунду чыгарган. 2018-жылдын 10-августунда Талас шаардык соту тарабынан КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2-беренеси боюнча мөөнөтү эскиргендигине байланыштуу жазалоо дайындалбастан өкүм чыгарылган.*

*Экинчи инстанцияда апелляциялык тартипте өкүм даттанылган, ал жерде дагы кайрадан диний экспертиза дайындалган жана экспертизаны прокурордун өтүнмөсүнүн негизинде ДИМК жүргүзгөн. 5-октябрда Талас облустук соту өзүнүн демилгеси менен кошумча комиссиялык экспертиза дайындаган.*

*Соттолгон аял КРнын Жогорку сотуна комиссиялык экспертизага карата даттанган, ал жактан сот иши Талас облустук сотуна мазмуну боюнча кароо үчүн кайтарып берген.*

*2019-жылдын 6-майында Талас облустук соту Талас шаардык сотунун айыптоочу өкүмүн жокко чыгарган жана КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматтын кошумча экспертизасынын корутундусунун негизинде актоочу өкүм чыгарган.*

**Негизги мыйзам бузуулар:**

1. Тинтүү күбөлөрсүз жүргүзүлгөн.
2. Биринчи экспертизаны бул чөйрөдө адис эместер жүргүзүшкөн.
3. УКМК мөөнөтү эскирип кеткендигине байланыштуу баш тартканына карабай, Прокуратура кылмыш ишин мыйзамсыз козгогон.
4. Тергөөчүлөр кылмыштын курамы жок болгонуна байланыштуу кылмыш ишин токтотушкан эмес, себеби 2012-жылы экстремисттик материалдарды «сактагандыгы үчүн» кылмыш жоопкерчилиги жок болчу.

Адвокат жана акталган А.Н. сурамжылоого катышышкан, бул иш боюнча прокурор прокуратура системасында иштебейт, ал эми 1 жана 2-инстанциянын соттору маектешүү бергенден баш тартышты.

Жогоруда саналып өткөндөрдү эске алганда, эки бейне тең бүтпөгөн деп эсептелет, себеби изилдөөнүн Усулуна дал келбейт, усулга ылайык «бейне анализденген деп эсептелет, эгерде маектешүүнүн жүрүшүндө бардык үч инстанцияны кошкондогу сот процессинин катышуучуларынын 70 проценти маектешүүгө катышып, суроолорго жооп беришет, муну менен катар соттолгон адамдын маектешүүгө катышуусу милдеттүү деп эсептелет».